رئاسة الشؤون الدينية
بالمسجد الحرام والمسجد النبوي

кыргыз | قرغيزي | حِرَاسَةُ التَّوحِيدِ

Таухидди коргоо

Автор Урматтуу шейх
Абдулазиз бин Абдуллах бин Баз

حِرَاسَةُ التَّوحِيدِ

Таухидди коргоо

لِسَمَاحَةِ الشَّيْخِ العَلَّامَةِ
عَبْدِ العَزِيزِ بْنِ عَبْدِ اللهِ بْنِ بَازٍ
رَحِمَهُ اللهُ

Автор Урматтуу шейх
Абдулазиз бин Абдуллах бин Баз

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Таухидди коргоо

Биринчи китепче:

Туура акыйда жана ага каршы келген пикирлер

Бардык алкыш-мактоолор жалгыз Аллахка айтылсын. Өзүнөн кийин пайгамбар келбей турган акыркы пайгамбарга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Андан кийин айтарым: Туура акыйда Ислам дининин негизи жана пайдубалы болгондуктан, бул жөнүндө кенен сөз кылууну, аны баяндап, түшүндүрүп жазууну жана эмгектерди жаратууну зарыл көрдүм.

Шарияттын негизги далилдери, Куран жана сүннөттөн белгилүү болгондой, амалдар жана сөздөр туура акыйдага негизделсе гана туура эсептелип, кабыл

кылынат. Ал эми акыйда туура эмес болсо, андан келип чыккан амалдар да, сөздөр да жараксыз болот. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَمَن يَكۡفُرۡ بِٱلۡإِيمَٰنِ فَقَدۡ حَبِطَ عَمَلُهُۥ وَهُوَ فِي ٱلۡأٓخِرَةِ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ﴾

"Ал эми, ким ыйманга каапыр болсо, анын амалдары (ибадаттары) күйүп кетет жана Акыретте зыян тартуучулардан болот". (Маида, 5-аят).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَلَقَدۡ أُوحِيَ إِلَيۡكَ وَإِلَى ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِكَ لَئِنۡ أَشۡرَكۡتَ لَيَحۡبَطَنَّ عَمَلُكَ وَلَتَكُونَنَّ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ ٦٥﴾

"Сага жана сенден мурунку өткөндөргө: «Эгер ширк кылсаң амалың күйүп кетет жана зыян тартуучулардан болуп каласың!» – деп аян кабар кылынды". (Зумар, 65-аят).

Мындай маанидеги аяттар өтө эле көп. Аллах Тааланын ачык-айкын китеби жана Анын чынчыл пайгамбарынын (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтү туура акыйданын алты нерседен турарын далил келтирген. Алар: Аллах Таалага, Анын периштелерине, Анын китептерине, Анын элчилерине, акырет күнүнө жана тагдырдын жакшысы да, жаманы да Аллахтан экенине ыйман келтирүү. Мына ушул алты нерсе - Аллахтын үстөмдүк кылуучу китеби алып түшкөн туура акыйданын негиздери жана ушул акыйда менен Аллах элчиси Мухаммадды (ага Аллахтын салам-салаваттары болсун) жиберген.

Бул алты негизге Куранда жана ишенимдүү сүннөттө көптөгөн далилдер айтылган. Алардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

Биринчи: Куранда айтылган далилдер. Анын кээ бирлери – Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿لَّيْسَ ٱلْبِرَّ أَن تُوَلُّوا۟ وُجُوهَكُمْ قِبَلَ ٱلْمَشْرِقِ وَٱلْمَغْرِبِ وَلَٰكِنَّ ٱلْبِرَّ مَنْ ءَامَنَ بِٱللَّهِ وَٱلْيَوْمِ ٱلْءَاخِرِ وَٱلْمَلَٰٓئِكَةِ وَٱلْكِتَٰبِ

وَٱلنَّبِيِّـۧنَ...﴾

"Жакшылык - жүзүңөрдү Чыгыш жана Батышка бурушуңар эмес. Бирок, жакшылык – Аллахка, Акырет күнүнө, периштелерге, китепке, пайгамбарларга ишенүү..."

(Бакара, 177-аят).

Дагы Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿ءَامَنَ ٱلرَّسُولُ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡهِ مِن رَّبِّهِۦ وَٱلۡمُؤۡمِنُونَۚ كُلٌّ ءَامَنَ بِٱللَّهِ وَمَلَٰٓئِكَتِهِۦ وَكُتُبِهِۦ وَرُسُلِهِۦ لَا نُفَرِّقُ بَيۡنَ أَحَدٖ مِّن رُّسُلِهِۦ...﴾

"Элчи өзүнө Раббиси тарабынан түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирди жана ыймандуу адамдар дагы (ыйман келтиришти). Баары Аллахка, анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына ыйман келтирди (жана) "Биз Аллахтын пайгамбарларынын арасынан эч кимисин ажыратып (ишенбей) койбойбуз дешти...". (Бакара, 285-аят).

Дагы Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ ءَامِنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَٱلۡكِتَٰبِ ٱلَّذِي نَزَّلَ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ وَٱلۡكِتَٰبِ ٱلَّذِيٓ أَنزَلَ مِن قَبۡلُۚ وَمَن يَكۡفُرۡ بِٱللَّهِ وَمَلَٰٓئِكَتِهِۦ وَكُتُبِهِۦ وَرُسُلِهِۦ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ فَقَدۡ ضَلَّ ضَلَٰلَۢا بَعِيدًا ١٣٦﴾

«О, ыйман келтирген адамдар! Аллахка, Анын пайгамбарына, пайгамбарына түшүргөн Китепке андан мурун түшүргөн (бардык ыйык) китептерге ыйман келтиргиле. Кимде-ким Аллахка, анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына жана Акырет күнүнө ыйман келтирбесе, ал чындап катуу адашыптыр».

(Ниса, 136-аят).

Дагы Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿أَلَمۡ تَعۡلَمۡ أَنَّ ٱللَّهَ يَعۡلَمُ مَا فِي ٱلسَّمَآءِ وَٱلۡأَرۡضِۗ إِنَّ ذَٰلِكَ فِي كِتَٰبٍۚ إِنَّ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٞ ٧٠﴾

"(О Мухаммад!) Билбейсиңби, Аллах асмандагы жана жердеги (бардык) нерселерди билет. (Себеби) ал

нерселер Китепте (Лавхул-Махфузда) бар. Бул Аллахка жеңил". (Хаж, 70-аят).

Экинчи: Сүннөттө айтылган далилдер; алардын бири – Имам Муслим “Сахих” китебинде риваят кылган момундардын башчысы Умар бин Хаттаптын (ага Аллах ыраазы болсун) белгилүү хадиси. Анда Жебрейил периште пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйман жөнүндө сураганда, минтип жооп берген:

«الإِيمَانُ أَنْ تُؤْمِنَ بِاللَّهِ، وَمَلَائِكَتِهِ، وَكُتُبِهِ، وَرُسُلِهِ، وَاليَوْمِ الآخِرِ، وَتُؤْمِنَ بِالقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ».

«Ыйман - бул, сенин Аллахка, Анын периштелерине, Анын китептерине, Анын элчилерине, акырет күнүнө жана тагдырдын жакшы жана жаманына ишенүүң».[1] Хадис Аны Бухари менен Муслим Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) анча-мынча айырмачылыгы менен риваят кылышкан.

[1] Имам Муслим, 8.

Бул алты негизден мусулман адам этикад кылып, ыйман келтирүүсү ваажыб болгон Аллах Тааланын акысына тиешелүү, кайра тирилүүгө тиешелүү жана Аллах Таала менен Анын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабар берген башка кайып иштерге тиешелүү бардык нерселер бөлүнүп чыгат.

Бул алты негиздин кеңири баяндамасы төмөнкүдөй:

Биринчи негиз: Аллах Таалага ыйман келтирүү

Буга бир нече маселе кирет. Алар төмөнкүлөр: Анын жалгыз ибадат кылууга татыктуу чыныгы Кудай экенине ыйман келтирүү; анткени Ал пенделердин Жаратуучусу, аларга жакшылык кылуучу, ырыскыларын берүүчү, жашыруун сырларын да, ашкере иштерин да билүүчү, алардын арасынан баш ийгендерин сыйлоого, күнөөкөрлөрүн жазалоого күч-кудуреттүү.

Аллах Таала инсандарды жана жиндерди

ибадат кылуу үчүн жаратып, ушуга буйруган. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَا خَلَقْتُ ٱلْجِنَّ وَٱلْإِنسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ ﴿٥٦﴾ مَآ أُرِيدُ مِنْهُم مِّن رِّزْقٍ وَمَآ أُرِيدُ أَن يُطْعِمُونِ ﴿٥٧﴾ إِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلرَّزَّاقُ ذُو ٱلْقُوَّةِ ٱلْمَتِينُ﴿٥٨﴾﴾

"Мен жин жана инсанды Бир Өзүмө ибадат кылуу үчүн гана жараттым".

"Мен алардан ырыскы сурабаймын. Мени тамактандырууларын да сурабаймын".

"Чынында, Аллахтын Өзү бекем кубат Ээси болгон Ырыскы Берүүчү".

(Заарият, 56-58-аяттар).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱعْبُدُواْ رَبَّكُمُ ٱلَّذِى خَلَقَكُمْ وَٱلَّذِينَ مِن قَبْلِكُمْ لَعَلَّكُمْ تَتَّقُونَ ﴿٢١﴾ ٱلَّذِى جَعَلَ لَكُمُ ٱلْأَرْضَ فِرَٰشًا وَٱلسَّمَآءَ بِنَآءً وَأَنزَلَ مِنَ ٱلسَّمَآءِ مَآءً فَأَخْرَجَ بِهِۦ مِنَ ٱلثَّمَرَٰتِ رِزْقًا لَّكُمْ ۖ فَلَا تَجْعَلُواْ لِلَّهِ أَندَادًا وَأَنتُمْ تَعْلَمُونَ ﴿٢٢﴾﴾

"О адамдар! Силерди жана силерден

мурдагыларды жараткан Раббиңерге ибадат кылгыла, ошондо такыба болорсуңар".

"Ал силерге жерди төшөк кылып, асманды (үстүңөргө) куруп койду жана асмандан суу түшүрүп, силерге ырыскы кылып, суу менен мөмө-жемиштерди чыгарды. Эми, билип туруп Аллахка (башка нерселерди) теңдеш кылбагыла!" (Бакара сүрөсү, 21-22-аят).

Ушул акыйкатты баян кылуу, ага чакыруу жана ага каршы нерселерден тыйып, эскертүү үчүн Аллах Таала элчилерин жиберип, китептерин түшүрдү. Аллах Таала бул тууралуу минтип айткан:

﴿وَلَقَدۡ بَعَثۡنَا فِي كُلِّ أُمَّةٖ رَّسُولًا أَنِ ٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ وَٱجۡتَنِبُواْ ٱلطَّٰغُوتَ...﴾

"Биз ар бир элге «Аллахка гана ибадат кылгыла, (башка) “кудайлардан” алыс болгула (деп айта турган) пайгамбарларды жибергенбиз...". (Нахл, 36-аят).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَا مِن قَبۡلِكَ مِن رَّسُولٍ إِلَّا نُوحِيٓ إِلَيۡهِ أَنَّهُۥ لَآ إِلَٰهَ إِلَّآ أَنَا۠ فَٱعۡبُدُونِ ٢٥﴾

"(О Мухаммад!) Сенден мурун жиберген ар бир пайгамбарга Биз: «Менден башка (ибадатка ылайык) кудай жок. Өзүмө гана сыйынгыла деп аян-кабар кылганбыз". (Анбия, 25-аят).

Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿الر كِتَابٌ أُحْكِمَتْ آيَاتُهُ ثُمَّ فُصِّلَتْ مِنْ لَدُنْ حَكِيمٍ خَبِيرٍ ١
أَلَّا تَعْبُدُوا إِلَّا اللَّهَ إِنَّنِي لَكُمْ مِنْهُ نَذِيرٌ وَبَشِيرٌ ٢﴾

"Алиф, Лаам, Раа. Бул китептин аяттары (эч качан бузулбай турган кылып) бекемделди жана Даанышман, Кабардар (Аллах) тарабынан (эң жогорку деңгээлде) баян кылынды".

"(Мунун себеби) Аллахтан башка “кудайларга ибадат кылбашыңар үчүн. Чынында, мен силерге Аллах тарабынан (жиберилген) эстетүүчү жана куш кабар берүүчүмүн". (Худ, 1-2-

аяттар).

Бул ибадаттын акыйкаты: пенделердин ибадаттын бардык түрлөрүн – дуба, коркуу, үмүт кылуу, намаз, орозо, курмандык чалуу, назр жана башкаларды – Ага моюн сунуу, Анын сообуна кызыгуу, азабынан коркуу, Аны толук сүйүү жана улуктугуна таазим кылуу менен жалгыз Аллах Таалага арноосу.

Ким Ыйык Куранга ой жүгүртүп караса, анын басымдуу бөлүгү ушул улуу негиз жөнүндө түшүрүлгөнүн көрөт. Аллах Таала мындай деген:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ فَٱعۡبُدِ ٱللَّهَ مُخۡلِصٗا لَّهُ ٱلدِّينَ ۝٢ أَلَا لِلَّهِ ٱلدِّينُ ٱلۡخَالِصُۚ وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوۡلِيَآءَ مَا نَعۡبُدُهُمۡ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ ۝٣﴾

"(О Мухаммад!) Биз сага Китепти Акыйкат менен түшүрдүк. Эми жалгыз Аллахка гана чын ыкластан ибадат кыл!"

"Көңүл бургула! Калыс Дин Аллах үчүн! Андан башканы дос (кудай) кылып алгандар: «Биз аларга, бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз» (дешет). Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах (гана) өкүм кылат. Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!"

(Зумар, 2-3-аяттар).

Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعۡبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ...﴾

«Раббиң өкүм (буйрук) кылды: Өзүнөн башка (кудай) ларга ибадат кылбайсың...» (Исра сүрөсү, 23-ая).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿فَٱدۡعُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡكَٰفِرُونَ ١٤﴾

"Эми, силер эгер каапырлар жаман көрсө да, (бардык) дин-ибадатты Аллахка калыс багыттаган абалда гана дуба (ибадат) кылгыла!". (Гаафир, 14-ая).

Ошондой эле, Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө ой жүгүрткөн адам бул улуу негизге терең көңүл бурулганын көрөт. Мисалы: эки ишенимдүү хадистер топтомунда Муаз (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«حَقُّ اللهِ عَلَى العِبَادِ أَن يَعْبُدُوهُ وَلَا يُشْرِكُوا بِهِ شَيْئًا».

"Пенделердин мойнундагы Аллахтын акысы - Ага эч нерсени шерик кылбай ибадат кылуулары!".[1]

Аллахка ыйман келтирүүгө Аллах Таала пенделерине парз кылган Исламдын беш түркүгүнө ишенүү да кирет.

Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, Мухаммад Анын элчиси деп күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, Рамазан айында орозо кармоо, кудурети жеткен адам үчүн Аллахтын Ыйык Үйүнө ажылык кылуу жана мындан башка

[1] Имам Бухари, 2856. Имам Муслим, 30.

шариятта айтылган башка парздар.

Бул түркүктөрдүн эң маанилүүсү жана эң улуусу: "Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, Мухаммад – Аллахтын элчиси" деп күбөлүк берүү. Бул күбөлүк ибадатты жалгыз Аллахтын Өзүнө ыклас менен аткарууну жана Андан башкага ибадат кылууну жокко чыгарууну талап кылат. Бул "Лаа илааха иллаллах" келимесинин мааниси. Анын мааниси – аалымдар (Аллах аларга ырайым кылсын) айткандай: "Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок". Ушуга ылайык, Аллахтан башка ибадат аткарылып жаткан нерселердин баары – мейли ал адам, мейли периште, мейли жин же башка нерсе болсун – жалган, ибадатка татыксыз нерселер. Ал эми акыйкат ибадатка татыктуу – бул теңдеш шериги жок, жалгыз Аллах Өзү. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿ذَٰلِكَ بِأَنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡحَقُّ وَأَنَّ مَا يَدۡعُونَ مِن دُونِهِۦ هُوَ ٱلۡبَٰطِلُ...﴾

"Анткени, Аллах – Акыйкат. Андан

башка (мушриктер) дуба кылып жаткан «кудайлар» - жалган...". (Хаж, 62-аят).

Жогоруда Аллах Таала инсандарды жана жиндерди ушул негиз үчүн жаратып, ага буйруганын, элчилерин ушул үчүн жиберип, китебин ушул үчүн түшүргөнүн айтканбыз. Пенде буга жакшы ой жүгүртүп, көбүрөөк акыл калчашы керек. Ошондо ага көп мусулмандар ушул негизде билимсиз болгондуктан, Аллах менен бирге башка нерселерге да ибадат кылышканы, Ага гана тиешелүү болгону акыны башка нерселерге арнап жатышканы ачык болот. Аллах Өзү жардамчы болсун.

Төмөнкүлөр да Аллахка ыйман келтирүү болуп саналган иштерден: Аллах ааламдардын Жаратуучусу, алардын башкаруучусу, илими жана кудурети менен аларга Өзү каалагандай буйрук кылып туруучу экенине ишенүү. Ал дүйнө жана акыреттин Падышасы, бардык ааламдардын Раббиси, Андан башка жаратуучу да жок, Рабби да жок. Ал пенделерди оңдоо үчүн, аларды дүйнө жана

акыретте ийгилиги жана оңолуусу бар нерсеге чакыруу үчүн элчилерин жиберип, китептерин түшүргөн. Бул айтылгандарда Анын эч кандай шериги жок, кемчиликтен таза. Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱللَّهُ خَٰلِقُ كُلِّ شَيۡءٖۖ وَهُوَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ وَكِيلٞ ٦٢﴾

"Аллах – бардык нерселердин Жаратуучусу! Ал – бардык нерсенин Коргоочу-Сактоочусу!" (Зумар, 62-аят).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿إِنَّ رَبَّكُمُ ٱللَّهُ ٱلَّذِي خَلَقَ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَ فِي سِتَّةِ أَيَّامٖ ثُمَّ ٱسۡتَوَىٰ عَلَى ٱلۡعَرۡشِۖ يُغۡشِي ٱلَّيۡلَ ٱلنَّهَارَ يَطۡلُبُهُۥ حَثِيثٗا وَٱلشَّمۡسَ وَٱلۡقَمَرَ وَٱلنُّجُومَ مُسَخَّرَٰتِۭ بِأَمۡرِهِۦٓۗ أَلَا لَهُ ٱلۡخَلۡقُ وَٱلۡأَمۡرُۗ تَبَارَكَ ٱللَّهُ رَبُّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ٥٤﴾

"Силердин Раббиңер – Аллах. Ал асмандар менен Жерди алты күндө жаратты. Кийин Арштан бийик болду. Ал түндү күндүзгө оройт жана ал (караңгылык) аны (күндүздү) кууп жүрөт. Күн, Ай жана (башка) жылдыздар Анын буйругуна моюн сундурулган. Уккула:

жаратуу жана буюруу Өзүнө гана таандык! Ааламдардын Раббиси – Аллах Улук, Бийик!" (Ааараф, 54-аят).

Ошондой эле Аллах Таалага ыйман келтирүү болуп саналат: Анын Ыйык Китебинде жана ишенимдүү Пайгамбарынын хадистеринде бекемделген көркөм ысымдарына жана улуу сыпаттарына бурмалабастан, маанилерин жокко чыгарбастан, элестетпестен жана окшотпостон ишенүү,

﴿...لَيۡسَ كَمِثۡلِهِۦ شَيۡءٞۖ وَهُوَ ٱلسَّمِيعُ ٱلۡبَصِيرُ﴾

"... Ага окшош эч нерсе жок. Ал – Угуучу, Көрүүчү!" (Шуура, 11-аят).

Ысым-сыпаттар кандай айтылса ошондой, келбет бербестен, Аллахтын сыпаттары улуу маанилерди билдирип тургандай ыйман келтирүү менен өтүү важыб. Аны Өзүнө ылайык сыпаттар менен, сыпатында эч бир жаратылгандарга окшотпостон сыпаттоо важыб. Аллах Таала минтип айткан: Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿فَلَا تَضۡرِبُواْ لِلَّهِ ٱلۡأَمۡثَالَۚ إِنَّ ٱللَّهَ يَعۡلَمُ وَأَنتُمۡ لَا تَعۡلَمُونَ٧٤﴾

"Аллахка эч нерсени окшотпогула! Албетте, Аллах билет, силер билбейсиңер!" (Нахл, 74-аят).

Мына ушул – пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларынын жана алардын жолун жакшылык менен ээрчигендердин, Аллахтын ысым-сыпаттары тууралуу ахлу сунна вал жамааттын акыйдасы. Бул акыйданы Имам Абу Хасан ал-Ашари "Ал-Макалаат" китебинде ахлу сунна жана хадис аалымдарынан риваят кылган, ошондой эле башка илим жана ыйман ээлери да ушун айтышкан.

Аль-Авзаии, Аллах аны ырайымына алсын, мындай деди: "Зухрий менен Макхулдан сыпат аяттары жөнүндө суралганда, алар экөө тең: "Кандай айтылса, ошондой ишенгиле" - деп жооп

беришкен[1].

Аль-Авзаии (Аллах ырайым кылсын) дагы мындай деген: "Биз таабийиндер көп кезде Аллах Таала Аршында деп айтчубуз жана сүннөттө айтылган сыпаттарга ишенчүбүз"[2].

Аль-Валид бин Муслим (Аллах ырайым кылсын) минтип айткан: Мааликтен, ал-Авзаийден, Лайс бин Саъддан жана Суфян ас-Савриден (аларга Аллах ырайым кылсын) сыпат тууралуу келген кабарлар жөнүндө суралганда, алардын баары: "Кандай экенин элестетпестен, кандай

---

[1] Лалкаи, Шарх Усул ал-Иътикад, 735. Ибн Абдул-Барр, Жаамиъ ал-Илм ва Фадлихи, 1801. Бирок анда “сыпат аяттары” дегендин ордуна “хадистер” деп келет жана тексти төмөнкүдөй: "Бул хадистерди кандай келсе, ошондой риваят кылгыла жана ал тууралуу талашып-тартышпагыла".

[2] (Аль-Байхаки; «Аль-Асмаа вас-Сыфат», 865. Ибн Таймия; «Аль-Хамавия китебинин 269-бетинде санадын сахих деген». Аз-Захаби; «Аль-Ард», 2/223 риваят кылуучулардын баары ишенимдүү имамдар деген).

айтылса ошондой кабыл алгыла" - дешти.[1]

Имам Маликтин устазы, Рабиа бин Абу Абдурахман (ал экөөнө Аллах ырайым кылсын) истива жөнүндө суралганда, ал минтип жооп берген: "Истива(нын мааниси) белгисиз эмес. Анын кандайлыгы белгисиз. Дин кабары Аллахтан, аны анык жеткирүү элчинин моюнунда, а бизге болсо ишенип тастыктоо гана милдет".[2] Имам Маликтен (ага Аллах ырайым кылсын) ушул тууралуу суралганда ал минтип жооп берген: "Истива белгилүү, кандай экени белгисиз, ага ишенүү ваажыб, ал жөнүндө суроо бидат". Анан сураган адамга: "Сенин жакшы эмес адам экениңди көрүп турам" - деп, аны чыгарып жиберүүгө буйруган[3]. Ушул сыяктуу маани момундардын энеси

---

[1] Ал-Лалакаи, Шарх Усул ал-Иътикад, 930; Байхаки, Ал-Асмаа вас-Сифат, 955.

[2] Ал-Лалакаи, Шарх Усул ал-Иътикад, 665; Байхаки, Ал-Асмаа вас-Сифат, 868.

[3] Ал-Лалакаи, Шарх Усул ал-Иътикад, 664; Абу Нуайм, Хилятул-Авлия, 6/325; Аль-Байхаки, Ал-Асмаа вас-Сифат, 867.

Умму Саламадан (ага Аллах ыраазы болсун) да айтылган[1].

Имам Абу Абдуррахман бин Мубарак (ага Аллах ырайым кылсын) минтип айткан: "Раббибиз асмандарынын үстүндө Арштан жогору, жараткандарынан ажыраган абалда экенин билебиз"[2].

Аалымдардын бул жаатта айткан сөздөрү өтө көп. Анын баарын бул лекцияда айтып өтүү мүмкүн эмес. Ким көбүрөөк маалымат алгысы келсе, ахлу сунна аалымдарынын жазган китептерине кайрылсын. Мисалы, Абдулла бин Имам Ахмаддын "Сунна" китебине, улуу имам Мухаммад бин Хузайманын "Тавхид" китебине, Абу Касым ал-Лаалкаий ат-Табаринин "Сунна" китебине, Абу Бакр бин Абу Аасимдин "Сунна" китебине кайрылса болот. Ошондой эле шейхул Ислам Ибн Таямиянын Хама элине берген жоопторуна

---

[1] Аль-Музакки, Аль-Музаккият, 29; Ибн Батта, Аль-Ибаана, 120; Аль-Лалакаи, «Шарх Усул аль-Иътикад», 663.

[2] Даримий, 67. Байхаки, 903.

кайрылса болот. Ал жооптордо шейх ахлу суннанын акыйдасын ачыктап, алардын көптөгөн сөздөрүн келтирген. Ахлу суннанын айтканынын тууралыгына жана алар менен талашкандардын сөзүнүн ката, жараксыз экенине көптөгөн шарий жана акылий далилдерди келтирген өтө пайдалуу китеп.

Ошондой эле анын "Тадмурия" деп аталган китебинде бул теманы кеңири чечмелеген жана ахлу суннанын акыйдасын вахий жана акыл далилдери менен баяндаган. Ошондой эле карама-каршы сүйлөөчүлөргө акыйкатты көрсөткөн. Жакшылыкты көздөгөн жана чындыкты билүүнү каалаган илимдүүлөр үчүн бул ачык байкалат. Кыскасын айтканда: Ахлу Сунна вал жамааттын ысым-сыпаттар маселесиндеги ишеними – алар Аллах Таала Өзүнүн китебинде Өзүнө, же Анын элчиси Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өз сүннөтүндө Ага таандык кылган ысым-сыпаттарды жаратылгандарга окшоштурбастан

бекемдешет. Алар Аллах Тааланы маанилерин жокко чыгаруудан таза аруулап, жаратылгандарга окшотуудан таза тутушат. Ошентип, алар карама-каршылыктан саламат болушкан. Алар Аллахтын ийгилиги менен бардык далилдерге таянып амал кылышты. Анткени Ал элчилерин жиберген акыйкатты карманган, ал үчүн аракетин жумшаган жана аны Аллахтан ыклас менен сураган адамды акыйкатка багыттап, анын далилин ачык кылып берүү – Аллахтын сүннөтүнөн. Аллах Таала минтип айткан:

﴿بَلۡ نَقۡذِفُ بِٱلۡحَقِّ عَلَى ٱلۡبَٰطِلِ فَيَدۡمَغُهُۥ فَإِذَا هُوَ زَاهِقٞ...﴾

"Биз Акыйкатты (Куранды) жалгандын үстүнө таштайбыз жана ал аны эзип, жанчып салат! Анан жалган жок болот". (Анбия, 18-аят)

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَلَا يَأۡتُونَكَ بِمَثَلٍ إِلَّا جِئۡنَٰكَ بِٱلۡحَقِّ وَأَحۡسَنَ تَفۡسِيرًا ٣٣﴾

"Алар (мушриктер өз пикирин тастыктоо үчүн кайдагы бир)

мисалдарды сага келтирчү болсо, Биз сага Акыйкатты (Куранды) жана (анын аяттары үчүн) эң жакшы түшүндүрмөлөрдү келтиребиз".

(Фуркан, 33-аят).

Ал эми ысым-сыпат маселесиндеги этикадда ахлу суннага каршы сүйлөгөндөр, сыпаттардан бекемдегенинде да, четке какканында да вахий жана акыл далилдерине карама-каршылыкка сөзсүз дуушар болушат. Ал-Хаафиз бин Касир (ага Аллах ырайым кылсын) өзүнүн белгилүү тафсир китебинде Аллах Тааланын төмөнкү аятынын тафсиринде, бул темада жакшы айтып кеткен:

﴿إِنَّ رَبَّكُمُ ٱللَّهُ ٱلَّذِى خَلَقَ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضَ فِى سِتَّةِ أَيَّامٍ ثُمَّ ٱسْتَوَىٰ عَلَى ٱلْعَرْشِ...﴾

"Чынында, силердин Раббиңер Жер менен асмандарды алты күндө жаратып, андан кийин (жер-асмандардан да кең болгон) Арштан бийик болду..." (Ааараф, 54-аят).

Анын пайдасы чоң болгону үчүн, бул жерде айтып коюу жакшы. Ал (ага Аллах ырайым кылсын) мындай деген:

"Бул тууралуу аябай көп сөздөр айтылган, бул жерде анын баарын айтууга мүмкүн эмес. Биз бул жерде жалаң гана абалкы өткөндөрдүн жолун жолдойбуз: Малик, ал-Авзаий, Ас-Саврий, Лайс бин Саад, Шаафи, Ахмад бин Ханбал, Исхак бин Рахавай ж.б. мурдагы жана азыркы аалымдар Аллахтын сыпаттары кандай айтылса, элестетпестен, окшотпостон жана жокко чыгарбастан ишенебиз дешкен. Окшоштуруучулардын зээнине келип жаткан сырткы мааниси Аллахтан кайтарылган. Анткени Аллах жаратылгандарга окшобойт.

﴿...لَيۡسَ كَمِثۡلِهِۦ شَيۡءٞۖ وَهُوَ ٱلسَّمِيعُ ٱلۡبَصِيرُ﴾

"... ага (Аллахка) эч нерсе окшобойт. Ал – Угуучу, Көрүүчү!" (Шуура, 11-аят). Тескерисинче, абал имамдар айткандай. Алардын бири, Имам Бухаринин устазы Наим бин Хаммад ал-Хузаий минтип

айткан: «Ким Аллахты жаратылгандарга окшотсо, каапыр болот. Ким Аллах Өзүнө таандык кылган сыпатты четке какса, ал да каапыр болот»[1], Аллах жана Анын элчиси Аллахты сыпаттаган сыпаттарда окшоштук жок. Ким ачык айкын аяттарда айтылган жана ишенимдүү хадистерде айтылган Аллахка таандык сыпаттардын баарын Аллахтын Өзүнө ылайык таандык кылып бекемдесе жана Аллахтан кемчиликтүү сыпаттарды кайтарса, мына ошол туура жолдо жүргөн болот[2]. Ибн Касирдин (Аллах аны ырайымына алсын) сөзү аяктады.

Ошондой эле Аллахка ыйман келтирүүгө төмөнкүлөр да кирет: ыйман - сөз жана амалдан турат. Ыйман таат-ибадат менен көбөйүп, күнөө кылуу менен азаят деген ишеним. Андыктан мусулмандардан кимдир бирөөнү ширк же каапырлыктан

---

[1] (Аз-Захаби, «Ал-Улув», 464; Албани «Мухтасар ал-Улув» (184) китебинде чынжыр тизмеги ишенимдүү жана белгилүү деген).

[2] Тафсир ибн Касир, 3\426, 427.

башка зына, уурулук, сүткордук, арак ичүү, ата-энени нааразы кылуу сыяктуу чоң күнөөлөрү үчүн, эгер ал бул күнөөлөрдү адал деп эсептебесе, каапырга чыгарууга болбойт. Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَغۡفِرُ أَن يُشۡرَكَ بِهِۦ وَيَغۡفِرُ مَا دُونَ ذَٰلِكَ لِمَن يَشَآءُ...﴾

"Чынында, Аллах Өзүнө бир нерсени шерик кылышканын кечирбейт. Мындан башка күнөөлөрдү каалаган пендесинен кечирет...". (Ниса, 48-аят). Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан мутаватир хадистерде мындай деп айтылган:

«إِنَّ اللهَ يُخْرِجُ مِنَ النَّارِ مَنْ كَانَ فِي قَلْبِهِ مِثْقَالُ حَبَّةٍ مِنْ خَرْدَلٍ مِنْ إِيْمَانٍ».

"Чынында Аллах Таала, кимдин жүрөгүндө сары кычынын данындай ыйманы болсо, аны тозоктон чыгарат".[1]

[1] Имам Бухари, 22. Абу Саид ал-Худриден (Аллах ага ыраазы болсун).

Экинчи негиз: периштелерге ыйман келтирүү.

Бул өз ичине эки нерсени камтыйт: Биринчиси: Периштелерге жалпылай ыйман келтирүү; бул – Аллах Тааланын периштелери бар экенине, аларды таат-ибадат үчүн жаратканына ишенүү. Аларды минтип сыпаттаган:

﴿وَقَالُواْ ٱتَّخَذَ ٱلرَّحۡمَٰنُ وَلَدٗاۗ سُبۡحَٰنَهُۥۚ بَلۡ عِبَادٞ مُّكۡرَمُونَ ٢٦ لَا يَسۡبِقُونَهُۥ بِٱلۡقَوۡلِ وَهُم بِأَمۡرِهِۦ يَعۡمَلُونَ ٢٧ يَعۡلَمُ مَا بَيۡنَ أَيۡدِيهِمۡ وَمَا خَلۡفَهُمۡ وَلَا يَشۡفَعُونَ إِلَّا لِمَنِ ٱرۡتَضَىٰ وَهُم مِّنۡ خَشۡيَتِهِۦ مُشۡفِقُونَ ٢٨﴾

"(Мушриктер): «Чексиз Ырайымдуунун баласы бар» дешти. Аллах бала күтүүдөн Аруу -Таза. Андай эмес, алар (периштелер) урматтуу пенделер".

"Алар Андан (Аллахтан) озунуп сүйлөшпөйт. Алар анын буйругун гана аткарышат".

"(Аллах) Алардын келечектерин да,

өтмүштөрүн да билет. Алар (Аллахтын алдында) Ал каалагандар үчүн гана колдоочу боло алышат. Алар Аллахтан коркуп, ырайымына жалдырап турушат". (Анбия, 26-28-аяттар).

Периштелердин түрлөрү көп, Аршты көтөрүп турууга буйрулгандары бар, бейиш менен тозокту көзөмөлдөгөндөрү бар, пенделердин иш-амалдарын жазып, сактап тургандары бар. Экинчиси: периштелерге кеңири түрдө ыйман келтирүү; бул – Аллах жана Анын элчиси атаган периштелерге ыйман келтирүү: вахийге милдеттендирилген Жебирейил, жамгырга милдеттендирилген Микайил, тозоктун сакчысы Малик жана сурду тартууга милдеттендирилген Исрафил. Алар тууралуу ишенимдүү хадистерде да айтылган, алардын бири Айша (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган ишенимдүү хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жан мактоосу болсун) минтип айткан:

«خُلِقَتِ الـمَلَائِكَةُ مِن نُورٍ، وَخُلِقَ الجَانُّ مِنْ مَارِجٍ مِنْ نَارٍ،

وَخُلِقَ آدَمُ مِمَّا وُصِفَ لَكُم».

"Периштелер нурдан жаратылган, жиндер оттун жалынынан жаратылган, Адам болсо силерге сыпатталып айтылган нерседен (ылайдан) жаратылган".[1] Имам Муслим "Сахих" китебинде риваят кылган.

Үчүнчү негиз: Китептерге ыйман келтирүү. Бул да эки нерсени өз ичине камтыйт:

Биринчиси: Аллах Таала Өзүнүн акысын билдирүү жана ага чакыруу үчүн элчи-пайгамбарларына китептерди түшүргөнүнө жалпылай ыйман келтирүү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿لَقَدۡ أَرۡسَلۡنَا رُسُلَنَا بِٱلۡبَيِّنَٰتِ وَأَنزَلۡنَا مَعَهُمُ ٱلۡكِتَٰبَ وَٱلۡمِيزَانَ لِيَقُومَ ٱلنَّاسُ بِٱلۡقِسۡطِ...﴾

"Биз пайгамбарларыбызды анык далилдер менен жиберип, аларга Китепти жана адилдикти түшүрдүк,

[1] (Муслим, 2996. Айша (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган).

адамдар теңдик менен (жашап) туруулары үчүн...". (Хадид, 25-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿كَانَ ٱلنَّاسُ أُمَّةً وَٰحِدَةً فَبَعَثَ ٱللَّهُ ٱلنَّبِيِّـۧنَ مُبَشِّرِينَ وَمُنذِرِينَ وَأَنزَلَ مَعَهُمُ ٱلْكِتَٰبَ بِٱلْحَقِّ لِيَحْكُمَ بَيْنَ ٱلنَّاسِ فِيمَا ٱخْتَلَفُوا۟ فِيهِ...﴾

"Адамдар (мурда) бир (динди гана кармаган) үммөт болгон. Анан Аллах, (бейиштен) сүйүнүчтүү кабар берүүчү жана (тозоктон) эскертүүчү пайгамбарларды жиберип, адамдар арасындагы талашкан нерседе (динде) өкүм кылуу үчүн аларга (Аллахка гана сыйынуу жөнүндөгү) чындыкты камтыган китепти түшүрдү...".

(Бакара, 213-аят).

Экинчиси: Китептерге толук ыйман келтирүү; бул – Аллах Таала атаган китептерге: Тоорат, Инжил, Забур жана Куранга ишенүү. Куран алардын эң абзели, акыркысы, үстөмдүк кылуучусу жана тастыктоочусу. Ал бардык үммөт

Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү сүннөтү менен бирге ээрчий турган жана өкүмүнө баш ийе турган китеп. Анткени Аллах Таала пайгамбарыбыз Мухаммадды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарга жана жиндерге пайгамбар кылып жиберген. Ага алардын арасында өкүм кылуусу үчүн Куранды түшүргөн. Аны жүрөктөргө шыпаа, бардык нерсенин баяны, туура жол көрсөтүүчү жана ыймандууларга ырайым кылган. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَهَٰذَا كِتَٰبٌ أَنزَلْنَٰهُ مُبَارَكٌ فَٱتَّبِعُوهُ وَٱتَّقُواْ لَعَلَّكُمْ تُرْحَمُونَ ١٥٥﴾

"Биз сага бул Китепти (Куранды) куттуу кылып түшүрдүк. Ушуга ээрчигиле жана (Аллахтан) корккула! Ырайымына арзып калсаңар, ажеп эмес!" (Анаам, 155-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿...وَنَزَّلْنَا عَلَيْكَ ٱلْكِتَٰبَ تِبْيَٰنًا لِّكُلِّ شَىْءٍ وَهُدًى وَرَحْمَةً

﴿وَبُشۡرَىٰ لِلۡمُسۡلِمِينَ﴾

"Биз сага Китепти (Куранды) ар бир нерсеге баяндама, туура жол, ырайым жана мусулмандар үчүн жакшы кабар иретинде түшүрдүк". (Нахл, 89-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنِّي رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيۡكُمۡ جَمِيعًا ٱلَّذِي لَهُۥ مُلۡكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۖ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ يُحۡيِۦ وَيُمِيتُۖ فَـَٔامِنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِ ٱلنَّبِيِّ ٱلۡأُمِّيِّ ٱلَّذِي يُؤۡمِنُ بِٱللَّهِ وَكَلِمَٰتِهِۦ وَٱتَّبِعُوهُ لَعَلَّكُمۡ تَهۡتَدُونَ ١٥٨﴾

"Айт: “О адамдар! Мен силердин баарыңарга жиберилген Аллахтын элчиси боломун! (Аллах) ушундай: Асмандар жана жер мүлкү Аныкы. Андан башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал өлтүрөт жана тирилтет. Эми, Аллахка жана Анын эч кимден сабак албаган, элчи пайгамбарына ыйман келтиргиле! Ал пайгамбар (дагы) Аллахка, Анын сөздөрүнө ыйман келтирет. Туура жолго

түшүүгө үмүтүңөр болсо, ошону гана эрчигиле". (Ааараф, 158-аят). Бул маанидеги аяттар өтө көп.

Төртүнчү негиз: Элчилерге ыйман келтирүү.

Бул дагы эки ишти өзүнө камтыйт: Биринчи: Элчилерге жалпылай ыйман келтирүү. Бул – Аллах Таала пенделерине өздөрүнөн болгон элчилерди жибергенине ишенүү. Алар бейишти сүйүнчүлөп, тозокту эскертип, акыйкатка чакырышат. Ким алардын чакырыгын кабыл кылса, бакытка жетет. Ким алардын чакырыгын кабыл кылбаса, өкүнүч менен уттурат. Пайгамбарлардын акыркысы жана эң абзели биздин пайгамбарыбыз Абдуллахтын уулу Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун). Аллах Таала бул тууралуу минтип айткан:

﴿وَلَقَدۡ بَعَثۡنَا فِي كُلِّ أُمَّةٖ رَّسُولًا أَنِ ٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ وَٱجۡتَنِبُواْ ٱلطَّٰغُوتَ...﴾

"Биз ар бир элге «Аллахка гана

ибадат кылгыла, (башка) “кудайлардан” алыс болгула (деп айта турган) пайгамбарларды жибергенбиз...". (Нахл, 36-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿رُّسُلًا مُّبَشِّرِينَ وَمُنذِرِينَ لِئَلَّا يَكُونَ لِلنَّاسِ عَلَى ٱللَّهِ حُجَّةُۢ بَعۡدَ ٱلرُّسُلِ...﴾

«(Кыяматта) адамдардын колунда Аллахка каршы далил болуп калбаш үчүн (Биз) (ыйман келтиргендерге) бейиштен сүйүнчү кабар берүүчү жана (каапыр болгондорду) тозок менен коркутуучу пайгамбарларды (бардык элдерге жибергенбиз)...». (Ниса, 165). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَآ أَحَدٖ مِّن رِّجَالِكُمۡ وَلَٰكِن رَّسُولَ ٱللَّهِ وَخَاتَمَ ٱلنَّبِيِّـۧنَ...﴾

"(О ыймандуулар!) Мухаммад силердин араңардагы эч бир эркектин атасы эмес. Ал болгону Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы..." (Ахзаб сүрөсү, 40-аят).

Экинчи: Пайгамбарларга жекече ыйман келтирүү. Бул – Аллах Таала Өзү атаган, же Анын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) атаган пайгамбарларга жеке, ысымдары менен ыйман келтирүү. Мисалы, Нух, Худ, Салих, Ибрахим жана башкалар сыяктуу. Аларга, алардын үй-бүлөсүнө жана ээрчүүчүлөрүнө Аллахтын саламы жана салаваты болсун.

Бешинчи негиз: Акырет күнүнө ыйман келтирүү

Бул өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

Аллах жана Анын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлаган, өлүмдөн кийин боло турган бардык нерселерге ыйман келтирүү; мисалы: кабыр сыноосу, кабырдын азабы жана ырахаты, Кыямат күнү боло турган коркунучтуу жана оор абалдар, Кыл көпүрө, Тараза, Эсеп-кысап, Жазага тартуу, адамдарга амал китептеринин таратылышы; китебин оң жагынан же сол жагынан, же арт тарабынан алуу, ж.б.

Мындан сырткары пайгамбарыбыз Мухаммадга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таандык болгон Хавз көлүнө, бейиш менен тозокко, ыймандуулардын Раббисин көрүүсүнө жана Анын аларга сүйлөөсүнө, ошондой эле Куранда жана Пайгамбардын ишенимдүү сүннөтүндө келген башка нерселердин баарына ыйман келтирүү да кирет. Пенде булардын баарына Аллах жана Анын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) баяндагандай таризде ыйман келтирип, тастыктоосу ваажыб.

Алтынчы негиз: Тагдырга ыйман келтирүү

Бул өз ичине төрт маселени камтыйт:

Биринчиси: Аллах Таала өтмүштү да, келечекти да билет. Ал пенделеринин абалын билген, алардын ырыскысын, ажалын, кыла турган амалдарын ж.б. иштерин билген. Ага булардын эч бири жашыруун эмес - деп ыйман келтирүү. Ал

минтип айтат:

﴿...وَٱعۡلَمُوٓاْ أَنَّ ٱللَّهَ بِكُلِّ شَيۡءٍ عَلِيمٞ﴾

"... жана билип алгыла: Аллах ар кандай нерсени Билүүчү". (Бакара, 231-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿...لِتَعۡلَمُوٓاْ أَنَّ ٱللَّهَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٞ وَأَنَّ ٱللَّهَ قَدۡ أَحَاطَ بِكُلِّ شَيۡءٍ عِلۡمَۢا﴾

"... Аллах ар нерсеге кудуреттүү экенин жана Аллах ар нерсени илими менен камтып алганын билишиңер үчүн...". (Талак, 12-аят).

Экинчиси: Аллах Таала бардык тагдыр жана өкүм кылган иштерди жазып койгонуна ыйман келтирүү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿قَدۡ عَلِمۡنَا مَا تَنقُصُ ٱلۡأَرۡضُ مِنۡهُمۡۖ وَعِندَنَا كِتَٰبٌ حَفِيظُۢ ۝٤﴾

"Биз, жер алардан (алардын денелеринен «жеп») кемиткен нерсени билдик. Биздин алдыбызда (бардык нерсенин илимин Өзүндө) сактоочу Китеп (Лавхул Махфуз) бар". (Коф, 4-

аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَكُلَّ شَيۡءٍ أَحۡصَيۡنَٰهُ فِيٓ إِمَامٖ مُّبِينٖ﴾

"... Биз бардык нерсени Анык Китепте (алдын ала) эсептеп койгонбуз". (Йасин, 12-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿أَلَمۡ تَعۡلَمۡ أَنَّ ٱللَّهَ يَعۡلَمُ مَا فِي ٱلسَّمَآءِ وَٱلۡأَرۡضِۗ إِنَّ ذَٰلِكَ فِي كِتَٰبٍۚ إِنَّ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٞ ٧٠﴾

"(О Мухаммад!) Билбейсиңби, Аллах асмандагы жана жердеги (бардык) нерселерди билет. (Себеби) ал нерселер Китепте (Лавхул-Махфузда) бар. Бул Аллахка жеңил". (Хаж, 70-аят).

Үчүнчүсү: Аллах Тааланын каалоосуна ыйман келтирүү. Ал эмнени кааласа болот, каалабаганы болбойт. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...إِنَّ ٱللَّهَ يَفۡعَلُ مَا يَشَآءُ﴾

"... Аллах каалаган нерсесин жасайт". (Хаж, 18-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿إِنَّمَآ أَمۡرُهُۥٓ إِذَآ أَرَادَ شَيۡـًٔا أَن يَقُولَ لَهُۥ كُن فَيَكُونُ ٨٢﴾

"Эгер бир нерсени (жаратууну) кааласа, Анын иши «Бол!» деп айтуудан гана турат. Анан ал нерсе болуп калат". (Йасин, 82-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿وَمَا تَشَآءُونَ إِلَّآ أَن يَشَآءَ ٱللَّهُ رَبُّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ٢٩﴾

"... силер (о пенделер) ааламдардын Раббиси каалагандан башканы каалай албайсыңар!". (Таквир, 29-аят).

Төртүнчү: Бардык нерсени Аллах Таала жаратканына ыйман келтирүү. Андан башка Жаратуучу да, Рабби да жок. Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱللَّهُ خَٰلِقُ كُلِّ شَيۡءٖۖ وَهُوَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ وَكِيلٞ ٦٢﴾

"Аллах – бардык нерселердин Жаратуучусу! Ал – бардык нерсенин Коргоочу-Сактоочусу!" (Зумар, 62-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱذۡكُرُواْ نِعۡمَتَ ٱللَّهِ عَلَيۡكُمۡۚ هَلۡ مِنۡ خَٰلِقٍ غَيۡرُ

ٱللَّهِ يَرۡزُقُكُم مِّنَ ٱلسَّمَآءِ وَٱلۡأَرۡضِۚ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَۖ فَأَنَّىٰ تُؤۡفَكُونَ ٣﴾

"О адамдар! Аллахтын берген жакшылыктарын (көп) эстегиле! (Антпегенде) силерге асман-жерден ырыскы берген Аллахтан башка Жаратуучу бар беле? Эч бир кудай жок, бир Өзү бар: (Өзүнө ибадат кылбай) дагы кайда бурулуп баратасыңар?!" (Фатир, 3-аят).

Тагдырга ыйман келтирүү ушул төрт иштин баарына ишенүүнү өзүнө камтыйт. Бул ахлу сунна вал жамааттын ишеними. Бул ишеним булардын кээ бирин четке каккан бидаатчылардын ишенимине тескери келет.

Ахли сүннөт ишенген туура акыйдадагы маанилүү маселелерден болуп булар эсептелет: Аллах үчүн жакшы көрүү, Аллах үчүн жек көрүү, Аллах үчүн достошуу жана Аллах үчүн душмандашуу. Бул – Дос тутуу ишеними, жана ал Аллах Таалага ыйман келтирүүдөн болуп эсептелет.

Ыймандуу адам ыймандууларды жакшы

көрүп, алар менен достошот, ал эми каапырларды жек көрүп, душмандашат. Бул үммөттө ыймандуулардын башында – Ахлу сунна вал жамаат ишеними айткандай – пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары турат. Ыймандуулар аларды жакшы көрүшөт, дос тутушат жана пайгамбарлардан кийинки эле эң жакшы адамдар деп ишенишет. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«خَيْرُ القُرُونِ قَرْنِي ثُمَّ الَّذِينَ يَلُونَهُمْ ثُمَّ الَّذِينَ يَلُونَهُم».

"Муундардын эң жакшысы - менин муунум. Андан соң алардан кийин келгендер. Андан соң алардан кийин келгендер".[1] Бухари жана Муслимдиин китептеринде айтылган.

Алар сахабалардын эң абзели Абу Бакр Сыддык, андан кийин Умар ал-Фарук, андан кийин Усман Зуннуройн, анан Али Муртазо (аларга Аллах ыраазы болсун),

[1] Имам Бухари, 3651. Имам Муслим, 2533.

алардан кийин бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он сахабанын калганы, андан кийин башка сахабалар (аларга Аллах ыраазы болсун) экенине ишенишет. Сахабалардын ортосунда болгон кээ бир иштерге кийлигишпейт. Бул иштерде алар ижтихад кылган деп ишенишет. Алардын кимиси туура болсо, ага эки сооп, кимиси ката болсо, ага бир сооп.

Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үй-бүлө мүчөлөрүнөн болгон ыйман келтиргендерди жакшы көрүшөт жана аларды өздөрүнө дос тутушат. Аллахтын элчисинин аялдарын ыймандуулардын энеси деп кам көрүшөт жана алардын баарына ыраазылык айтышат. Ыймандуулар бул жолду Рофидалардын жаман жолунан таза деп эсептешет. Рофидалар

Аллахтын элчисинин сахабаларын жек көрүшө, тил тийгизишет. Үй-бүлөсү тууралу чектен чыкан сөздөрдү айтышат. Аларды Аллах берген орундан жогору

коюшат. Ошондой эле ыймандуулар бул жолду навасибдердин жолунан таза деп эсептешет. Навасибдер Аллахтын элчисинин үй-бүлөсүнө тили жана амалы менен акаарат кылышат.

Биз айтып өткөндөрдүн баары Аллах Таала Өзүнүн Элчиси Мухаммадды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жөнөткөн туура акыйдага кирет. Бул - ишенүү важиб болгон, бекем кармай турган, анын үстүндө туруктуу боло турган жана ага каршы келген нерселерден сактана турган акыйда. Бул, адашуудан кутулган Ахли Сунна вал жамаат мазхабынын акыйдасы. Бул тууралуу пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا تَـزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي ظَاهِرِينَ عَلَى الحَقِّ، لَا يَضُرُّهُمْ مَنْ خَذَلَهُمْ، حَتَّى يَأْتِيَ أَمْرُ اللهِ وَهُمْ كَذَلِكَ».

«Меним үммөтүмдөн акыйкатты үстөм кармаган бир топ дайыма болот, аларга жардам бербегендер зыянын тийгизе албайт. Аллахтын буйругу (Кыямат)

келгенге чейин алар ошол абалында болушат».[1] Бир риваятта мындай деген:

«لَا تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي عَلَى الحَقِّ مَنْصُورَةٌ».

«Меним үммөтүмдөн акыйкатты карманган, (Аллахтын) жардамы келип турган топ болот»[2], Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«افْتَرَقَتِ اليَهُودُ عَلَى إِحْدَى وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، وَافْتَرَقَتِ النَّصَارَى عَلَى اثْنَتَيْنِ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً، وَسَتَفْتَرِقُ هَذِهِ الأُمَّةُ عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ فِرْقَةً كُلُّهَا فِي النَّارِ إِلَّا وَاحِدَةً فَقَالَ الصَّحَابَةُ: مَنْ هِيَ يَا رَسُولَ اللهِ؟ قَالَ: مَنْ كَانَ عَلَى مِثْلِ مَا أَنَا عَلَيْهِ وَأَصْحَابِي».

Яхудилер жетимиш бир агымга бөлүнгөн. Христиандар жетимиш эки агымга бөлүнгөн. Бул үммөт болсо жетимиш үч агымга бөлүнөт. Анын бирөөнөн башкасы баары тозокто болот". Сахабалар: "Ал бирөөсү кимдер?" - деп

---

[1] (Муслим, 1920. Саубандын (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинен)

[2] (Ибн Маажа, 3952. Ибн Хиббан, 6714. Хааким, 8653)

сурайт. "Мен жана менин сахабаларым карманган жолду кармангандар" - деп жооп берген."[1]

Туура акыйдага каршы келген пикирлер:

Бул акыйдадан четтеп, анын каршысын кармангандардын түрү көп. Алардын кээ бири: буркандарга, айкелдерге, периштелерге, олуяларга, жиндерге, бак-даракка, тоо-ташка ж.б. сыйынгандар. Булар элчи-пайгамбарлардын чакырыгын кабыл кылышкан эмес. Тескерисинче, аларга каршы болуп, тоңмоюндук кылышкан. Курайштар жана башка араптар пайгамбарыбызга каршы чыккан сыяктуу. Алар өздөрү сыйынган нерседен муктаждыктарын чечүүнү суранышкан, ооруга шыпаа тилешкен, душманга каршы жардам күтүшкөн, аларга арнап курмандык чалып, аларга назр кылышкан. Качан Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы

[1] Тирмизий, 2641. Албаний, "Сахих Жаамиъ", 5343.

жана мактоосу болсун) аларды бул иштеринен тыйып, жалгыз Аллахтын Өзүнө ыклас менен ибадат кылууга чакырганда, ага таң калышып, андан баш тартышты. Алар мындай дешти:

﴿أَجَعَلَ ٱلْآلِهَةَ إِلَٰهًا وَٰحِدًا ۖ إِنَّ هَٰذَا لَشَىْءٌ عُجَابٌ ۝٥﴾

"Ал (биздин) көп кудайларды бир эле Кудай кылат бекен?! Бул өтө таң калычтуу нерсе!» – дешти". (Сад, 5-аят).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларды Аллахка чакырып, ширктен тыйып эскертип, аларды чакырып жаткан диндин акыйкатын аларга түшүндүрүп, анан алардын ичинен Аллах туура жолго салгандары динди кабыл кыла баштады. Андан кийин Аллахтын динине топ-топ болуп кириштн. Пайгамбарыбыздын, анын сахабаларынын жана аларды ээрчигендердин талыкпаган чакырыгынан жана жихадынан кийин Ислам дини башка диндерден бийик болуп ачыкка чыкты. Кийин абал кайра өзгөрүп, көпчүлүк

адамдарда илимсиздик күчөдү. Көп адамдар жахилият динине кайтып кетишти. Алар пайгамбарларды, олуяларды чегинен ашырып, аларга дуба кылып, жардам тилеп ж.б.ширктин түрлөрүн кылышты. Арап каапырлары "Лаа илааха иллаллах" келмесинин маанисин билгенчелик алар келменин маанисин билбей калышты. Аллахтан гана жардам сурайбыз.

Пайгамбарчылыктан кийинки дооpлордо илимсиздиктин айынан бул ширктер адамдарга жайылып биздин заманга чейин жетти.

Кийинкилердин шек-күмөнү деле мурункулардыкына окшош, алардын айткан сөздөрү мындай болчу:

﴿...هَٰٓؤُلَآءِ شُفَعَٰٓؤُنَا عِندَ ٱللَّهِ...﴾

"Ушулар Аллахтын алдындагы биздин колдоочуларыбыз..." (Юнус, 18-аят), Алар дагы мындай дешкен:

﴿...مَا نَعۡبُدُهُمۡ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ...﴾

"Биз буркандарга, алар бизди

Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз..." (Зумар, 3-аят) Аллах Таала бул күмөндү жокко чыгарып, Андан башкага сыйынган ар бир адам – ал ким болбосун – Ага шерик кошуп, каапыр болоорун баяндаган. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَيَعۡبُدُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ مَا لَا يَضُرُّهُمۡ وَلَا يَنفَعُهُمۡ وَيَقُولُونَ هَٰٓؤُلَآءِ شُفَعَٰٓؤُنَا عِندَ ٱللَّهِ...﴾

"(Мушриктер) Аллахтан башка, пайда да, зыян да жеткире албай турган нерселерге ибадат кылып: “Ушулар Аллахтын алдындагы биздин колдоочуларыбыз” - дешти". (Юнус, 18-аят). Аллах алардын айтканын четке кагып мындай деди:

﴿قُلۡ أَتُنَبِّـُٔونَ ٱللَّهَ بِمَا لَا يَعۡلَمُ فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَلَا فِي ٱلۡأَرۡضِۚ سُبۡحَٰنَهُۥ وَتَعَٰلَىٰ عَمَّا يُشۡرِكُونَ ١٨﴾

«Айткын: «Силер Аллахка асмандар жана жердеги билбеген “шериктерин” билгизип коймок болдуңарбы?!» Ал

(мушриктер ойлогондой болуудан) Таза жана алардын ширктеринен Бийик!»

(Юнус, 18-аят).

Аллах Таала төмөнкү аятта Өзүнөн башкага болгон ибадат, мейли ал пайгамбар, олуя ж.б. болсун, аны кандай ат менен аташпасын баары бир ал чоң ширк экенин баяндаган:

﴿...وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوۡلِيَآءَ مَا نَعۡبُدُهُمۡ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ...﴾

"Андан башканы дос (кудай) кылып алгандар: «Биз аларга, бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз» (Зумар, 3-аят). Андан кийин Аллах Таала алардын айтканын төмөнкү сөзү менен жокко чыгарат:

﴿...إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ﴾

"Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах (гана) өкүм кылат. Аллах

жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!" (Зумар, 3-аят).

Аллах Таала Өзүнөн башкага дуба кылуу, коркуп, үмүт кылуу сыяктуу ибадаттар менен сыйынуу Өзүнө (Аллахка) каапырлык кылуу экенин жана алар кудайларыбыз Аллахка жакындатат деген сөздөрүндө жалганчы экенин баяндаган.

Таза акыйдага каршы, пайгамбарлар алып келген динге тескери келген акыйдалардын дагы бири, азыркы замандагы Маркс, Ленин ж.б. түзгөн атеисттик көз караштагы каапыр акыйдасы. Аны социализм деп атайбы, коммунизм деп атайбы, же басизм дейби, же башка аталыш менен атайбы айырмасы жок, бул атеисттик көз караштын негизи - кудай жок, тирүүлүк бул материя деген көз караш.

Алардын ишениминин негиздеринде кайра тирилүүнү четке кагуу, бейиш менен тозокту четке кагуу, бардык диндерге ишенбөөчүлүк бар. Алардын китептерин карап, ишенимдерин изилдеген адам муну анык билет. Бул ишеним бардык асмандан

түшкөн диндерге каршы келеринде жана буга ишенгендер бул дүйнөдө жана акыретте эң жаман кесепеттерге туш болору шексиз.

Акыйкатка каршы келген ошондой акыйдалардын бири, кээ бир суфийлердин өздөрү олуя деп атаган адамдарды Аллахка ааламды башкарууда шерик кылып алышканы. Аларды Актаб, Автад, Агвас ж.б. аталыштар менен кудай кылып атап алышкан. Бул рубубияттагы ширк, жана ал Аллах Таалага кылынган ширктин эң чоң түрлөрүнүн бири.

Жахилият доорундагы мурдагылардын ширкин кийинкилердин арасында жайылган ширк менен салыштырып караган адам, кийинкилердин ширки алда канча чоң жана оор экенин көрөт. Мунун баяны төмөнкүдөй: Исламга чейинки доордогу араб каапырлары эки нерсе менен айырмаланышкан: Биринчиси: Алар рубубиятта ширк кылышчу эмес, алардын ширки ибадатта гана болгон. Алар Аллах Тааланын рубубиятта жалгыз экенин

моюндашкан. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلَئِن سَأَلْتَهُم مَّنْ خَلَقَهُمْ لَيَقُولُنَّ ٱللَّهُ...﴾

"Эгер сен алардан: «Силерди ким жараткан?» – деп сурасаң, «Аллах», дешет...". (Зухруф, 87-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿قُلْ مَن يَرْزُقُكُم مِّنَ ٱلسَّمَآءِ وَٱلْأَرْضِ أَمَّن يَمْلِكُ ٱلسَّمْعَ وَٱلْأَبْصَٰرَ وَمَن يُخْرِجُ ٱلْحَىَّ مِنَ ٱلْمَيِّتِ وَيُخْرِجُ ٱلْمَيِّتَ مِنَ ٱلْحَىِّ وَمَن يُدَبِّرُ ٱلْأَمْرَ ۚ فَسَيَقُولُونَ ٱللَّهُ ۚ فَقُلْ أَفَلَا تَتَّقُونَ ﴿٣١﴾﴾

(О Мухаммад, мушриктерге) айт: “Силерге асмандардан жана жерден ким ырыскы берет? Же болбосо, кулактардын, көздөрдүн ээси ким? (Ким ал экөөнү жаратып, угуу, көрүү касиетин берди?) Ким өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү чыгара алат? (Аалам дагы) иштерди ким башкарат?” Алар дароо: “Аллах” – деп жооп беришет. Анда сен айткын: (Ошол Аллахтан) коркпойсуңарбы?”. (Юнус, 31-аят). Бул маанидеги аяттар өтө көп.

Экинчиден: алардын ибадаттагы ширки дайыма болгон эмес, ал бир гана бейпил мезгилде болгон. Ал эми кыйынчылык мезгилде алар Аллахка калыс ибадат кылышкан. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَإِذَا رَكِبُواْ فِي ٱلۡفُلۡكِ دَعَوُاْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ فَلَمَّا نَجَّىٰهُمۡ إِلَى ٱلۡبَرِّ إِذَا هُمۡ يُشۡرِكُونَ ٦٥﴾

"Эгер алар кемеге түшүшсө (жана катуу добул болуп, кеме чайпала баштаса) Аллахтын жалгыз Өзүнө, түздөн-түз, ыклас менен дуба (ибадат) кылышат. Ал эми, Аллах аларды (апааттан) куткарып, жээкке чыгарып койсо, кайрадан ширк кыла башташат". (Анкабут, 65-аят).

Кийинки мушриктер мурдагыларга караганда эки тараптан кошумча ширк кылышты: Биринчиси: Айрымдарынын рубубиятта ширк келтирүүсү. Экинчиси: бейпилдиктеги жана кыйынчылыктагы ширктери. Муну аларга аралашып, алардын иштерин изилдеп көргөндөр жана алардын

төмөнкүлөрдүн кабырына барып дуба кылып жатканын көргөндөр жакшы билет. Мисирдеги Хусейндин, Бадавинин, Адендеги ал-Айдарустун, Йемендеги ал-Хаадинин, Шамдагы Ибн Арабинин, Ирактагы Абдулкадыр Жайланинин ж.б. белгилүү кабырларды ыйыктап, Аллахтын көп акыларын аларга арнашат. Аларды мындан тыйган, Аллах Таала пайгамбарыбызды жана мурдагы пайгамбарларды жиберген таза акыйданы баяндаган адамдар аз. Баарыбыз Аллахка таандыкпыз, баарыбыз Ага кайтабыз.

Дагы ошондой туура акыйдага каршы келген акыйдалардын бири - Аллах Тааланын ысым-сыпаттарына байланыштуу бидаатчы жахмия, муътазила жана алардын жолун жолдоп, Аллахтын сыпаттарын четке каккандардын акыйдасы. Алар Аллахтын сыпаттарын жокко чыгарган. Аны кемчиликсиз сыпаттарынан ажыратып, такыр жок болгон, жансыз жана болбой турган сыпаттар менен сыпатташат. Аллах алардын айткан сөздөрүнөн өтө

бийик, таза.

Дагы мындай акыйдага ашарилер сыяктуу Аллахтын кээ бир сыпатын бекемдеп, кээ бир сыпатын жокко чыгаргандар да кирет. Аларга далилдерин бурмалап, четке каккан сыпаттарда да бекемдеген сыпаттарында качкан нерселерден качуулары зарыл болот.

Мунусу менен алар самий (Куран, хадисте келген) жана аклий далилдерге каршы болушту. Ушинтип мында өздөрүнө ачык карама-каршы келишкен.

Ал эми ахлу сунна вал жамат: Аллах Таала Өзүнө таандык кылган жана Анын элчиси Ага таандык кылган ысым-сыпаттардын баарын толук бойдон Ага таандык деп эсептеп, бекемдешет. Аны жаратылгандарга окшотуудан таза тутуп, маанилерин жокко чыгаруудан таза аруулашты. Бурмалабастан, маанилерин жокко чыгарбастан далилдердин баарына амал кылышты. Ошондуктан алар жогоруда айтылгандай, башкалар дуушар болгон карама-каршылыктан саламат болушту.

Мына ушул кутулуунун, дүйнө жана акыреттеги бакыттын жолу. Бул - үммөттүн башында турган абалкы мусулмандар жана алардын имамдары карманган туура жол. Кийинки келгендер мурдагы келгендер оңолгон нерсе менен гана оңоло алышат. Ал Аллахтын китебине жана сүннөткө ээрчүү жана аларга каршы келген нерсени таштоо. Аллах Тааладан үммөттү акылына келтирүүсүн, анын арасынан туура жолго чакыруучуларды көбөйтүүсүн, анын башчылары менен аалымдарына ширкке каршы күрөшүүгө, аны жоюуга жана ага алып баруучу жолдордон эскертүүгө ийгилик берүүсүн тилейбиз. Ал - Жакын жана Угуучу. Аллах ийгилик Ээси, Ал бизге жетиштүү, Ал эң жакшы - Вакиил (жөлөк), жана Андан башка күч да, кубат да жок. Аллахтын кулу жана элчиси, пайгамбарыбыз Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салам-салаваты болсун.

***

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Экинчи китепче:

Пайгамбардан жардам суроонун өкүмү

Аллах Таалага алкыш-мактоолор, Аллахтын Элчисине, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана анын туура жолун ээрчигендерге Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Кувейттин "аль-Мужтама" гезити хижрий 1390-жылдын 4-айынын 19-күнү чыккан 15-санында "Пайгамбардын улук туулган күнүн эскерүү" деген темада ыр саптарын жарыялаган. Бул ыр саптарында бөлүнүп-жарылууга жана пикир келишпестиктерге дуушар болгон үммөттү куткаруу, ага жеңиш алып келүү максатында Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жардам жана колдоо суроо камтылган. Ыр саптарынын автору өзүн "Амина" деп атаган. Төмөндө ошол айтылган ыр

саптарынан үзүндү:

О Аллахтын элчиси, согуш отун тутандырып, анын жалынына күйгөн дүйнөнү куткара көр...

О Аллахтын элчиси, шектин караңгылыгында адашуусу узакка созулган үммөттү куткар.

О Аллахтын элчиси, багыты кайгы-касиреттин туңгуюгунда жоголгон үммөтүңдү куткара көр.

Ырдын акырында минтип айтылат:

Жеңишти тездет, Бадр күнү Аллахка жалбарганда аны тездеткениң сыяктуу.

Кордук кереметтүү жеңишке айланды... Чынында, Аллахтын көзгө көрүнбөгөн аскерлери бар.

Бул жазуучу аял Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоо дубасы болсун) кайрылып, андан үммөт үчүн жардамды тездетүүнү сурайт. Ал муну жардамдын жалгыз Аллахтын гана колунда экенин, Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоо дубасы болсун) да,

башка макулуктардын да колунда эмес экенин унутуп – же илимсиздигинен – жасайт. Аллах Өзүнүн анык китебинде минтип айткан:

﴿...وَمَا النَّصْرُ إِلَّا مِنْ عِنْدِ اللَّهِ الْعَزِيزِ الْحَكِيمِ﴾

"Жеңиш-жардам Кудуреттүү, Даанышман Аллах тарабынан гана келет". (Аалу Имран сүрөсү, 126-аят). Аллах Таала минтип айтты:

﴿إِنْ يَنْصُرْكُمُ اللَّهُ فَلَا غَالِبَ لَكُمْ وَإِنْ يَخْذُلْكُمْ فَمَنْ ذَا الَّذِي يَنْصُرُكُمْ مِنْ بَعْدِهِ...﴾

"Эгер Аллах жардам берсе, силерди эч ким жеңе албайт. Эгерде жардамсыз (өзүңөрдү-өзүңөргө) таштап койсо, Аллахтан кийин силерге ким жардам берет?!" (Аалу Имран сүрөсү, 160-аят).

Мындай дуба кылуу жана жардам суроо – ибадаттын бир түрүн Аллахтан башкага арноо болуп эсептелет. Куран, Сүннөт жана ижма боюнча мындай ишке тыюу салынганы белгилүү. Аллах Таала калайыкты Өзүнө ибадат кылуусу үчүн

жаратып, ошол ибадатты баяндоо жана ага чакыруу үчүн элчилерин жиберип, китептерин түшүргөн. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا خَلَقْتُ الْجِنَّ وَالْإِنْسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ﴿٥٦﴾﴾

"Мен жин жана инсанды Бир Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана жараттым". (Зарият, 56-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَلَقَدْ بَعَثْنَا فِي كُلِّ أُمَّةٍ رَسُولًا أَنِ اعْبُدُوا اللَّهَ وَاجْتَنِبُوا الطَّاغُوتَ...﴾

"Биз ар бир элге «Аллахка гана ибадат кылгыла, (башка) “кудайлардан” алыс болгула (деп айта турган) пайгамбарларды жибергенбиз...". (Нахл, 36-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَمَا أَرْسَلْنَا مِنْ قَبْلِكَ مِنْ رَسُولٍ إِلَّا نُوحِي إِلَيْهِ أَنَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا أَنَا فَاعْبُدُونِ ﴿٢٥﴾﴾

"(О Мухаммад!) Биз Сенден мурда жиберген ар бир пайгамбарга: «Менден башка (ибадатка ылайык) кудай жок.

Өзүмө гана сыйынгыла деп аян-кабар кылдык". (Анбия, 25-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿الر كِتَابٌ أُحْكِمَتْ آيَاتُهُ ثُمَّ فُصِّلَتْ مِنْ لَدُنْ حَكِيمٍ خَبِيرٍ ۝١
أَلَّا تَعْبُدُوا إِلَّا اللَّهَ إِنَّنِي لَكُمْ مِنْهُ نَذِيرٌ وَبَشِيرٌ ۝٢﴾

"Алиф, Лаам, Раа. Бул китептин аяттары (эч качан бузулбай турган кылып) бекемделди жана Даанышман, Кабардар (Аллах) тарабынан (эң жогорку деңгээлде) баян кылынды".

"(Мунун себеби) Аллахтан башка “кудайларга ибадат кылбашыңар үчүн. Чынында, мен силерге Аллах тарабынан (жиберилген) эстетүүчү жана куш кабар берүүчүмүн". (Худ, 1-2-аяттар).

Аллах Таала бул өкүм аяттарында инсан менен жинди шериги жок Өзүнө гана ибадат кылуулары үчүн жаратканын, элчилерди ушул ибадатка буйруп, анын тескерисинен кайтаруу үчүн жибергенин, жана Өзүнөн башка эч кимге ибадат

кылынбашы үчүн Өз китебинин аяттарын өкүмдүү кылып, аларды чечмелеп бергенин ачык баяндаган.

Ибадат – бул Аллахтын буйруктарын аткарып, тыюуларынан тыйылуу менен Аны жалгыздоо жана Ага баш ийүү. Аллах бул жөнүндө көптөгөн аяттарда буйруп, кабар берген, мисалы, Аллах Таала айткан:

﴿وَمَا أُمِرُوا إِلَّا لِيَعْبُدُوا اللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ حُنَفَاءَ...﴾

"Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана кылууга, андан (жеке кудайга сыйынуудан) башка динден жүз бурууга буйрулган..." (Баййина, 5-аят), Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَقَضَى رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوا إِلَّا إِيَّاهُ...﴾

«Раббиң өкүм (буйрук) кылды: Өзүнөн башка (кудай)ларга ибадат кылбайсың...» (Исра, 23-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ فَٱعۡبُدِ ٱللَّهَ مُخۡلِصٗا لَّهُ ٱلدِّينَ ۝٢
أَلَا لِلَّهِ ٱلدِّينُ ٱلۡخَالِصُۚ وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوۡلِيَآءَ مَا نَعۡبُدُهُمۡ

إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ ٣

"(О Мухаммад!) Биз сага Китепти Акыйкат менен түшүрдүк. Эми жалгыз Аллахка гана чын ыкластан ибадат кыл!"

"Көңүл бургула! Калыс Дин Аллах үчүн! Андан башканы дос (кудай) кылып алгандар: «Биз аларга, бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз» (дешет). Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах (гана) өкүм кылат. Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!"

(Зумар, 2-3-аяттар).

Бул маанидеги аяттар өтө көп. Алардын баары ибадатты калыс Аллахтын Өзүнө аткаруунун жана Андан башка пайгамбарларга жана башкаларга ибадат кылууну таштоонун важип экенин көрсөтүп турат.

Шек-күмөнсүз, дуба клуу ибадаттын эң маанилүү жана бардык ибадатты ичине камтыган түрү. Ошондуктан, аны бир гана Аллахка арноо важиб. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَادْعُوا اللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ وَلَوْ كَرِهَ الْكَافِرُونَ﴿١٤﴾﴾

"Эми, силер эгер каапырлар жаман көрсө да, (бардык) дин-ибадатты Аллахка калыс багыттаган абалда гана дуба (ибадат) кылгыла!" (Гаафир, 14-аят) Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿وَأَنَّ الْمَسَاجِدَ لِلَّهِ فَلَا تَدْعُوا مَعَ اللَّهِ أَحَدًا﴿١٨﴾﴾

"(Бардык) мечиттер Аллахка ибадат кылуу үчүн! Силер Аллахка кошуп башка “кудайларга” дуба кылбагыла!" (Жин, 18-аят). Жалгыз Аллага гана дуба кылуу жөнүндөгү бул көрсөтмө, пайгамбарларды да, алардан башка бардык макулуктарды да өз ичине камтыйт. Алла Таала мындай деген:

﴿وَلَا تَدْعُ مِنْ دُونِ اللَّهِ مَا لَا يَنْفَعُكَ وَلَا يَضُرُّكَ فَإِن فَعَلْتَ

فَإِنَّكَ إِذًا مِّنَ ٱلظَّٰلِمِينَ ﴿١٠٦﴾

"Аллахтан башка өзүңө не пайда, не зыян жеткире албаган “кудайларга” дуба кылба! Эгер ошентчү болсоң, анда сен залымдардан (мушриктерден) болуп каласың!" (Юнус, 106-аят). Бул кайрылуу Пайгамбарга багытталган. Албетте, Аллах аны ширктен сактаган. Бирок, мындагы максат – андан башкаларды эскертүү. Андан соң Улуулугу Арткан Аллах минтип айткан:

﴿وَلَا تَدْعُ مِن دُونِ ٱللَّهِ مَا لَا يَنفَعُكَ وَلَا يَضُرُّكَ فَإِنْ فَعَلْتَ فَإِنَّكَ إِذًا مِنَ الظَّالِمِينَ ﴿١٠٦﴾

"Аллахтан башка өзүңө не пайда, не зыян жеткире албаган “кудайларга” дуба кылба! Эгер ошентчү болсоң, анда сен залымдардан (мушриктерден) болуп каласың!" (Юнус, 106-аят). Бул кайрылуу Пайгамбарыбызга багытталган, бирок анын максаты башкаларды эскертүү. Анткени, Аллах Таала Өзүнүн пайгамбарын ширктен сактаганы белгилүү.

Андан кийин Аллах Таала тыюуну жана эскертүүнү күчөтүп, мындай деди:

﴿...فَإِنْ فَعَلْتَ فَإِنَّكَ إِذًا مِنَ الظَّالِمِينَ﴾

"Эгер ошентчү болсоң, анда сен залымдардан (мушриктерден) болуп каласың!" Зулумдук деп жалпысынан айтылганда, андан Чоң ширк максат кылынат, Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَالْكَافِرُونَ هُمُ الظَّالِمُونَ﴾

"... жана каапырлар – ошолор гана заалым кишилер!" (Бакара, 254-аят". Аллах Таала мындай деген:

﴿...إِنَّ الشِّرْكَ لَظُلْمٌ عَظِيمٌ﴾

"Чындыгында ширк деген – бул чоң зулум!" (Лукман, 13-аят). Адам урпактарынын мырзасы пайгамбарыбыз эгер Аллахтан башкага дуба кылса заалымдардан болуп кала турган болсо, анда башкалар жөнүндө эмне деп айтууга болот?

Ушул жана башка аяттардан белгилүү

болгондой, Аллахтан башкага – өлүктөргө, даректарга, айкел-буттарга жана башка нерселерге дуба кылуу Аллах Таалага шерик кошуу болуп саналат. Бул Аллах Тааланын эки оор калайыкты (адамдар менен жиндерди) жаратуудагы, пайгамбарларды жиберүүдөгү жана китептерди түшүрүүдөгү негизги максаты болгон ибадатта Аллахты жалгыздоого карама-каршы келет. Ошондой эле «Лаа илааха иллаллах» келимесинин маанисине да каршы. Анткени бул келиме ибадатты Аллахтан башка нерселерден жокко чыгарып, аны жалгыз Аллах үчүн гана бекемдейт. Аллах Таала айткан:

﴿ذَٰلِكَ بِأَنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡحَقُّ وَأَنَّ مَا يَدۡعُونَ مِن دُونِهِۦ هُوَ ٱلۡبَٰطِلُ وَأَنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡعَلِيُّ ٱلۡكَبِيرُ ٦٢﴾

"Анткени, Аллах – Акыйкат. Андан башка (мушриктер) дуба кылып жаткан «кудайлар» - жалган. Чынында Аллах эң Бийик, эң Улук!" (Хаж, 62-аят).

Мына ушул – диндин негизи жана пайдубалы. Ушул негиз туура болмоюнча,

ибадаттар да туура болбойт. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلَقَدْ أُوحِيَ إِلَيْكَ وَإِلَى الَّذِينَ مِنْ قَبْلِكَ لَئِنْ أَشْرَكْتَ لَيَحْبَطَنَّ عَمَلُكَ وَلَتَكُونَنَّ مِنَ الْخَاسِرِينَ﴿٦٥﴾﴾

"Сага жана сенден мурунку өткөндөргө: «Эгер ширк келтирсең амалың күйүп кетет жана зыян тартуучулардан болуп каласың!» – деп аян-кабар кылынды". (Зумар, 65-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿...وَلَوْ أَشْرَكُوا لَحَبِطَ عَنْهُمْ مَا كَانُوا يَعْمَلُونَ﴾

"Эгер алар Аллахка шерик кошчу болсо, (ким болгонуна карабай) кылган (жакшы) иштеринин баары текке кетет". (Анаам, 88-аят).

Жогоруда айтылгандардан Ислам дининин жана «Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок» деген күбөлүктүн эки улуу негизи бар экени белгилүү болот:

Биринчиси: Жалгыз, шериги жок

Аллахка гана ибадат кылуу керек. Кимде-ким пайгамбарлардан жана башкалардан болгон өлүктөргө, же буркандарга, же бактарактарга, же таштарга, же башка макулуктарга дуба кылса, же алардан жардам сураса, же аларга курмандык чалуу жана назир айтуу менен жакындаса, же аларга намаз окуса, же аларга сажда кылса, анда ал аларды Аллахтан башка кудай кылып, Ага (Аллах Таалага) теңдеш кылып, “Лаа илааха иллаллах” келимесинин маанисине карама-каршы келген жана аны жокко чыгарган болот.

Экинчиси: Аллах Таалага Анын пайгамбары жана элчисинин шарияты менен гана ибадат кылуу. Кимде-ким динде Аллах уруксат бербеген нерсени ойлоп тапса, ал "Мухаммад – Аллахтын элчиси" деген күбөлүктүн маанисин ишке ашырбаган болот. Анын амалы өзүнө пайда да бербейт, кабыл да кылынбайт. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَقَدِمْنَا إِلَى مَا عَمِلُوا مِنْ عَمَلٍ فَجَعَلْنَاهُ هَبَاءً مَنْثُورًا﴿٢٣﴾﴾

"Биз алар (сооп деп ойлоп) жасаган (кайрымдуулук) иштерге келдик жана аны күндүн нуруна чагылышып көрүнгөн жеңил сапырылган чаңдай кылып таштадык!" (Фуркан, 23-аят). Аятта айтылган иш-амалдардын максаты - Аллахка шерик кылып өлгөн адамдын иш-амалдары.

Ошондой эле буга Аллах уруксат бербеген бидаат амалдар да кирет. Алар Анын таза шариятына туура келбегендиги үчүн Кыямат күнү чачылган тозоңдой болуп калат. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فَهُوَ رَدٌّ».

"Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат". Ишенимдүүлүгү бир ооздон бекемделген хадис.

Жыйынтыктап айтканда: бул жазуучу аял жардам сурап жалбаруусун жана дубасын Пайгамбарга багыштап, ааламдардын Раббисинен жүз бурган.

Жеңиш, зыян жана пайда Анын гана колунда, Андан башка эч кимдин колунда алардын бири да жок.

Шек-күмөнсүз, бул чоң жана кесепети оор зулумдук. Аллах Таала Өзүнө дуба кылууга буйруп, Ага дуба кылганга жооп берүүнү убада кылды жана андан текеберленгендер тозокко киреринин айтып эскертти. Аллах Таала айткан:

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ إِنَّ الَّذِينَ يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِي سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ ﴿٦٠﴾﴾

"Силердин Раббиңер: «Мага дуба кылгыла силерге жооп беремин (кабыл аламын)» деди. Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар тез арада кор болгон абалда тозокко киришет". (Гафир, 60-аят). Б.а. басынып, моюн сунуп, тозокко кирет. Бул аят дубанын ибадат экенине жана андан текеберленген адамдын барар жери тозок экенине далил. Эгер Аллахка дуба кылуудан текеберленген адамдын абалы ушундай болсо, анда Андан башкага дуба кылып, Андан жүз бурган

адамдын абалы кандай болот? Ал (Аллах) болсо баарына Жакын, бардык нерсенин Ээси жана бардык нерсеге Кудуреттүү. Алла Таала айткан:

﴿وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِى عَنِّى فَإِنِّى قَرِيبٌ أُجِيبُ دَعْوَةَ الدَّاعِ إِذَا دَعَانِ فَلْيَسْتَجِيبُوا لِى وَلْيُؤْمِنُوا بِى لَعَلَّهُمْ يَرْشُدُونَ ﴿١٨٦﴾﴾

"(О Мухаммад), эгер пенделерим сенден Мени сурашса (айткын): Мен (аларга) жакынмын. Мага дуба кылышса дуба кылуучунун дубасына жооп беремин. (Эми,) Мага да жооп беришсин жана ыйман келтиришсин! (Ошондо) туура жолго түшүп калышы ажеп эмес!" (Бакара, 186-аят). Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү хадисте дуба ибадат экенин кабар берген жана өзүнүн агасынын уулу Абдуллах ибн Аббаска (аларга Аллах ыраазы болсун) мындай деп айткан:

«احْفَظِ اللهَ يَحْفَظْكَ، احْفَظِ اللهَ تَجِدْهُ تُجَاهَكَ، إِذَا سَأَلْتَ فَاسْأَلِ اللهَ، وَإِذَا اسْتَعَنْتَ فَاسْتَعِنْ بِاللهِ».

«Аллахты (н шариятын) сакта, Аллах сени сактайт. Аллахты (н шариятын) сакта, ошондо Аны бет алдыңдан табасың. Сурасаң, Аллахтан сура, жардам тилесең, Аллахтан тиле». Тирмизи жана башка аалымдар риваят кылышкан.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ مَاتَ وَهُوَ يَدْعُو لِلَّهِ نِدًّا؛ دَخَلَ النَّارَ».

«Кимде-ким Аллахка башка нерсени шерик кылып өлсө, тозокко кирет». Бухари риваят кылган. Эки ишенимдүү хадистер топтомунда Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Эң чоң күнөө кайсы?» деп сурашканда, ал мындай деди:

«أَنْ تَجْعَلَ لِلَّهِ نِدًّا وَهُوَ خَلَقَكَ».

«Сени жараткан Раббиңе шерик кошууң». Нидд – бул, теңдеш, окшош деген сөз. Кимде-ким Аллахтан башкага дуба кылса, же андан жардам сураса, же ага назри кылса, же ага арнап курмандык чалса,

же ибадаттын кайсы бир түрүн ага арнаса, анда ал ошол нерсени Аллахка шерик кылган болот. Мейли ал пайгамбар, же олуя, же периште, же жин, же буркан, же башка макулуктардын бири болсун, айырмасы жок.

Бул жерде кимдир бирөө: тирүү, жаныңдагы адамдан анын колунан келген нерсени суроонун жана анын колунан келген материалдык иштерде жардам суроонун өкүмү кандай? - деп сурашы мүмкүн. Жооп: бул ширкке кирбейт, тескерисинче, мусулмандардын ортосундагы уруксат берилген катардагы иштерден. Аллах Таала Мусанын окуясында мындай деген :

﴿...فَاسْتَغَاثَهُ الَّذِى مِنْ شِيعَتِهِ عَلَى الَّذِى مِنْ عَدُوِّهِ...﴾

"...Өз жамаатынан болгон адам душман жамааттан болгон адамга каршы Мусадан жардам сурады эле..." (Касас, 15-аят). Аллах Таала Муса пайгамбардын окуясында дагы минтип айткан:

﴿فَخَرَجَ مِنْهَا خَائِفًا يَتَرَقَّبُ...﴾

"Муса, тараптарын баамдап, коркуп... дароо чыгып кетти". (Касас, 21-аят). Адам согушта, ошондой эле адамдардын башына келген, бири-бирине муктаж болгон башка иштерде өз жолдошторунан сактоосун сураганы сыяктуу.

Аллах Өз пайгамбарына (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүнө эч кимге пайда да, зыян да жеткире албастыгын кабарлоого буйруган. Аллах Таала мындай деген:

﴿قُلْ إِنَّمَا أَدْعُو رَبِّي وَلَا أُشْرِكُ بِهِ أَحَدًا ۝٢٠ قُلْ إِنِّي لَا أَمْلِكُ لَكُمْ ضَرًّا وَلَا رَشَدًا ۝٢١﴾

"Айт (о Мухаммад!): “Мен жалаң өзүмдүн Раббиме гана дуба (ибадат) кыламын жана Ага эч нерсени шерик кылбаймын”.

Айт: “Силерге зыян жеткирүү да, пайда келтирүү да менин колуман келбейт”. (Жин, 21-22-аяттар). Аллах

Таала мындай деген:

﴿قُلْ لَا أَمْلِكُ لِنَفْسِي نَفْعًا وَلَا ضَرًّا إِلَّا مَا شَاءَ اللَّهُ وَلَوْ كُنْتُ أَعْلَمُ الْغَيْبَ لَاسْتَكْثَرْتُ مِنَ الْخَيْرِ وَمَا مَسَّنِيَ السُّوءُ إِنْ أَنَا إِلَّا نَذِيرٌ وَبَشِيرٌ لِقَوْمٍ يُؤْمِنُونَ﴿١٨٨﴾﴾

"Айткын: “Мен өзүмө Аллах каалагандан башка пайда да, зыян да жеткире албаймын. Эгер кайыпты билгенимде, (өзүмө) жакшылыктарды көбөйтүп алмакмын жана мага эч кандай жамандык болмок эмес. Мен болгону, ыймандуу адамдарды (азап) менен эскертүүчү жана (сооп-сыйлык) менен сүйүнтүүчү пайгамбармын".

(Ааараф, 188-аят).

Бул маанидеги аяттар өтө көп.

Белгилүү болгондой, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнүн Раббисине гана дуба кылган. Андан тастыкталгандай, ал Бадр күнү душманына каршы Аллахтан жардам жана жеңиш сурап, жалынып-жалбарып: «О Раббим! Мага убада кылганыңды

аткар!» - деп дуба кылган. Ал ушунчалык жалынып-жалбаргандыктан, Абу Бакр Сыддык (ага Аллах ыраазы болсун): «О Алланын элчиси, жетишет. Чындыгында, Аллах сага берген убадасын аткаруучу» - деди. Анан Аллах ошол окуя тууралуу Өзүнүн төмөнкү сөзүн түшүрдү:

﴿إِذْ تَسْتَغِيثُونَ رَبَّكُمْ فَٱسْتَجَابَ لَكُمْ أَنِّي مُمِدُّكُم بِأَلْفٍ مِّنَ ٱلْمَلَٰٓئِكَةِ مُرْدِفِينَ ٩﴾

"Силер Раббиңерге жалбарып, дуба кылганда, Ал силерге жооп берип, (пайгамбарына): “Мен силерди удаама-удаа (келүүчү) миң периште менен кубаттаймын” деди". (Анфал, 9-аят). Аллах Таала бул аяттарда алардын жардам сурагандарын эскеркен. Дубаларын кабыл кылып, жеңиш тууралуу сүйүнчү жана жүрөктөрү тынчтануусу үчүн аларды периштелер менен колдогондугун кабарлаган. Ошондой эле, Аллах Таала жеңиш периштелерден эмес, тескерисинче, жеңиш Анын Өзүнөн гана болорун баяндап, мындай деди:

﴿وَمَا النَّصْرُ إِلَّا مِنْ عِنْدِ اللَّهِ...﴾

"Жеңиш - Аллахтан гана...". (Аалу Имран, 126-аят). Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلَقَدْ نَصَرَكُمُ اللَّهُ بِبَدْرٍ وَأَنْتُمْ أَذِلَّةٌ فَاتَّقُوا اللَّهَ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ﴿١٢٣﴾﴾

"Аллах силерге Бадрда (сан жана даярдык жагынан) төмөн болгонуңарга карабай жеңиш берген. Аллахтан корккула. (Балким) шүгүр кылуучу болуп калаарсыңар". (Аалу Имран, 123-аят). Аллах Таала бул аятта Бадр күнү аларга Өзү жардам бергенин баяндады. Демек, Анын аларга берген курал-жарагы, күч-кубаты жана периштелер менен колдоосу – мунун баары жеңиштин, сүйүнчүнүн жана жүрөктүн тынчтануусунун себептери гана. Ал эми жеңиштин өзү бул себептерден эмес, ал бир гана Аллахтан болот. Анда кантип бул жазуучу аял же башкалар бардык нерсенин Ээси жана бардык нерсеге Кудуреттүү болгон ааламдардын

Раббисинен жүз буруп, Пайгамбардан жардам жана жеңиш суроого батынат?!

Шек жок, бул наадандыктын жеткен чеги, ал тургай эң чоң ширк. Ошондуктан жазуучу аял Аллах Таалага чындап тообо кылуусу керек. Ал эми чыныгы тообо бир нече шарттардан турат, алар: Биринчи: Кылган ишине өкүнүү. Экинчиси: Күнөө ишти таштоо. Үчүнчүсү: Аллахты улуктап, Ага ыклас кылып, Анын буйругуна баш ийип жана Ал тыйган нерседен сактанып, күнөөгө кайра кайтпоого бекем чечим чыгаруу. Мына ушул – чыныгы тообо. Эгер күнөө иш пенделердин акысына тиешелүү болсо, анда төртүнчү шарты да бар. Ал: Төртүнчүсү: Акыны ээсине кайтаруу же андан кечирим суроо.

Аллах Таала пенделерин тообо кылууга буйруп, аны кабыл кылууну убада кылып, мындай деген:

﴿...وَتُوبُوا إِلَى اللَّهِ جَمِيعًا أَيُّهَ الْمُؤْمِنُونَ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ﴾

"О ыймандуулар! Баарыңар Аллахка тообо кылгыла, ажеп эмес жеңишке

(бейишке) жетсеңер!" (Нур, 31-аят). Христиандар жөнүндө минтип айткан:

﴿أَفَلَا يَتُوبُونَ إِلَى اللَّهِ وَيَسْتَغْفِرُونَهُ وَاللَّهُ غَفُورٌ رَحِيمٌ﴿٧٤﴾﴾

"Аллахка тообо кылып, (жалгыз Өзүнө сыйынып) Андан күнөөлөрүн кечирүүнү сурашпайбы?! (Эгер ошентчү болсо) Аллах - Кечиримдүү, Ырайымдуу". (Маида, 74-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَالَّذِينَ لَا يَدْعُونَ مَعَ اللَّهِ إِلَهًا آخَرَ وَلَا يَقْتُلُونَ النَّفْسَ الَّتِي حَرَّمَ اللَّهُ إِلَّا بِالْحَقِّ وَلَا يَزْنُونَ وَمَنْ يَفْعَلْ ذَلِكَ يَلْقَ أَثَامًا﴿٦٨﴾ يُضَاعَفْ لَهُ الْعَذَابُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ وَيَخْلُدْ فِيهِ مُهَانًا﴿٦٩﴾ إِلَّا مَنْ تَابَ وَآمَنَ وَعَمِلَ عَمَلًا صَالِحًا فَأُولَئِكَ يُبَدِّلُ اللَّهُ سَيِّئَاتِهِمْ حَسَنَاتٍ وَكَانَ اللَّهُ غَفُورًا رَحِيمًا﴿٧٠﴾﴾

"Алар Аллахтан башка «кудайларга» дуба кылышпайт, Аллах өлтүрүүгө тыюу салган жанды укуксуз (шарияттын талаптарысыз) өлтүрүшпөйт. Акысы (өчү) бар болгондо гана (өлтүрүүсү адал болот). Алар зына-бузукулукка

барышпайт. Кимде-ким ушуларды жасаса (айрыкча Аллахтан башкага дуба (ширк) кылса) жазага жолугат".

"Ага кыямат күнү (тозокто жогорудагы күнөөлөрдүн баарын же ширк күнөөсүн кылган кишиге) азаптар кайра-кайра кайталанып берилет жана кордолгон абалда ал жерде түбөлүк калат".

"Ал эми, тообо кылып, ыйман келтирип, жакшы (сооп) амал кылган адамдар болсо..., Аллах алардын жаман иштерин жакшыга алмаштырат. Аллах-Кечиримдүү, Ырайымдуу". (Фуркан, 68-70-аяттар). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَهُوَ الَّذِى يَقْبَلُ التَّوْبَةَ عَنْ عِبَادِهِ وَيَعْفُو عَنِ السَّيِّئَاتِ وَيَعْلَمُ مَا تَفْعَلُونَ ﴿٢٥﴾﴾

"Аллах Өз пенделеринен тообону кабыл алат жана күнөөлөрдү өчүрөт. Жана Ал силердин эмне жасап жатканыңарды билип турат".

(Шура, 25-аят).

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«الإِسْلَامُ يَهْدِمُ مَا كَانَ قَبْلَهُ، وَالتَّوْبَةُ تَجُبُّ مَا كَانَ قَبْلَهَا».

«Ислам өзүнөн мурунку күнөөлөрдү жок кылат, ал эми тообо өзүнөн мурунку күнөөлөрдү жууйт».

Бул кыска сөздөрдү – ширктин коркунучунун оордугу, анын эң чоң күнөө экендиги, бул жазуучу аялдын жазгандарына алданып калуудан коркуу жана Аллахка, Анын пенделерине насаат кылуунун важиб экендиги себептүү жазды. Аллахтан аны пайдалуу кылуусун, биздин жана жалпы мусулмандардын абалын оңдоосун, баарыбызга динди терең түшүнүүнү жана анда бекем болууну ыроо кылуусун, бизди жана мусулмандарды нафсибиздин жамандыгынан жана амалдарыбыздын жамандыгынан сактоосун сурайм. Ал анын Ээси жана ага Кудуреттүү.

Аллахтын кулу жана элчиси, пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-

бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салам-салаваты жана берекеси болсун.

***

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Үчүнчү китепче:

Жиндерден жана шайтандардан жардам суроонун жана аларга назир кылуунун өкүмү

Абдулазиз бин Абдуллах бин Баздан, аны көргөн мусулмандарга. Аллах мени да, аларды да Өзүнүн динин бекем карманууга жана анда бекем болууга ийгилик берсин. Амин.

Сиздерге Аллахтын саламаттыгы, ырайымы жана берекеси болсун

Андан кийин айтарым: Кээ бир туугандарыбыз менден кээ бир наадандардын Аллахтан башкага дуба кылып, маанилүү иштерде алардан жардам сураганы жөнүндө сурашты: мисалы, жиндерге дуба кылуу, алардан жардам суроо, аларга назр кылуу жана аларга курмандык чалуу ж.б. Ошондой эле кээ

бирлеринин: «Эй, жетөө!» т.а. жиндердин жети башчысына кайрылып: «Аны кармагыла, сөөктөрүн сындыргыла, канын ичкиле, аны азаптагыла. Эй, жетөө, ага мындай кылгыла»,- деп айтуусу тууралуу. Же кээ бирөөлөрдүн: «Эй, түшкү жиндер, эй, дигердеги жиндер, муну алгыла!» – деген сөзү (бул кээ бир түштүк аймактарда көп кездешет). Бул ишке дагы төмөнкүлөр кирет: өтүп кеткен пайгамбарлар, салих адамдар жана периштелерге дуба кылуу жана алардан жардам суроо. Мына ушул жана ушуга окшогон нерселер өзүн мусулманмын деген көптөгөн адамдарда алардын билбестигинен жана мурункуларды сокур туурагандыгынан улам кездешет. Атүгүл айрымдары буга жеңил карап: «Бул жөн гана тил учу менен айтылган сөз, биз аны максат кылбайбыз жана ага ишенбейбиз», – деп өздөрүн акташат.

Ошондой эле менден: ушундай иштер менен таанымал болгон адамдарга үйлөнүүнүн, алардын сойгон малынын этин

жештин, аларга жаназа окуунун жана аларга уюп намаз окуунун өкүмү жөнүндө, андан тышкары, көз боёчулар менен төлгөчүлөрдүн айтканын тастыктоо жөнүндө сурашты; мисалы, оорулуу адамдын денесине тийген селде, шым, жоолук жана ушул сыяктуу нерселерге карап туруп эле, ооруну жана анын себептерин билем деп доомат кылгандар сыяктуу.

Жооп: Бардык алкыш-мактоолор жалгыз Аллахка айтылсын. Андан кийин пайгамбар келбей турган акыркы пайгамбарга, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана кыяматка чейин алар аркылуу туура жолду тапкандарга Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Андан кийин: Аллах Таала инсандарды жана жиндерди жалгыз Өзүнө ибадат кылуулары, жана дуба, куткаруусун суроо, курмандык чалуу, назри жана башка ибадаттарды Ага гана арноолору үчүн жараткан. Ал ушуну менен элчилерди

жиберип, аларга буйруган жана ушул нерсени баяндоо, ага чакыруу, адамдарды Аллахка шерик кошуудан жана Андан башкага ибадат кылуудан эскертүү үчүн китептерди түшүргөн, алардын эң улуусу – Ыйык Куран. Бул – негиздердин негизи жана диндин пайдубалы. Бул «Лаа илааха иллаллах» келимесинин мааниси, анын чыныгы маңызы: «Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок». Ал Аллахтан башка бардык жаратылган макулуктардан улухияттыкты жана ибадатты четке кагып, аны – ибадатты – жалгыз Аллахтын Өзүнө гана бекемдейт. Буга Аллахтын Китебинен жана Анын Элчисинин сүннөтүнөн далилдер өтө көп. Алардын бири – Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَمَا خَلَقْتُ الْجِنَّ وَالْإِنْسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ﴿٥٦﴾﴾

"Мен жин жана инсанды Бир Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана жараттым". (Зарият, 56-аят). Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَقَضَى رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوا إِلَّا إِيَّاهُ...﴾

«Раббиң өкүм (буйрук) кылды: Өзүнөн башка (кудай)ларга ибадат кылбайсың...» (Исра, 23-аят). Алла Таала дагы минтип айткан:

﴿وَمَا أُمِرُوا إِلَّا لِيَعْبُدُوا اللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ حُنَفَاءَ...﴾

"Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана кылууга, андан (жеке кудайга сыйынуудан) башка динден жүз бурууга буйрулган..." (Баййина, 5-аят). Алла Таала дагы айткан:

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ إِنَّ الَّذِينَ يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِي سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ﴿٦٠﴾﴾

"Силердин Раббиңер: «Мага дуба кылгыла силерге жооп беремин (кабыл аламын)» деди. Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар тез арада кор болгон абалда тозокко киришет". (Гафир, 60-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِى عَنِّى فَإِنِّى قَرِيبٌ أُجِيبُ دَعْوَةَ الدَّاعِ إِذَا دَعَانِ...﴾

"(О Мухаммад) эгер пенделерим сенден Мени сурашса (айткын): Мен (аларга) жакынмын. Мага дуба кылышса дуба кылуучунун дубасына жооп беремин...". (Бакара, 186-аят).

Аллах Таала бул аяттарда инсан менен жинди Өзүнө ибадат кылуу үчүн жаратканын, жана Куранда жана Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тили аркылуу пенделерине Өздөрүнүн Раббисине гана ибадат кылууну буйруп, осуят кылганын баяндады.

Аллах Таала дубанын улуу ибадат экенин, андан текеберленген адам тозокко киререн ачыктады. Ал пенделерин жалгыз Өзүнө дуба кылууга буйруп, Өзүнүн жакын экенин жана алардын дубаларына жооп берерин кабар берди. Ошондуктан, бардык пенделерге дубаны жалгыз Раббисине арноо парз болду. Себеби алар ошол үчүн

жаратылган жана ага буйрулган ибадаттын бир түрү. Аллах Таала айткан:

﴿قُلْ إِنَّ صَلَاتِي وَنُسُكِي وَمَحْيَايَ وَمَمَاتِي لِلَّهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ ﴿١٦٢﴾ لَا شَرِيكَ لَهُ وَبِذَلِكَ أُمِرْتُ وَأَنَا أَوَّلُ الْمُسْلِمِينَ ﴿١٦٣﴾﴾

"Айткын: “Менин намазым, курмандыгым, жашоом жана өлүмүм ааламдардын (жалгыз) Раббиси – Аллах үчүн!"

"Анын эч бир шериги жок! Мен ушуга буюрулдум жана мен мусулмандардын эң алдыңкысымын”.

(Анъам, 162-163-аяттар).

Аллах Таала Өзүнүн пайгамбарына адамдарга анын намазы, курмандыгы, тирүүлүгү жана өлүмү шериги жок, ааламдардын Раббиси болгон Аллахка гана таандык экенин кабар берүүгө буйруду. Ошондуктан, кимде-ким Аллахтан башкага курмандык чалса, анда ал Аллахтан башкага намаз окуган сыяктуу эле Аллахка шерик кошкон болот. Анткени Аллах Таала намаз менен курмандыкты жанаша кылып,

ал экөө шериги жок, жалгыз Аллахка гана таандык экенин кабар берди. Кимде-ким жиндерге, периштелерге, өлүктөргө жана башкаларга жакындоо үчүн мал сойсо, анда ал Аллахтан башкага намаз окуган сыяктуу болот. Ишенимдүү хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَعَنَ اللهُ مَنْ ذَبَحَ لِغَيْرِ اللهِ».

«Ким Аллахтан башкага арнап мал сойсо, анда ага Аллахтын каргышы болсун». Имам Ахмад жакшы чынжыр тизмек менен Таарик ибн Шихабдын (ага Аллах ыраазы болсун) хадисин риваят кылат, анда пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مرَّ رَجُلَانِ عَلَى قَومٍ لَهُم صَنَمٌ لَا يَجُوزُهُ أَحَدٌ حَتَّى يُقرِّبَ لَهُ شَيئًا، فَقَالُوا لِأَحَدِهِمَا: قَرِّبْ. قَالَ: لَيسَ عِندِي شَيءٌ أُقَرِّبُهُ، قَالُوا: قَرِّبْ وَلَوْ ذَبَابًا، فَقَرَّبَ ذُبَابًا، فَخَلُّوا سَبِيلَهُ، فَدَخَلَ النَّارَ، وَقَالُوا لِلآخَرِ: قَرِّبْ. قَالَ: مَا كُنْتُ لِأُقَرِّبَ لِأَحَدٍ شَيْئًا دُونَ اللهِ جَلَّ جَلَالُهُ، فَضَرَبُوا عُنُقَه، فَدَخَلَ الجَنَّةَ».

«Таш буркандары бар элдин жанынан эки киши өтүп калды. Ал буркандарга бир нерсени курмандык кылмайынча, анын жанынан эч ким өтчү эмес. Андагылар тиги экөөнүн бирине: «Курмандык чал!» - дешти. Ал: «Менин курмандыкка чала турган эч нерсем жок», - деди. Алар: «Бир чымынды болсо да курмандыкка чал», - дешти. Ал бир чымынды курмандыкка чалды. Алар аны коё беришти. Кийин ал тозокко кирди. Анан экинчисине: «Курмандык чал!» - дешти. Ал: «Мен Аллах Тааладан башка эч кимге эч нерсени курмандык кылбайм», - деди. Алар анын мойнун кыя чабышты. Ал бейишке кирди».

Эгерде айкел-бутка жана ушул сыяктуу нерселерге чымын менен жакындоону көздөгөн адам мушрик болуп, тозокко кирүүгө татыктуу болсо, анда жиндерге, периштелерге жана олуяларга дуба кылгандардын, алардан жардам сурагандардын, аларга назр кылгандардын, мал-мүлкүнүн сакталышын, оорулуусунун айыгышын, же үй жаныбарлары менен

эгиндеринин амандыгын үмүт кылып, аларга курмандык чалуу менен жакындоону көздөгөндөрдүн, же болбосо жиндердин жамандыгынан жана ушул сыяктуу нерселерден коркуп ушундай иштерди кылгандардын абалы кандай болот?! Шек-күмөнсүз, ушул жана ушуга окшогон иштерди кылган адам, айкел-бутка чымынды курмандык кылган тигил кишиге караганда мушрик болууга жана тозокко кирүүгө көбүрөөк татыктуу.

Ошондой эле Аллах Таала бул тууралуу мындай деген:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ فَٱعۡبُدِ ٱللَّهَ مُخۡلِصٗا لَّهُ ٱلدِّينَ ٢ أَلَا لِلَّهِ ٱلدِّينُ ٱلۡخَالِصُۚ وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوۡلِيَآءَ مَا نَعۡبُدُهُمۡ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ ٣﴾

"(О Мухаммад!) Биз сага Китепти Акыйкат менен түшүрдүк. Эми жалгыз Аллахка гана чын ыкластан ибадат кыл!"

"Көңүл бургула! Калыс Дин Аллах үчүн! Андан башканы дос (кудай) кылып алгандар: «Биз аларга, бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз» (дешет). Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах (гана) өкүм кылат. Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!" (Зумар, 1-3-аяттар). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَيَعْبُدُونَ مِنْ دُونِ اللَّهِ مَا لَا يَضُرُّهُمْ وَلَا يَنْفَعُهُمْ وَيَقُولُونَ هَؤُلَاءِ شُفَعَاؤُنَا عِنْدَ اللَّهِ قُلْ أَتُنَبِّئُونَ اللَّهَ بِمَا لَا يَعْلَمُ فِي السَّمَاوَاتِ وَلَا فِي الْأَرْضِ سُبْحَانَهُ وَتَعَالَى عَمَّا يُشْرِكُونَ﴿١٨﴾﴾

"(Мушриктер) Аллахтан башка, пайда да, зыян да жеткире албай турган нерселерге ибадат кылып: “Ушулар Аллахтын алдындагы биздин колдоочуларыбыз” - дешти. Айткын: «Силер Аллахка асмандар жана жердеги билбеген “шериктерин” билгизип коймок болдуңарбы?!» Ал

(мушриктер ойлогондой болуудан) Таза жана алардын ширктеринен Бийик!"

(Юнус, 18-аят).

Аллах Таала ушул эки аятта мушриктердин Андан башка жаратылгандардан олуяларды тутунуп, ал олуялар өздөрүнө сыйынгандарды Аллахка жакындатат жана Анын алдында шапаат кылат деп ойлоп, алардан коркуп, үмүт кылып ибадат кылышканын, курмандык чалуу, назр кылуу, дуба кылуу сыяктуу ибадаттар менен Ага кошуп сыйынышканын кабар берди. Андан соң Аллах Таала алардын жалганчы экенин баяндап, алардын кылганы жалган экенин ачыктады. Жана аларды жалганчылар, каапырлар жана мушриктер деп атады. Жана Өзүн алардын ширкинен аруулады. Улук жана Бийик Аллах минтип айткан:

﴿...سُبْحَانَهُ وَتَعَالَى عَمَّا يُشْرِكُونَ﴾

"Ал мушриктердин ширк амалдарынан (жана пикирлеринен) Таза жана Бийик!" (Нахл, 1-аят). Ушундан

улам, кимде-ким периштени, пайгамбарды, жинди, бак-дарактты же ташты Аллахтын алдында шапаат кылат же Ага жакындатат деп, же болбосо оорулууга шыпаа, мал-мүлкүнө сактоо, сапардагынын амандыгын жана ушул сыяктуу нерселерди үмүт кылып, аларга Аллах менен кошо дуба кылса, алардан жардам сураса, назир айтып жана курмандык чалуу менен аларга жакындаса, анда ал улуу ширкке жана оор балээге кабылган болот. Аллах ал жөнүндө мындай деген:

﴿إِنَّ اللَّهَ لَا يَغْفِرُ أَنْ يُشْرَكَ بِهِ وَيَغْفِرُ مَا دُونَ ذَٰلِكَ لِمَنْ يَشَاءُ وَمَنْ يُشْرِكْ بِاللَّهِ فَقَدِ افْتَرَىٰ إِثْمًا عَظِيمًا ﴿٤٨﴾﴾

"Албетте, Аллах Өзүнө бир нерсени шерик кылышканын кечирбейт. Мындан башка күнөөлөрдү каалаган пендесинен кечирет. Ким Аллахка ширк келтирген болсо, ал өтө чоң күнөө ойлоп тааптыр!" (Ниса, 48-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...إِنَّهُ مَنْ يُشْرِكْ بِاللَّهِ فَقَدْ حَرَّمَ اللَّهُ عَلَيْهِ الْجَنَّةَ وَمَأْوَاهُ النَّارُ وَمَا لِلظَّالِمِينَ مِنْ أَنْصَارٍ﴾

"Кимде-ким Аллахка шерик кылчу болсо, Аллах аны бейишке киргизбейт жана анын жайы тозок болот. Өзүнө залым кылуучуларга жардамчы болбойт!" (Маида, 72-аят).

Шапаат Кыямат күнү ширк ээлерине эмес, Таухид жана ыклас ээлерине гана болот. Пайгамбардан «О Аллахтын элчиси! Сенин шапаатың менен бактылуу боло турган адам ким?» - деп сурашканда, ал мындай деп айткан:

«مَنْ قَالَ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ خَالِصًا مِنْ قَلْبِهِ».

«Ким: "Лаа илааха иллаллоох" деп чын ыклас менен жүрөгүнөн айтса». (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы мындай деген:

«لِكُلِّ نَبِيٍّ دَعْوَةٌ مُسْتَجَابَةٌ، فَتَعَجَّلَ كُلُّ نَبِيٍ دَعْوَتَهُ، وَإِنِّي اخْتَبَأْتُ دَعْوَتِي شَفَاعَةً لِأُمَّتِي يَومَ القِيَامَةِ، فَهِيَ نَائِلَةٌ إِنْ شَاءَ اللهِ مَن مَاتَ مِنْ أُمَّتِي لَا يُشْرِكُ بِاللهِ شَيْئًا».

«Ар бир пайгамбардын кабыл болуучу бир дубасы болот. Ар бир пайгамбар ал дубасын кылууга шашылган. Мен болсо ал

дубамды Кыямат күнү үммөтүмө шапаат кылуу үчүн сактап койдум. Аллах кааласа, ал (шапаатым) үммөтүмдөн Аллахка эч нерсени шерик кылбастан дүйнөдөн өткөн адамга жетет».

Жогорудагы аяттарда айтылгандай, мурдагы мушриктер Аллах алардын Раббиси, Жаратуучусу жана Ырыскы берүүчүсү экенине ишенишкен, бирок алар Аллахтын алдында шапаат кылат жана Ага жакындатат деген үмүт менен пайгамбарларга, олуяларга, периштелерге, даректарга, таштарга жана ушул сыяктууларга сыйынышкан. Аллах алардын бул шылтоосун кабыл кылган жок, тескерисинче, аларды Өзүнүн улуу китебинде айыптап, каапырлар жана мушриктер деп атаган. Жана алардын «бул кудайлар бизге шапаат кылып, Аллахка жакындатат» деген ойлорун жалганга чыгарган. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) да алардын шылтоосун кабыл кылган жок, тескерисинче, алар ибадатты жалгыз

Аллахка гана арнамайынча, алар менен ушул ширктин айынан согушту. Аллах Тааланын бул төмөнкүө амал кылып:

﴿وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لَا تَكُونَ فِتْنَةٌ وَيَكُونَ الدِّينُ لِلَّهِ...﴾

"Качан (жер бетинен) фитна (ширк, исламга тоскоолдук) жок болмоюнча жана дин Аллах үчүн болмоюнча согуша бергиле..." (Бакара, 193-аят). Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«أُمِرْتُ أَنْ أُقَاتِلَ النَّاسَ حَتَّى يَشْهَدُوا أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ، وَيُقِيمُوا الصَّلَاةَ، وَيُؤْتُوا الزَّكَاةَ، فَإِذَا فَعَلُوا ذَلِكَ عَصَمُوا مِنِّي دِمَاءَهُم وَأَمْوَالَهُمْ إِلَّا بِحَقِّ الإِسْلَامِ، وَحِسَابُهُم عَلَى اللهِ».

"Мен адамдар Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок экенине, Мухаммад Аллахтын элчиси экенине күбөлүк бермейинче, намаз окумайынча, зекет бермейинче алар менен согуша берүүгө буйрулдум. Эгер ушуларды аткарышса, анда менден канын жана малын сактап калышат. Бирок Исламдын акысына тиешелүү иштерде андай эмес, анда

алардын эсеби Аллахтын колунда". Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сөзүнүн мааниси:

«حَتَّى يَشْهَدُوا أَن لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ».

«Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп күбөлүк беришмейинче» Тактап айтканда, Аллахты ибадатта өзгөчөлөшкөнчө.

Чынында, мушриктер жиндерден коркуп, алардан коргоо сурашчу, ошондо Бийик Аллах ал туурасында мындай деп аят түшүргөн:

﴿وَأَنَّهُ كَانَ رِجَالٌ مِنَ الْإِنْسِ يَعُوذُونَ بِرِجَالٍ مِنَ الْجِنِّ فَزَادُوهُمْ رَهَقًا ۝٦﴾

"Көрсө, инсандардан кээ бир адамдар кээ бир жиндерден коргоо сурашат экен. Натыйжада алар (жиндер) алардын коркуусун (дагы да) көбөйтүп коюшат". (Жин, 6-аят). Тафсир аалымдары улук аят жөнүндө мындай дешкен: Аллах Тааланын сөзүнүн мааниси:

﴿...فَزَادُوهُمْ رَهَقًا﴾

Натыйжада алар (жиндер) алардын коркуусун (дагы да) көбөйтүп коюшат. Башкача айтканда: үрөй жана коркунуч. Анткени жиндер адамдардын алардан коргоо сураганын көргөндө, бой көтөрүп, текеберленишет. Ошондо адамдар аларга көбүрөөк ибадат кылып, баш калка суроолору үчүн аларды ого бетер коркутуп, үрөйүн учурушат.

Анын ордуна Аллах мусулмандарга Өзүнөн (Аллах Тааладан) жана Анын толук сөздөрү менен коргоо тилөөнү берди да, бул тууралуу Өзүнүн сөзүн түшүрүп, мындай деген:

﴿وَإِمَّا يَنْزَغَنَّكَ مِنَ الشَّيْطَانِ نَزْغٌ فَاسْتَعِذْ بِاللَّهِ إِنَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ ﴿٢٠٠﴾﴾

"Качан сени шайтандын азгырыгы жолдон чыгара баштаса, Аллахтан коргоо сура! Чынында Ал Угуучу, Билүүчү!" (Ааараф, 200-аят). Аллах Таала дагы айткан:

﴿قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ الْفَلَقِ ۝١﴾

"Айт (о Мухаммад): «Таң Раббисинен коргоо тилеймин". Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү хадисте мындай деген:

«مَنْ نَزَلَ مَنْزِلًا فَقَالَ: (أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَّاتِ مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ)؛ لَم يَضُرَّهُ شَيءٌ حَتَّى يَرْتَحِلَ مِنْ مَنْزِلِهِ ذَلِكَ».

"Кимде-ким кайсыл бир жерге келсе: "Аъузу би калима тиллаахит-тааммаати миң шарри маа холак" деп айтса, анда ал кайра жолун улап кеткенге чейин ага эч нерсе зыян бербейт".

Жогорудагы аят-хадистерден кутулууну издеген, динин сактоону каалаган жана ширктин чоңунан да, кичинесинен да аман болууга умтулган адам маркумдарга, периштелерге, жиндерге жана башка макулуктарга таянуу, аларга дуба кылуу, алардан коргоо тилөө сыяктуу иштер жахилият доорундагы мушриктердин амалынан жана Аллах Таалага карата жасалган ширктин эң жаман түрүнөн

экендигин билет. Ошондуктан, бул ишти таштоо, андан сактануу, аны таштоого бири-бирин чакыруу жана аны кылган адамдын ишин четке кагуу – важыб.

Ал эми адамдардын арасынан ушундай ширк амалдары менен таанылган адамга, ал ошол иштеринен Аллахка тообо кылганын ачык жарыялап, дуба менен ибадатты жалгыз Аллах үчүн гана арнамайынча, үйлөнүүгө да, ал сойгон малдын этин жегенге да, ага жаназа намазын окууга да, анын артында туруп намаз окууга да болбойт. Дуба – бул ибадат, тескерисинче, анын маңызы. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«الدُّعَاءُ هُوَ العِبَادَةُ».

«Дуба – бул ибадат» Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы башка риваятта мындай деген:

«الدُّعَاءُ مُخُّ العِبَادَةِ».

«Дуба – ибадаттын өзөгү». Мушриктер менен никелешүүгө келсек, бул тууралуу

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلَا تَنْكِحُوا الْمُشْرِكَاتِ حَتَّى يُؤْمِنَّ وَلَأَمَةٌ مُؤْمِنَةٌ خَيْرٌ مِنْ مُشْرِكَةٍ وَلَوْ أَعْجَبَتْكُمْ وَلَا تُنْكِحُوا الْمُشْرِكِينَ حَتَّى يُؤْمِنُوا وَلَعَبْدٌ مُؤْمِنٌ خَيْرٌ مِنْ مُشْرِكٍ وَلَوْ أَعْجَبَكُمْ أُولَئِكَ يَدْعُونَ إِلَى النَّارِ وَاللَّهُ يَدْعُو إِلَى الْجَنَّةِ وَالْمَغْفِرَةِ بِإِذْنِهِ وَيُبَيِّنُ آيَاتِهِ لِلنَّاسِ لَعَلَّهُمْ يَتَذَكَّرُونَ﴿٢٢١﴾﴾

"Силер мушрик аялдарга алар ыйман келтирмейинче үйлөнбөгүлө. (Анткени,) күң (болсо да) ыймандуу аял мушрик (сулуу, азат жана бай) аялдан артык! Эгер ал (мушрик аял) силердин купулуңарга толуп турса да. Ошондой эле, (өзүңөргө караштуу кыз-жубандарды) мушрик эркектерге – алар ыйманга келмейинче – никелеп бербегиле. (Анткени,) кул болсо да ыймандуу эркек мушрик эркектен, артык! Эгер ал (мушрик) силерге жагып турса да. (Себеби) Алар (мушриктер сөзү, пейили жана абал-көрүнүшү менен силерди) тозокко чакырышат.

Аллах болсо, Өз каалоосу менен бейишке жана кечирим берүүгө чакырат. Жана аяттарын адамдарга (ушинтип) баяндайт. Кана эле, алар Аллахты эстешсе!" (Бакара, 221-аят). Ошентип, Аллах Таала мусулмандарга айкелдерге, жиндерге, периштелерге жана башка нерселерге сыйынган мушрик аялдарга, алар ибадатты жалгыз Аллахка ыклас менен кылып, Пайгамбарды, ал алып келген нерселерде тастыктап жана анын жолун ээрчип ыйман келтирмейинче, үйлөнүүгө тыюу салды. Ошондой эле мусулман аялдарды мушрик эркектерге, алар ибадатты жалгыз Аллахка ыклас менен кылып, Пайгамбарды тастыктап жана аны ээрчип ыйман келтирмейинче, турмушка берүүгө тыюу салды.

Аллах Таала ыймандуу күңдүн – аны карагандарга сулуулугу жана сөзүнүн көркөмдүгү менен канчалык жакса да – эркин мушрик аялдан жакшыраак экенин, ошондой эле ыймандуу кулдун – аны угуп, карагандарга сулуулугу, чечендиги, эр

жүрөктүүлүгү жана башка сапаттары менен канчалык жакса да – эркин мушрик эркектен жакшыраак экенин кабар берди. Андан соң бул артыкчылыктын себептерин Өзүнүн сөзү менен мындайча түшүндүргөн:

﴿...أُولَٰئِكَ يَدْعُونَ إِلَى النَّارِ...﴾

"...Алар тозокко чакырышат..." (Бакара, 221-аят). Муну менен мушрик эркектер жана мушрик аялдар сөздөрү, амалдары, жашоо жолдору жана кулк-мүнөздөрү менен тозокко чакыруучулар экени маалым болду. Ал эми ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдар, кулк-мүнөздөрү, амалдары жана жашоо жолдору менен Бейишке чакыруучулар. Демек, тигилер менен булар кантип тең болсун?

Ал эми мушриктерге жаназа окууга келсек, Аллах Таала эки жүздүүлөр тууралуу мындай деген:

﴿وَلَا تُصَلِّ عَلَىٰ أَحَدٍ مِنْهُمْ مَاتَ أَبَدًا وَلَا تَقُمْ عَلَىٰ قَبْرِهِ إِنَّهُمْ كَفَرُوا بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ وَمَاتُوا وَهُمْ فَاسِقُونَ ﴿٨٤﴾﴾

"Эгер алардан бирөөсү өлсө, ага эч

качан жаназа түшүрбө жана мүрзөсүнүн үстүндө (дуба кылып) турба! (Себеби) алар Аллах жана пайгамбарына каапыр болушуп, бузуку бойдон өлүштү!" (Тообо, 84-аят). Аллах Таала бул улуу аятта Аллахка жана Анын элчисине каапыр болгондугу себептүү эки жүздүүгө жана каапырга жаназа окулбай турганын ачык-айкын баяндады. Ошондой эле алардын каапырлыгы, ишенимсиздиги жана алар менен мусулмандардын ортосундагы чоң душмандыктан улам алардын артынан намаз окулбайт жана алар мусулмандарга имам кылынбайт. Анткени алар намаз жана ибадат ээлеринен эмес, себеби каапырлык жана ширк менен бирге эч бир амал калбайт. Аллахтан мындан сактоосун сурайбыз. Ал эми мушриктердин сойгон малын жегенге келсек, Улуу Аллах Таала өлүмтүктүн жана мушриктер сойгон малдын арам экенин баяндап, мындай деген:

﴿وَلَا تَأْكُلُوا مِمَّا لَمْ يُذْكَرِ اسْمُ اللَّهِ عَلَيْهِ وَإِنَّهُ لَفِسْقٌ وَإِنَّ

الشَّيَاطِينَ لَيُوحُونَ إِلَى أَوْلِيَائِهِمْ لِيُجَادِلُوكُمْ وَإِنْ أَطَعْتُمُوهُمْ إِنَّكُمْ لَمُشْرِكُونَ﴿١٢١﴾

"Аллахтын ысымы эскерилбеген нерселерден жебегиле! (Анткени,) Ал – анык бузукулук! Албетте, шайтандар өздөрүнүн досторуна (мушриктерге) силер менен талашып-тартышууну илхам кылышат. Эгер аларга моюн сунсаңар, силер дагы мушриксиңер!" (Анъам, 121-аят). Ошентип, Аллах Таала мусулмандарга өлүмтүктү жана мушриктин мууздаган малын жегенге тыюу салды; анткени ал ыплас болгондуктан, анын мууздаган малы, ага Аллахтын аты аталса дагы, өлүмтүктүн өкүмүндө болот. Себеби мушрик адам (Аллахтын атын) атаганы жараксыз жана эч кандай таасири жок, анткени бул – ибадат, ал эми ширк болсо ибадатты жокко чыгарып, жараксыз кылат, мушрик адам Аллах Таалага тообо кылгандан кийин гана мусулман деп эсептелет. Аллах Таала китеп ээлеринин тамагын жегенге уруксат берип, минтип

айткан:

﴿...وَطَعَامُ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ حِلٌّ لَكُمْ وَطَعَامُكُمْ حِلٌّ لَهُمْ...﴾

"...жана китеп берилген элдердин тамагы силер үчүн, силердин тамагыңар алар үчүн адал кылынды...". (Маида, 5-аят). Анткени алар өздөрүн асмандан түшкөн динге таандык кылышат, Муса жана Иса пайгамбарды ээрчийбиз дешет. Бирок алар жалганчы. Аллах Таала Мухаммад пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бүткүл адамзатка пайгамбар кылып жиберүү менен алардын динин жокко чыгарып, жараксыз кылган. Бирок, Аллах Таала бизге китеп ээлеринин тамагын жешти жана аялдарына үйлөнүүнү адал кылды. Мунун илим ээлери тактап, түшүндүрүп берген терең даанышмандыгы жана сырлары бар. Ал эми буттарга жана өлгөндөргө (пайгамбарларга, олуяларга ж.б.) сыйынган мушриктер булардан айырмаланат. Анткени алардын дининин эч кандай негизи жок, чындыкка

окшоштук да жок. Тескерисинче, түптамырынан бери жалган. Ошондуктан, алардын сойгон малы өлүмтүк болуп, аны жегенге уруксат берилбейт.

Ал эми бир адам сүйлөшүп жаткан экинчи адамга: "Сени жин чалды", "Сени жин алып кетти", "Сени шайтан алып учту" жана ушул сыяктуу сөздөрдү айтуусу – бул акаарат айтуу жана сөгүнүү болуп, сөгүнүптилдөөнүн башка түрлөрү сыяктуу эле минтип айтуу мусулмандардын арасында туура эмес. Минтип айтуу ширк болуп эсептелбейт. Бирок аны айткан адам жиндер адамдарга Аллахтын уруксатысыз жана каалоосусуз таасир этет деген ишенимде айтса, анда ширк болот. Ким жиндерге же башка жаратылгандарга карата ушундай ишенимде болсо, анда ал бул ишеними менен каапыр болот. Анткени Аллах бардык нерсенин Падышасы, бардык нерсеге Кудуреттүү, пайда жана зыян берүүчү. Бардык нерсе Анын уруксаты, каалоосу жана алдын-ала жазган тагдыры менен гана болот. Аллах Таала

пайгамбарына адамдарга бул улуу негизди кабарлоону буйруп, минтип айткан:

﴿قُلْ لَا أَمْلِكُ لِنَفْسِي نَفْعًا وَلَا ضَرًّا إِلَّا مَا شَاءَ اللَّهُ وَلَوْ كُنْتُ أَعْلَمُ الْغَيْبَ لَاسْتَكْثَرْتُ مِنَ الْخَيْرِ وَمَا مَسَّنِيَ السُّوءُ إِنْ أَنَا إِلَّا نَذِيرٌ وَبَشِيرٌ لِقَوْمٍ يُؤْمِنُونَ﴿١٨٨﴾﴾

"Айткын: “Мен өзүмө Аллах каалагандан башка пайда да, зыян да жеткире албаймын. Эгер кайыпты билгенимде, (өзүмө) жакшылыктарды көбөйтүп алмакмын жана мага эч кандай жамандык болмок эмес. Мен болгону, ыймандуу адамдарды (азап) менен эскертүүчү жана (сооп-сыйлык) менен сүйүнтүүчү пайгамбармын". (Ааараф, 188-аят). Эгерде калайыктын төрөсү жана эң абзели (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнө, Аллах каалагандан башка, пайда да, зыян да жеткире албаса, анда башка жаратылгандардын абалы кандай болот?! Бул маанидеги аяттар өтө көп.

Ал эми төлгөчүлөр, көз боёчулар,

жылдыз кароочулар жана ушул сыяктуу кайып кабарларды айтуучулардан бир нерсени суроо - бул тыюу салынган арам иш. Аларга ишенүү андан да жаманыраак жана чоң күнөө, атүгүл каапырлыктын бир бутагы болуп саналат. Анткени Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ أَتَى عَرَّافًا فَسَأَلَهُ عَنْ شَيءٍ؛ لَمْ تُقْبَلْ لَهُ صَلَاةٌ أَرْبَعِينَ يَومًا».

"Ким төлгөчүгө барып андан бир нерсе тууралуу сураса, кырк күнгө чейин анын намазы кабыл болбойт". Имам Муслим өзүнүн "Сахих Муслим" китебинде риваят кылган. Жана дагы "Сахих" китебинде Муавия бин аль-Хакам Ассуламийден (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى عَنْ إِتْيَانِ الكُهَّانِ وَسُؤَالِهِم».

"Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көзү ачыктарга баруудан жана алардан суроодон тыйган".

"Сунан" китептеринде Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын

тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканы бар:

«مَنْ أَتَى كَاهِنًا، فَصَدَّقَهُ بِمَا يَقُولُ؛ فَقَدْ كَفَرَ بِمَا أُنْزِلَ عَلَى مُحَمَّدٍ ﷺ».

"Кимде-ким көзү ачыкка барып, анын айткандарына ишенсе, анда Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүрүлгөн нерсеге каапырлык кылган болот". Бул маанидеги хадистер өтө көп. Мусулмандарга кайыптан кабар берүү жана мусулмандарды алдоо менен алектенген көзү ачыктардан, төлгөчүлөрдөн жана башка көз боёчулардан (мейли ал медицинанын атынан болсун же башка нерсенин атынан болсун) бир нерсени суроодон сактануу важыб. Анткени Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындан тыйып, эскерткен. Буга кээ бир адамдардын табыпчылыктын атын жамынып кылган кайып иштери да кирет. Алар оорулуу эркектин селдесин, же оорулуу аялдын жоолугун, же ушул

сыяктуу нерселерди жыттап көрүп: «Бул оорулуу тигиндей кылган, мындай кылган» деп, оорулуунун селдесинен жана башка нерселеринен билинбей турган кайып иштерди айтышат. Мунун максаты – карапайым элди алдап, алар: «Бул табыпчылыкты, оорунун түрлөрүн жана себептерин жакшы билет экен» деп айтуулары үчүн гана жасалат. Кээде аларга кандайдыр бир дары-дармектерди бериши мүмкүн, анан кээде Аллахтын тагдыры менен оорулуу айыгып кетет да, алар муну ошол табыптын дарысынын себебинен болду деп ойлоп калышат. Кээде оорунун себеби – өзүн дарыгер деп эсептеген адамга кызмат кылган жиндер жана шайтандар болушу мүмкүн. Жин-шайтандар ага өздөрү билген кайып нерселер жөнүндө кабар беришет. Ал ошого таянып, жиндер менен шайтандарды аларга ылайыктуу сыйынуулар аркылуу ыраазы кылганда, алар оорулуу адамдан алыстап, ага келтирген зыянын токтотушат. Бул нерсе жиндер, шайтандар жана аларды колдонгондор арасында белгилүү.

Ошондой эле мусулмандарга андан сактануу, аны таштоону бири-бирине насаат кылуу, Аллах Таалага таянуу жана бардык иштерде Ага тобокел кылуу важыб. Ал эми шариятка ылайык дем салдыруунун, уруксат берилген дары-дармектерди колдонуунун жана оорулууну сезилүүчү жана акылга сыярлык жолдор менен текшерип, оорусун аныктаган дарыгерлерге кайрылып дарылануунун эч зыяны жок. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَا أَنْزَلَ اللهُ دَاءً إِلَّا أَنْزَلَ لَهُ شِفَاءً، عَلِمَهُ مَنْ عَلِمَهُ، وَجَهِلَهُ مَنْ جَهِلَهُ».

"Чындыгында, Аллах кандай оору түшүрсө, анда анын шыпаасын да түшүргөн. Аны билгендер билет, билбегендер билбейт". Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы минтип айткан:

«لِكُلِّ دَاءٍ دَوَاءٌ، فإِذَا أُصِيبَ دَوَاءُ الدَّاءَ بَرَأَ بِإِذْنِ اللهِ».

«Ар бир оорунун дарысы бар. Эгерде дары ооруга дал келсе, анда Аллахтын

уруксаты менен айыгат». Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«عِبَادَ اللهِ، تَدَاوَوا وَلَا تَدَاوَوا بِحَرَامٍ».

«Оо, Аллахтын пенделери, дарылангыла. Бирок арам нерсе менен дарыланбагыла». Бул маанидеги хадистер өтө көп.

Аллах Тааладан жалпы мусулмандардын абалын оңдоосун суранабыз. Жүрөктөрүнө жана денелерине ар кандай жамандыктан шыпаа берсин. Аларды туура жолго бириктирсин. Бизди жана аларды адаштыруучу фитналардан, шайтанга жана анын жактоочуларына баш ийүүдөн сактасын. Албетте, Ал бардык нерсеге Кадыр. Күч-кубат бир гана Улуу жана Бийик Аллахта.

Аллахтын кулу жана элчиси, пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салам-салаваты жана берекеси болсун.

***

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Төртүнчү китепче:

Бидаат жана ширк мүнөзүндөгү зикир-дубалар (авраддар) менен ибадат кылуунун өкүмү

Абдулазиз бин Абдуллах бин Баздан урматтуу бир тууган (.....) мырзага, Аллах аны жакшылыкка багыттасын, Амин.

Сиздерге Аллахтын саламаттыгы, ырайымы жана берекеси болсун.

Андан кийин айтарым: Мага сиздердин катыңыздар жетти. Аллах сиздерди Өзүнүн туура жолуна жеткирсин. Анда сиздердин өлкөдө кээ бир адамдар Аллах эч кандай далил түшүрбөгөн "зикирлерди" кылышары айтылыптыр. Алардын арасында бидаат да, ширк да болгондору бар экен. Алар муну момундардын амири Али ибн Абу Толибге (ага Аллах ыраазы болсун) жана башкаларга таандык

кылышат экен. Алар зикир чалуу отуруштарында, мечиттерде шам намазынан кийин, Аллахка жакындоо деп эсептеп, «Аллахтын акысы үчүн, эй, Аллахтын пенделери, Аллахтын жардамы менен бизге жардам бергиле жана Аллах менен бизге жардамчы болгула» деген сыяктуу зикирлерди окушат. Алардын: «Эй, кутбдар, эй, мырзалар! Эй, бизге жардам берүүчүлөр, жооп бергиле! Аллахтын алдында шапаат кылгыла. Мына, бул силердин кулуңар эшигиңерде турат, кемчилигинен коркуп турат. О Аллахтын Элчиси, бизге жардам бер! Силерден башка барар жерим жок, тилегим силерден орундалат. Силер Аллахка жакынсыңар. Шейиттердин мырзасы Хамза аркылуу жана силер аркылуу бизге жардам болсун! О Аллахтын Элчиси, бизге жардам бер» – дегени сыяктуу сөздөрдү айтышат. Алар: «О Аллахым! Өзүңдүн «Жабарут» сырларыңдын ачылуусуна жана «Рахманий» нурларыңдын чачылуусуна себепчи болгон, натыйжада «Раббаний Азиретинин» өкүлү жана «Заттык»

сырларыңдын халифасы кылган пендеңе салам-салаваттар болсун».

Силердин эмне бидаат, эмне ширк экендигин билүүгө кызыкканыңар жана ушул дубаны кылган имамдын артында намаз окуу туура болобу деген сурооңор, мунун баары мурда эле маалым беле?

Жооп: Бардык алкыш-мактоолор жалгыз Аллахка айтылсын. Андан кийин пайгамбар келбей турган акыркы пайгамбарга, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана кыямат күнүнө чейин анын туура жолун ээрчигендерге Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Андан кийин айтарым: Билгин, Аллах сага топук берсин, Аллах Таала бир гана Өзүнө эч нерсени шерик кылбастан ибадат кылынуусу үчүн калайыкты жаратып, элчилерди (аларга Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жиберген. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَا خَلَقْتُ الْجِنَّ وَالْإِنْسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ﴿٥٦﴾﴾

"Мен жин жана инсанды Бир Өзүмө

ибадат кылуулары үчүн гана жараттым". (Зарият, 56-аят).

Ибадат – жогоруда айтылгандай – бул: Аллахка жана Анын элчисине ыйман келтирип, амалды Аллах үчүн ыклас менен аткарып, Аллахты өтө жакшы көрүп жана жалгыз Өзүнө гана толук моюн сунуп, Аллах Таала жана Анын элчиси Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) буйруган амалдарды аткаруу жана алар тыйган иштерден баш тартуу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَقَضَى رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوا إِلَّا إِيَّاهُ...﴾

«Раббиң Өзүнөн башка (кудай)ларга ибадат кылбооңду өкүм кылды...». (Исра, 23-аят). Тактап айтканда, жалгыз Өзүнө гана ибадат кылууга буйруду. Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿الْحَمْدُ لِلَّهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ ۝٢ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ ۝٣ مَالِكِ يَوْمِ الدِّينِ ۝٤ إِيَّاكَ نَعْبُدُ وَإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ ۝٥﴾

"Ааламдардын Раббиси – Аллахка алкыш-мактоолор болсун!"

"Ал - Ырайымдуу, Мээримдүү".

"Кыямат Күндүн падышасы".

"Жалгыз Сага гана ибадат кылабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз!" (Фатиха, 2-5-аяттар). Аллах Таала бул аяттарда Өзү гана ибадатка татыктуу экенин жана жалгыз Өзүнөн гана жардам сураларын баяндады. Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ فَٱعۡبُدِ ٱللَّهَ مُخۡلِصٗا لَّهُ ٱلدِّينَ ۝٢ أَلَا لِلَّهِ ٱلدِّينُ ٱلۡخَالِصُۚ...﴾

"(О Мухаммад!) Биз сага Китепти Акыйкат менен түшүрдүк. Эми жалгыз Аллахка гана чын ыкластан ибадат кыл!"

"Көңүл бургула! Калыс Дин Аллах үчүн!" (Зумар, 2-3-аяттар). Аллах Таала мындай деген:

﴿فَادْعُوا اللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ وَلَوْ كَرِهَ الْكَافِرُونَ ۝١٤﴾

"Эми, силер эгер каапырлар жаман көрсө да, (бардык) дин-ибадатты

Аллахка калыс багыттаган абалда гана дуба (ибадат) кылгыла!" (Гаафир, 14-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَأَنَّ الْمَسَاجِدَ لِلَّهِ فَلَا تَدْعُوا مَعَ اللَّهِ أَحَدًا﴾

"(Бардык) мечиттер Аллахка ибадат кылуу үчүн! Силер Аллахка кошуп башка “кудайларга” дуба кылбагыла!" (Жин, 18-аят). Бул маанидеги аяттар өтө көп. Алардын баары Аллахты ибадатта жалгыздоонун важыбдыгына далил.

Дубанын бардык түрлөрү ибадат экени белгилүү, ошондуктан ушул улук аяттарга жана ушундай маанидеги башка аяттарга амал кылып, өз Раббисинен башкага дуба кылууга, Андан башкадан жардам жана куткаруу суроого болбойт. Бирок, тирүү жанында турган макулуктун колунан келген, катардагы сезилип-туюлуп турган иштерде андан жардам суроо ибадат болуп эсептелбейт. Тескерисинче, шарият далилдери жана аалымдардын бир пикири (ижма) боюнча буга уруксат берилет. Мисалы, баласынын, кызматчысынын,

итинин же ушул сыяктуулардын жамандыгын кайтаруу үчүн жардам же сактоо сураса болот. Мисалы, адамдын үйүн курууда, унаасын оңдоодо же ушуга окшогон нерселерде тирүү, жанындагы колунан келген адамдан, же болбосо кат жазышуу сыяктуу көрүнөө себептер аркылуу жанында жок адамдан жардам суроо боло турган иш. Буга дагы мисал: адамдын жихадда, согушта жана ушул сыяктуу абалдарда өз шериктеринен жардам суроосу. Бул темада Аллах Таала Муса пайгамбардын окуясында мындай деген:

﴿...فَاسْتَغَاثَهُ الَّذِى مِنْ شِيعَتِهِ عَلَى الَّذِى مِنْ عَدُوِّهِ...﴾

"...Өз жамаатынан болгон адам душман жамааттан болгон адамга каршы Мусадан жардам сурады эле...".

(Касас, 15-аят).

Ал эми маркумдардан, жиндерден, периштелерден, бак-даректардан жана таштардан жардам суроо – бул чоң ширкке кирет жана алгачкы мушриктердин Узза,

Лат жана башка кудайларына кылган амалдары сыяктуу эсептелет. Ошондой эле, тирүү олуя-эшендер деп эсептелгендерден Аллахтан башка эч кимдин күчү жетпеген нерселерде жардам суроо дагы ширкке кирет; мисалы: оорулууларга шыпаа берүү, жүрөктөргө хидаят берүү, Бейишке киргизүү, Тозоктон куткаруу жана ушул сыяктуу иштерде.

Жогоруда айтылган аяттар жана ага маанилеш болгон башка аяттар менен хадистердин баары бардык иштерде жүрөктөрдү Аллахка буруунун жана ибадатты Аллахтын Өзүнө гана ыклас менен аткаруунун важыбдыгына далил. Анткени пенделер, мурунку аяттарда айтылгандай, дал ушул үчүн жаратылып, ушуга буйрулган. Ошондой эле Аллах Тааланын бул сөзүндө да айтылат:

﴿وَاعْبُدُوا اللَّهَ وَلَا تُشْرِكُوا بِهِ شَيْئًا...﴾

"Аллахка ибадат кылгыла (Анын бардык өкүмдөрүнө моюн сунгула) жана Ага эч нерсени шерик кылбагыла...".

(Ниса, 36-аят). Аллах Тааланын төмөнкүдөй аяты да бар:

﴿وَمَا أُمِرُوا إِلَّا لِيَعْبُدُوا اللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ...﴾

"Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана кылууга буйрулду ...". (Баййина, 5-аят). Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муаздын (ага Аллах ыраазы болсун) хадисинде минтип айткан:

«حَقُّ اللهِ عَلَى العِبَادِ أَنْ يَعْبُدُوهُ وَلَا يُشْرِكُوا بِهِ شَيْئًا».

"Аллахтын пенделердин мойнундагы акысы - Ага эч нерсени шерик кылбай ибадат кылуулары!" Бухари жана Муслим риваяты. Ибн Масъуд (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ مَاتَ وَهُوَ يَدْعُو لِلَّهِ نِدًّا؛ دَخَلَ النَّارَ».

«Кимде-ким Аллахка башка нерсени шерик кылып өлсө, тозокко кирет». Бухари риваят кылган. Эки ишенимдүү хадистер топтомунда Ибн Аббас (аларга Аллах

ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муазды Йеменге жөнөтүп жатып, ага мындай деген:

«إِنَّكَ تَأْتِي قَومًا أَهْلَ كِتَابٍ، فَلْيَكُنْ أَوَّلَ مَا تَدْعُوهُم إِلَيهِ شَهَادَةِ أَنْ لَا إِلهَ إِلَّا اللهُ».

«Сен китеп берилген элдерге баратасың. Биринчи кезекте аларды "Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок" күбөлүгүн берүүгө чакыр». Башка риваятта минтип айтылат:

«اُدْعُهُمْ إِلَى شَهَادَةِ أَنْ لَا إِلهَ إِلَّا اللهُ وَأَنِّي رَسُولُ اللهِ».

«Аларды “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана мен Аллахтын элчисимин” деп күбөлүк берүүгө чакыр». Бухарийдин риваятында минтип айтылат:

«فَلْيَكُنْ أَوَّلَ مَا تَدْعُوهُم إِلَى أَنْ يُوَحِّدُوا اللهَ».

«Сенин аларга болгон чакырыгыңдын эң биринчиси – Аллахты жалгыздоо болсун». Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Таарик бин Ашйам ал-Ашжаъи (ага Аллах ыраазы болсун) Пайгамбарыбыздын

(саллаллаху алейхи уа саллам) мындай дегенин риваят кылат:

«مَنْ قَالَ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَكَفَرَ بِمَا يُعْبَدُ مِن دُونِ اللهِ؛ حَرُمَ مَالُهُ وَدَمُهُ، وَحِسَابُهُ عَلَى اللهِ جَلَّ جَلَالُهُ».

«Ким: "Лаа илааха иллаллоох" деп айтып, Аллахтан башка ибадат кылынган нерселерден баш тартса, анын мал-мүлкү жана каны арам болот. Ал эми сурагы Улуулугу улук болгон Аллахка таандык». Бул маанидеги хадистер өтө көп.

Бул тавхид – Ислам динининн негизи жана пайдубалы, иштин башы жана эң маанилүү милдет. Бул инсан менен жиндерди жаратуудагы жана бардык пайгамбарларды (аларга Аллахтын тынчтыгы болсун) жөнөтүүдөгү даанышмандык. Буга жогоруда айтылган аяттар далил болот. Алардын бири Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَمَا خَلَقْتُ الْجِنَّ وَالْإِنْسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ﴿٥٦﴾﴾

"Мен жин жана инсанды Бир Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана

жараттым". (Зарият, 56-аят). Буга дагы бир далил: Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَلَقَدْ بَعَثْنَا فِي كُلِّ أُمَّةٍ رَسُولًا أَنِ اعْبُدُوا اللَّهَ وَاجْتَنِبُوا الطَّاغُوتَ...﴾

"Биз ар бир элге «Аллахка гана ибадат кылгыла, (башка) “кудайлардан” алыс болгула (деп айта турган) пайгамбарларды жибергенбиз..." (Нахл, 36-аят). Аллах Тааланын төмөнкү сөзү да бар:

﴿وَمَا أَرْسَلْنَا مِنْ قَبْلِكَ مِنْ رَسُولٍ إِلَّا نُوحِي إِلَيْهِ أَنَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا أَنَا فَاعْبُدُونِ ﴿٢٥﴾﴾

"(О Мухаммад!) Сенден мурун жиберген ар бир пайгамбарга Биз: «Менден башка (ибадатка ылайык) кудай жок. Өзүмө гана сыйынгыла деп аян-кабар кылдык". (Анбия, 25-аят). Улуу Аллах Нух, Худ, Салих жана Шуайб (аларга Аллахтын тынчтыгы болсун) пайгамбарлар тууралуу алар өз коомдоруна мындай деп кайрылышканын айтат:

﴿...اعْبُدُوا اللَّهَ مَا لَكُمْ مِنْ إِلَهٍ غَيْرُهُ...﴾

"Аллахка гана ибадат кылгыла! Силер үчүн Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок!" (Аьраф, 59-аят). Бул бардык элчилердин чакырыгы, муну жогоруда айтылган эки аят да далилдеп турат. Элчилердин душмандары да, элчилер аларды Аллахты ибадатта жалгыздоого жана Андан башка сыйынылып жаткан кудайларды таштоого буйруганын мойнуна алышкан. Аллах Таала Аад коомунун окуясында айткандай, алар Худ пайгамбарга мындай дешкен:

﴿...أَجِئْتَنَا لِنَعْبُدَ اللَّهَ وَحْدَهُ وَنَذَرَ مَا كَانَ يَعْبُدُ آبَاؤُنَا...﴾

"... Сен бизге, жалгыз Аллахка ибадат кылуубуз жана ата-бабаларыбыз ибадат кылган кудайларды таштообуз үчүн келдиңби?..." (Ааараф, 70-аят). Пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Курайш элин жалгыз Аллахка сыйынууга жана Андан башка сыйынган периштелер,

олуялар, бут-айкелдер, бак-даректар жана башка нерселерди таштоого чакырганда, алар эмне дегени тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿أَجَعَلَ الْآلِهَةَ إِلَٰهًا وَاحِدًا إِنَّ هَٰذَا لَشَيْءٌ عُجَابٌ ۝٥﴾

"Ал (биздин) көп кудайларды бир эле Кудай кылат бекен?! Бул өтө таң калычтуу нерсе!» – дешти". (Сад, 5-аят). Аллах Таала алар жөнүндө мындай деген:

﴿إِنَّهُمْ كَانُوا إِذَا قِيلَ لَهُمْ لَا إِلَٰهَ إِلَّا اللَّهُ يَسْتَكْبِرُونَ ۝٣٥ وَيَقُولُونَ أَئِنَّا لَتَارِكُوا آلِهَتِنَا لِشَاعِرٍ مَّجْنُونٍ ۝٣٦﴾

"(Дүйнө жашоосунда) аларга «Эч бир кудай жок, бир гана Аллах бар (ошого гана сыйынгыла)» деп айтылганда текеберленишкен".

"... жана: «Биз өзүбүздүн кудайларыбызды ушул жинди акын (Мухаммад) үчүн таштайт белек?!» дешет (болчу)". (Саффат, 35-36-аяттар). Бул маанидеги аяттар өтө көп.

Биз жогоруда келтирген аят-хадистерден

сага айкын болот – Аллах мени жана сени динди түшүнүүгө жана ааламдардын Раббисинин акысын таанууга ийгилик берсин – сен сурооңдо баяндаган бул дубалар жана жардам суроонун түрлөрүнүн баары чоң ширктин түрлөрүнө кирет. Анткени алар Аллахтан башкага ибадат кылуу, жана Андан башка эч кимдин колунан келбеген нерселерди маркумдардан жана көзү жоктордон суроо болуп эсептелет. Бул мурункулардын ширкинен да жаманыраак; анткени, мурункулар жыргалчылыкта гана ширк кылышчу. Ал эми кыйынчылык учурунда, алар ибадатты Аллахка ыкластуулук менен кылышат; анткени аларды кыйынчылыктан куткарууга жалгыз Аллах Таала гана кудуреттүү экенин билишет. Аллах Таала Өзүнүн аныктыгында ошол мушриктер жөнүндө минтип айткан:

﴿فَإِذَا رَكِبُواْ فِي ٱلۡفُلۡكِ دَعَوُاْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ فَلَمَّا نَجَّىٰهُمۡ إِلَى ٱلۡبَرِّ إِذَا هُمۡ يُشۡرِكُونَ ٦٥﴾

"Эгер алар кемеге чыгышса (жана

катуу добул болуп, кеме чайпала баштаса) Аллахтын жалгыз Өзүнө, түздөн-түз, ыклас менен дуба (ибадат) кылышат. Ал эми, Аллах аларды (апааттан) куткарып, жээкке чыгарып койсо, кайрадан ширк кыла башташат". (Анкабут, 65-аят). Аллах Таала башка бир аятта аларга кайрылып мындай деген:

﴿وَإِذَا مَسَّكُمُ ٱلضُّرُّ فِى ٱلْبَحْرِ ضَلَّ مَن تَدْعُونَ إِلَّآ إِيَّاهُ ۖ فَلَمَّا نَجَّىٰكُمْ إِلَى ٱلْبَرِّ أَعْرَضْتُمْ ۚ وَكَانَ ٱلْإِنسَٰنُ كَفُورًا ﴿٦٧﴾﴾

"Эгер силерди деңиз үстүндө бир апаат кармаса, жалбарып, дуба кылган «кудайыңар» жоголуп, Анын (Аллахтын) Өзү гана калат. (Жана Өзүнө жалбарып: «О Аллах! Өзүң жалгыз кудайыбызсың! Куткара көр!» дейсиңер). Эми, Ал силерди кургакка чейин (жеткирип) куткарып койсо, (дагы эле бут-кудайыңарга) бурулуп кетесиңер. Инсан жакшылыкка шүгүрсүз болду!"

(Исра, 67-аят).

Эгер ушул кийинки мушриктерден

бирөө: «Биз алар өздөрүнөн-өздөрү пайда берет, оорулууларыбызга шыпаа берет, же бизге пайда-зыян жеткирет деп ниет кылбайбыз. Болгону, ушул иштерде алардын Аллах Таалага шапаат кылуусун гана максат кылабыз» десечи?

Ага жооп мындай: Мурунку каапырлардын максаты жана каалоосу да ушундай болгон. Алардын максаты кудайлары өзүнөн-өзү жаратат, ырыскы берет, же пайда-зыян келтирет деп ишенишкен эмес. Анткени, муну Аллахтын Куранда алар жөнүндө айткандары жокко чыгарат. Алар болгону (кудайларынын) шапаатын, даражасын жана аларды Аллахка жакындатуусун каалашкан. Бул тууралуу Аллах Таала айткан:

﴿وَيَعۡبُدُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ مَا لَا يَضُرُّهُمۡ وَلَا يَنفَعُهُمۡ وَيَقُولُونَ هَٰٓؤُلَآءِ شُفَعَٰٓؤُنَا عِندَ ٱللَّهِ...﴾

"(Мушриктер) Аллахтан башка, пайда да, зыян да жеткире албай турган нерселерге ибадат кылып: “Ушулар Аллахтын алдындагы биздин

колдоочуларыбыз” - дешти". (Юнус, 18-аят). Аллах алардын айтканын четке кагып:

﴿...قُلۡ أَتُنَبِّـُٔونَ ٱللَّهَ بِمَا لَا يَعۡلَمُ فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَلَا فِي ٱلۡأَرۡضِۚ سُبۡحَٰنَهُۥ وَتَعَٰلَىٰ عَمَّا يُشۡرِكُونَ﴾

«Айткын: «Силер Аллахка асмандар жана жердеги билбеген “шериктерин” билгизип коймок болдуңарбы?!» Ал (мушриктер ойлогондой болуудан) Таза жана алардын ширктеринен Бийик!» (Юнус, 18-аят). Ошентип, Ал асмандарда да, жерде да мушриктер көздөгөндөй шапаатчы жок экенин ачык-айкын айтты. Аллах бар деп билбеген нерсенин өзү жок. Анткени Ага эч бир нерсе жашыруун эмес. Аллах Таала мындай деген:

﴿تَنزِيلُ ٱلۡكِتَٰبِ مِنَ ٱللَّهِ ٱلۡعَزِيزِ ٱلۡحَكِيمِ ١ إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ فَٱعۡبُدِ ٱللَّهَ مُخۡلِصٗا لَّهُ ٱلدِّينَ ٢ أَلَا لِلَّهِ ٱلدِّينُ ٱلۡخَالِصُۚ وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوۡلِيَآءَ مَا نَعۡبُدُهُمۡ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ ٣﴾

"Бул Китептин (Курандын) түшүшү Кудуреттүү, Даанышман Аллах тарабынан".

"(О Мухаммад!) Биз сага Китепти Акыйкат менен түшүрдүк. Эми жалгыз Аллахка гана чын ыкластан ибадат кыл!"

"Көңүл бургула! Калыс Дин Аллах үчүн! Андан башканы дос (кудай) кылып алгандар: «Биз аларга, бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз» (дешет). Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах (гана) өкүм кылат. Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!"

(Зумар, 1-3-аяттар).

Бул жерде диндин мааниси – ибадат. Ал – жогоруда айтылгандай – Аллахка жана Анын элчисине баш ийүү. Буга дуба, куткаруусун суроо, коркуу, үмүт кылуу, курмандык чалуу, назр кылуу, ошондой эле намаз, орозо жана Аллах менен Анын элчиси буйруган башка амалдар кирет.

Ошентип, Аллах Таала ибадат жалгыз Өзүнө гана таандык экенин жана пенделерге аны Ага ыклас менен кылуу милдет экенин баяндады. Анткени, Анын Пайгамбарга ибадатты ыклас менен кылууга берген буйругу, үммөттүн баарына тиешелүү буйрук.

Андан кийин Аллах Таала каапырлар жөнүндө баяндап, мындай деген:

﴿...وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوۡلِيَآءَ مَا نَعۡبُدُهُمۡ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ...﴾

"Андан башканы дос (кудай) кылып алгандар: «Биз аларга, бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз". (Зумар, 3-аят). Аллах Таала алардын айтканын төмөнкү сөзү менен жокко чыгарат:

﴿...إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ﴾

"Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах

(гана) өкүм кылат. Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!" (Зумар, 3-аят). Аллах Таала бул улуу аятта каапырлар Андан башка колдоочу досторго, аларды Аллахка жакындатуулары үчүн гана сыйынышканын кабар берди. Бул мурунку жана азыркы каапырлардын максаты. Аллах Таала муну Өзүнүн төмөнкү сөзү менен жокко чыгарган:

﴿...إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ﴾

"Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Аллах (гана) өкүм кылат. Аллах жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!" (Зумар, 3-аят). Аллах Таала алардын «кудайларыбыз бизди Аллахка жакындатат» деген сөздөрүнүн жалган экенин жана аларга сыйынуу менен каапырлык кылгандарын ачыктады. Ушуну менен эң аз акыл-эси бар ар бир адам алгачкы каапырлардын каапырчылыгы

пайгамбарларды, олуяларды, бак-даректарды, таштарды жана башка жаратылган нерселерди өздөрү менен Аллахтын ортосунда шапаатчы кылып алгандыгынан улам болгонун билет. Алар сыйынган нерселери, вазирлердин падышалар алдында арачылык кылганы сыяктуу Аллах Тааланын уруксатысыз жана ыраазылыгысыз эле муктаждыктарды бүтүрөт деп ишенишет. Ошентип, алар Аллах Тааланы падышалар менен башчыларга салыштырышкан. Алар мындай дешет: «Падышага же башчыга муктаждыгы бар адам анын жакын адамдары жана вазирлери аркылуу ортомчулук кылганы сыяктуу, биз дагы Анын пайгамбарларына жана олуяларына сыйынуу менен Аллахка жакындайбыз». Бул жалгандын жалганы; анткени Аллахтын эч бир окшошу жок жана Ал жараткандарына салыштырылбайт. Анын алдында эч ким Анын уруксатысыз шапаат кыла албайт. Ал бир гана Аллахты жалгыздагандарга уруксат берет. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү, бардык

нерсени Билүүчү жана Ал – Мээримдүүлөрдүн эң Мээримдүүсү. Ал эч кимден коркпойт жана чочулабайт. Анткени Ал пенделеринин үстүнөн Үстөмдүк кылуучу жана аларды Өзү каалагандай башкарат. Ал эми падышалар менен башчылардын ар нерсеге кудурети жетпейт. Ошондуктан алар күчү жетпеген иштерде өздөрүнө жардам бере турган вазирлерине, жакын адамдарына жана аскерлерине муктаж болушат. Ошондой эле, алар муктаждыгын билбеген адамдардын абалын жеткирип, алардын көңүлүн алып, ыраазы кыла турган вазирлерине жана жакын адамдарына муктаж. Ал эми Улуу жана Кудуреттүү Раббибиз болсо, Ал кемчиликсиз. Ал Өзүнүн жараткандарына муктаж эмес. Ал аларга энелеринен дагы ырайымдуураак. Ал - Адилеттүү Өкүмдар, Өзүнүн даанышмандыгына, илимине жана кудуретине ылайык бардык нерсени өз ордуна коёт. Ошондуктан, Аны эч бир жагынан жараткандарына салыштырууга болбойт. Ушул себептен Бийик Аллах Өз

китебинде: мушриктер Анын Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Башкаруучу экенин, ошондой эле Ал кыйналгандын дубасына жооп берерин, жамандыкты арылтаарын, тирилтип жана өлтүрөрүн жана башка ушул сыяктуу Анын (Аллахтын) иштерин мойнуна алышарын баяндаган. Чынында, мушриктер менен элчилердин ортосундагы талаш-тартыш – ибадатты жалгыз Аллахка гана ыклас менен кылуу маселесинде болгон. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَئِن سَأَلْتَهُم مَّنْ خَلَقَهُمْ لَيَقُولُنَّ ٱللَّهُ...﴾

"Эгер сен алардан: «Силерди ким жараткан?» – деп сурасаң, «Аллах», дешет...". (Зухруф, 87-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿قُلْ مَن يَرْزُقُكُم مِّنَ ٱلسَّمَآءِ وَٱلْأَرْضِ أَمَّن يَمْلِكُ ٱلسَّمْعَ وَٱلْأَبْصَٰرَ وَمَن يُخْرِجُ ٱلْحَىَّ مِنَ ٱلْمَيِّتِ وَيُخْرِجُ ٱلْمَيِّتَ مِنَ ٱلْحَىِّ وَمَن يُدَبِّرُ ٱلْأَمْرَ ۚ فَسَيَقُولُونَ ٱللَّهُ ۚ فَقُلْ أَفَلَا تَتَّقُونَ ﴿٣١﴾﴾

"(О Мухаммад, мушриктерге) айт: “Силерге асмандардан жана жерден

ким ырыскы берет? Же болбосо, кулактардын, көздөрдүн ээси ким? (Ким ал экөөнү жаратып, угуу, көрүү касиетин берди?) Ким өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү чыгара алат? (Ааламдагы) иштерди ким башкарат?" Алар дароо: "Аллах" – деп жооп беришет. Анда сен айткын: (Ошол Аллахтан) коркпойсуңарбы?". (Юнус, 31-аят) Бул маанидеги аяттар өтө көп.

Буга чейин элчилер менен үммөттөрдүн ортосундагы талаш-тартыш ибадатты жалгыз Аллахка ыклас менен аткарууда гана болгонун далилдеген аяттар айтылып өттү. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَقَدۡ بَعَثۡنَا فِي كُلِّ أُمَّةٖ رَّسُولًا أَنِ ٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ وَٱجۡتَنِبُواْ ٱلطَّٰغُوتَ...﴾

"Биз ар бир элге «Аллахка гана ибадат кылгыла, (башка) "кудайлардан" алыс болгула (деп айта турган) пайгамбарларды жибергенбиз..." (Нахл, 36-аят). Ушундай маанини камтыган аяттар да көп. Аллах Таала Куранда шапаат

жөнүндө көптөгөн жерлерде баяндаган. Алардын биринде минтип айткан:

﴿...مَن ذَا ٱلَّذِى يَشۡفَعُ عِندَهُۥٓ إِلَّا بِإِذۡنِهِۦ...﴾

"Эч ким Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча шапаат-колдоо көрсөтө албайт". (Бакара, 255-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿وَكَم مِّن مَّلَكٖ فِى ٱلسَّمَٰوَٰتِ لَا تُغۡنِى شَفَٰعَتُهُمۡ شَيۡـًٔا إِلَّا مِنۢ بَعۡدِ أَن يَأۡذَنَ ٱللَّهُ لِمَن يَشَآءُ وَيَرۡضَىٰٓ ٢٦﴾

"Асмандарда канча периште болсо, Аллах Өзү каалаган жана ыраазы болгон пендесине уруксат бермейинче, алардын шапаатынан эч пайда жок!"

(Нажм, 26-аят).

Перишталердин сыпаты жөнүндө минтип айткан:

﴿...وَلَا يَشۡفَعُونَ إِلَّا لِمَنِ ٱرۡتَضَىٰ وَهُم مِّنۡ خَشۡيَتِهِۦ مُشۡفِقُونَ﴾

"Алар (Аллах) каалагандар үчүн гана колдоочу боло алышат. Алар (Аллахтан) коркуп, ырайымына

жалдырап турушат". (Анбия, 28-аят).

Аллах Таала пенделеринин каапырлыгына ыраазы болбой, алардын шүгүр кылуусуна гана ыраазы боло турганын кабарлаган. Шүгүр – бул, Аллахты жалгыз деп билүү жана Ага баш ийип амал кылуу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِن تَكۡفُرُواْ فَإِنَّ ٱللَّهَ غَنِيٌّ عَنكُمۡۖ وَلَا يَرۡضَىٰ لِعِبَادِهِ ٱلۡكُفۡرَۖ وَإِن تَشۡكُرُواْ يَرۡضَهُ لَكُمۡ...﴾

"Эгер каапыр болсоңор, (билип койгула) Аллах силерден Беймуктаж. Ал пенделеринин каапыр болуп кетишине ыраазы болбойт. Ал эми (Өзүнө ыклас менен ибадат кылып) шүгүр келтирсеңер, ушуга силерден ыраазы болот...". (Зумар, 7-аят).

Бухари өзүнүн «Сахих» китебинде риваят кылат: Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун): «О Аллахтын элчиси! Сенин шапаатың аркылуу бактылуу боло турган адам ким?» деп сураганда,

(Пайгамбарыбыз) мындай деди:

«مَنْ قَالَ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ خَالِصًا مِنْ قَلْبِهِ».

"Лаа илааха иллаллоох" деп чын жүрөгүнөн ыклас менен айткан адам". Же мындай деп айткан:

«مِنْ نَفْسِهِ».

«Чындап өз напсисинен».

Анас (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган ишенимдүү хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لِكُلِّ نَبِيٍّ دَعْوَةٌ مُسْتَجَابَةٌ، فَتَعَجَّلَ كُلُّ نَبِيٍّ دَعْوَتَهُ، وَإِنِّي اخْتَبَأْتُ دَعْوَتِي شَفَاعَةً لِأُمَّتِي يَوْمَ الْقِيَامَةِ، فَهِيَ نَائِلَةٌ إِنْ شَاءَ اللَّهُ مَنْ مَاتَ مِنْ أُمَّتِي لَا يُشْرِكُ بِاللَّهِ شَيْئًا».

«Ар бир пайгамбардын кабыл болуучу дубасы бар. Ар бир пайгамбар өзүнүн дубасын (бул дүйнөдө) кылууга шашылган. Ал эми мен ал дубамды Кыямат күнү үммөтүмө шапаат кылуу үчүн сактап койдум. Ал (шапаат), Аллах кааласа, менин үммөтүмдөн Аллахка эч нерсени шерик

кылбай өлгөн адамга тиет». Мындай маанидеги хадистер өтө эле көп.

Биз жогоруда айтып өткөн аяттар менен хадистердин ибадат жалгыз Аллахтын Өзүнүн акысы экендигине, анын эч бир түрүн Аллахтан башкага – пайгамбарларга да, алардан башкаларга да – арноого болбой тургандыгына жана шапаат Аллахка гана таандык экендигине далил болот. Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿قُل لِّلَّهِ ٱلشَّفَٰعَةُ جَمِيعًا...﴾

"Айткын: «Бардык шапаат Аллахка гана таандык...". (Зумар, 44-аят). Шапаатка Аллах шапаат кылуучуга уруксат бергенден кийин жана шапаат кылынуучудан ыраазы болгондон кийин гана татыктуу болот. Аллах – мурда айтылгандай – Таухидден башкага ыраазы болбойт. Ушуга ылайык, мушриктердин шапаатта эч кандай үлүшү жок экенин Аллах Таала Өзүнүн төмөнкү сөзүндө баяндаган:

﴿فَمَا تَنفَعُهُمۡ شَفَٰعَةُ ٱلشَّٰفِعِينَ ٤٨﴾

"Эми аларга (тозокуларга) эч бир шапаатчынын шапааты пайда бербейт". "(Муддассир, 48-аят)". Аллах Таала мындай деген:

﴿...مَا لِلظَّٰلِمِينَ مِنۡ حَمِيمٖ وَلَا شَفِيعٖ يُطَاعُ﴾

"…Залымдарга эч бир боорукер, эч бир шапааты кабыл алынган актоочу болбойт!" (Гафир, 18-аят).

Белгилүү болгондой, жалпы маанидеги зулумдук – бул, Аллахка ширк кылуу, Аллах Таала айткан:

﴿...وَٱلۡكَٰفِرُونَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

"... жана каапырлар – ошолор гана заалым кишилер!" (Бакара, 254-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...إِنَّ ٱلشِّرۡكَ لَظُلۡمٌ عَظِيمٞ﴾

"…Чынында, ширк - чоң зулум!

(Лукман, 13-аят).

Ал эми суроодо айтылган, кээ бир

суфийлердин мечиттерде жана башка жерлерде айткан: "Оо, Аллахым, Сенин Кудуреттүү сырларыңдын ачылуусуна жана ырайым нурларыңдын чачылуусуна себепкер кылган, ошонун натыйжасында Раббаний даргөйүнүн өкүлү жана Өзүңдүн затыңа таандык сырларыңдын халифасы болгон затка салават жолдо" деген сөздөрүнө келсек,

Анын жообу мындай: Бул жана ушуга окшогон сөздөр Пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эскерткен аша чабуучулук жана чектен чыгуучулукка кирет; Имам Муслим «Сахих» китебинде Абдуллах ибн Масуддан (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылат, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун):

«هَلَكَ الْمُتَنَطِّعُونَ» قَالَهَا ثَلَاثًا.

«Чектен ашкандар кыйроого учурады» - деп үч жолу кайталады.

Имам Хатаби (ага Аллах ырайым

кылсын) минтип айткан: "Ал-Мутнаттиъ" деген сөз - бир нерсеге өтө тереңдеп, аны изилдөөнү оорлоткон адам; өзүнө тиешеси жок нерселерге кийлигишкен, акылдары жетпеген маселелерге баш салган калам илиминин (философия) жолундагылар сыяктуу.

Абу ас-Саадат Ибн ал-Асир минтип айткан: Алар сөздө аша чаап, тереңдеп кеткен, тамагынын эң түбү менен сүйлөгөндөр. Бул сөз ооздун үстүнкү көңдөйү болгон «ан-натаъ» деген сөздөн алынган. Кийин сөзүндө да, ишинде да тереңдеп кеткен ар бир адамга карата колдонулуп калган.

Тил илиминин бул эки имамынын айткандарынан улам, пайгамбарыбыз жана мырзабыз болгон Аллахтын элчисине салават жана салам айтуудагы бул ыкманын тыюу салынган ашыкчалык жана чектен ашууга кирери сизге жана аз да болсо акыл-эстүү ар бир адамга айкын болот. Бул маселеде мусулманга шариятта буюрулган нерсе Пайгамбарыбызга (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салам жана салават айтуунун, андан анык жол менен келген түрүн изденүүсү. Ушунун өзү эле башка нерселерден жетиштүү болот.

Алардын бири аль-Бухари жана Муслимдин «Сахих» жыйнактарында Каъб бин Ужрадан (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылынган хадис. Анда сахабалар (аларга Аллах ыраазы болсун) мындай дешкен: «О Аллахтын элчиси! Аллах бизге сага салават айтууну буйруду, биз сага кантип салават айтабыз?». Ошондо ал айтты:

«قُولُوا: اللَّهُمَّ صَلِّ عَلَى مُحَمَّدٍ وَعَلَى آلِ مُحَمَّدٍ كَمَا صَلَّيْتَ عَلَى إِبرَاهِيمَ وَعَلَى آلِ إِبرَاهِيمَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ، وَبَارِكْ عَلَى مُحَمَّدٍ وَعَلَى آلِ مُحَمَّدٍ كَمَا بَارَكْتَ عَلَى إِبرَاهِيمَ وَعَلَى آلِ إِبرَاهِيمَ إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ».

«Минтип айткыла: "О Аллах! (Пайгамбарың) Ибрахим жана анын үй-бүлөсүнө ырайым кылган сыяктуу (пайгамбарың) Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө да ырайым кыл. Чындыгында Сен мактоого татыктуу, улук Затсың! О, Аллах!

Ибрахимди жана анын үй-бүлөсүн берекеттүү кылгандай, (пайгамбарың) Мухаммадды жана анын үй-бүлөсүн дагы берекеттүү кыл! Албетте Сен мактоого татыктуу Улук Затсың!»

Эки ишенимдүү хадистер топтомунда Абу Хумайд ас-Саъидий (ага Аллах ыраазы болсун) ривият кылат: Алар: «О Аллахтын элчиси! Сага кантип салават айтабыз?» – дешти. Ал мындай деди:

«قُولُوا: اللَّهُمَّ صَلِّ عَلَى مُحَمَّدٍ وَعَلَى أَزْوَاجِهِ وَذُرِّيَّتِهِ كَمَا صَلَّيْتَ عَلَى آلِ إِبرَاهِيمَ، وَبَارِكْ عَلَى مُحَمَّدٍ وَعَلَى أَزْوَاجِهِ وَذُرِّيَّتِهِ كَمَا بَارَكْتَ عَلَى آلِ إِبرَاهِيمَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ».

«Минтип айткыла: О Аллах! Ибрахимдин үй-бүлөсүнө ырайым кылганың сыяктуу, Мухаммадка, анын аялдарына жана урпактарына да ырайым кыл. Жана Ибрахимдин үй-бүлөсүн берекелүү кылганың сыяктуу, Мухаммадды, анын аялдарын жана урпактарын да берекелүү кыл. Чындыгында, Сен мактоого татыктуу, Улук Затсың».

Сахих Муслимде Абу Масъуд аль-Ансари (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Башир бин Саад: "О, Аллахтын элчиси! Аллах бизге сага салават айтууну буйруду, кантип салават айтабыз?" - деди. Ал унчукпай туруп, анан минтип айтты:

«قُولُوا: اللَّهُمَّ صَلِّ عَلَى مُحَمَّدٍ وَعَلَى آلِ مُحَمَّدٍ؛ كَمَا صَلَّيْتَ عَلَى آلِ إِبرَاهِيمَ، وَبَارِكْ عَلَى مُحَمَّدٍ وَعَلَى آلِ مُحَمَّدٍ؛ كَمَا بَارَكْتَ عَلَى آلِ إِبرَاهِيمَ فِي العَالَمِينَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ، وَالسَّلَامُ كَمَا عَلِمتُم».

«Мындай дегиле: О Аллах! Ибрахимдин үй-бүлөсүнө ырайым кылганың сыяктуу, (пайгамбарың) Мухаммадга жана анын үй-бүлөсүнө да ырайым кыл. Ааламдарда Ибрахимдин үй-бүлөсүн берекеттүү кылганыңдай, (пайгамбарың) Мухаммадды жана анын үй-бүлөсүн да берекеттүү кыл. Чындыгында Сен мактоого татыктуу, улук Затсың. Ал эми салам айтуу силер билгендей».

Мусулман адам Аллахтын элчисине салават жана салам айтууда Пайгамбар өзү айткан ушул жана ушуга окшогон башка салаваттарды колдонуусу керек. Анткени

Аллахтын элчиси өзүнүн даражасына кандай сөздөр ылайыктуу экенин билүүчү. Ошондой эле ал Раббисине карата кандай сөздөрдү колдонуу керектигин да адамдардын билүүчү.

Ал эми жасалма, жаңыдан ойлоп табылган жана туура эмес маанини туюнтуп калышы мүмкүн болгон сөздөрдү (мисалы, суроодо айтылгандарды) колдонуу туура эмес. Анткени аларда жасалмалуулук бар жана алар бузуку маанилерде чечмеленип калышы мүмкүн. Ошондой эле, алар Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзү тандап, үммөтүнө багыттаган сөздөргө крашы келет. Ал калайыктын эң илимдүүсү, калыс насаатчысы жана жасалмалуулуктан эң алыс болгон. Ага Раббисинин эң абзел салават-саламдары болсун.

Тавхиддин жана ширктин акыйкатын, бул маселеде алгачкы мушриктер менен кийинки мушриктердин ортосундагы айырмачылыгын, ошондой эле Аллахтын

Элчисине шариятта көрсөтүлгөн салаватты айтуунун жолун баяндоодо айткан далилдерибиз акыйкат издеген адам үчүн жетиштүү жана канаттанаарлык болот деп үмүттөнөм. Ал эми ким акыйкатты билгиси келбесе, анда ал өзүнүн напси каалоосуна ээрчиген адам. Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَإِن لَّمۡ يَسۡتَجِيبُواْ لَكَ فَٱعۡلَمۡ أَنَّمَا يَتَّبِعُونَ أَهۡوَآءَهُمۡۚ وَمَنۡ أَضَلُّ مِمَّنِ ٱتَّبَعَ هَوَىٰهُ بِغَيۡرِ هُدٗى مِّنَ ٱللَّهِۚ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ ٥٠﴾

"Эгер сага жооп беришпесе, билгин, алар өз напси-каалоолоруна ээрчип жатышат. Аллах тарабынан келген туура жолго ээрчибей, өз напсинин каалосуна ээрчиген адамдардан көбүрөөк адашкан киши бар бекен?! Аллах, албетте залим коомдорду туура жолго баштабайт!" (Касас, 50-аят).

Аллах Таала бул аятта, пайгамбары Мухаммадды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) элчи кылып жиберген туура жол жана акыйкат динге

карата адамдар экиге бөлүнөрүн баяндаган:

Биринчиси: Аллахка жана Анын Элчисине жооп бергендер.

Экинчиси: өз напси каалоосуна ээрчигендер. Андан кийин Ал Аллахтын туура жолусуз өз напси каалоосуна ээрчиген адамдан өткөн адашкан эч ким жок экенин кабарлаган.

Улуу Аллахтан напсини эрчип кетүүдөн сактоосун, бизди, силерди жана бардык бир туугандарыбызды Аллахка жана Анын Элчисине жооп берүүчүлөрдөн, Анын шариятын улуктоочулардан жана Анын шариятына каршы келген бардык бидааттардан жана напси-кумарлардан сактануучулардан кылуусун сурайбыз. Ал Берешен, Улук.

Аллахтын кулу жана элчиси, пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана Кыямат күнгө чейин аны жакшылык менен ээрчигендерге Аллахтын салам-салаваты болсун.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Бешинчи китепче:

Пайгамбардын мавлидин жана башка мавлиддерди майрамдоонун өкүмү

Аллахка алкыш-мактоолор, Аллахтын Элчисине, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана анын жолу менен жүргөндөргө Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Андан кийин айтарым: Көпчүлүк тарабынан Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) туулган күнүн белгилөөнүн, ошол учурда анын урматына ордунан туруунун, ага салам айтуунун жана мавлиддерде жасалуучу ушул сыяктуу башка иштердин өкүмү тууралуу суроо көп кайталанды.

Жооп: Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) да башкалардын да туулган күнүн майрамдоого болбойт. Анткени, бул динге

киргизилген жаңы бидаттардан. Бул ишти Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзү да, анын туура жолдогу халифтери да, башка сахабалар да (аларга Аллах ыраазы болсун), ошондой эле мыкты доордогу аларга жакшылык менен ээрчиген табийиндер да жасашкан эмес. Алар сүннөттү эң жакшы билген, Аллахтын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кийинкилерге караганда көбүрөөк сүйгөн жана анын шариятын бекем карманган адамдар болушкан. Аллах Таала Өзүнүн ачык-айкын китебинде мындай деген:

﴿...وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْ...﴾

"... жана (о момундар!) Пайгамбар силерди эмнеге буюрса, дароо кабыл алгыла, эмнеден кайтарса, ошол замат кайткыла!"

(Хашр, 7-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿...فَلۡيَحۡذَرِ ٱلَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنۡ أَمۡرِهِۦٓ أَن تُصِيبَهُمۡ فِتۡنَةٌ أَوۡ

يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

"... Пайгамбардын буйругуна каршы иш жасагандар баштарына балээ же жан ооруткан азап түшүп калуусунан абайлашсын!" (Нур, 63-аят) Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿لَّقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَن كَانَ يَرْجُواْ ٱللَّهَ وَٱلْيَوْمَ ٱلْآخِرَ وَذَكَرَ ٱللَّهَ كَثِيرًا ﴿٢١﴾﴾

"(Оо, ыймандуулар!) Силер үчүн Аллахтын элчисинде сонун үлгүлөр бар. (Бул үлгүлөр) Аллахтан жана Акырет күндөн үмүт кылып, Аллахты көп-көп зикир кылгандар үчүн". (Ахзаб, 21). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَٱلسَّٰبِقُونَ ٱلْأَوَّلُونَ مِنَ ٱلْمُهَٰجِرِينَ وَٱلْأَنصَارِ وَٱلَّذِينَ ٱتَّبَعُوهُم بِإِحْسَٰنٍ رَّضِيَ ٱللَّهُ عَنْهُمْ وَرَضُواْ عَنْهُ وَأَعَدَّ لَهُمْ جَنَّٰتٍ تَجْرِي تَحْتَهَا ٱلْأَنْهَٰرُ خَٰلِدِينَ فِيهَآ أَبَدًا ذَٰلِكَ ٱلْفَوْزُ ٱلْعَظِيمُ ﴿١٠٠﴾﴾

"Мухажир жана ансарлардан турган алдыңкы саптагы эң биринчилер жана ошолордун изинен эң сонун ээрчип

бара жаткандардан Аллах ыраазы болду, алар дагы Аллахтан ыраазы болушту. Жана Аллах аларга, астынан дарыялар аккан, түбөлүк калуучу бейиштерди даярдап койду. Бул – чоң жеңиш!" (Тообо, 100-ayat) Аллах Таала мындай деген:

﴿...ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗا...﴾

"…Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылып, жакшылыктарымды бирин калтырбай берип, силерге Исламдын гана дин болушун кааладым…". (Маида, 3-аят). Бул маанидеги аяттар өтө көп. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنهُ فَهُوَ رَدٌّ».

"Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат". Тагыраак айтканда, кабыл кылынбайт, кайтарылат. Башка хадисте

мындай деген:

«عَلَيكُم بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ المَهْدِيِّينَ مِنْ بَعدِي، تَمَسَّكُوا بِهَا، وَعَضُّوا عَلَيهَا بِالنَّوَاجِذِ، وَإِيَّاكُمْ وَمُحْدَثَاتِ الأُمُورِ، فَإِنَّ كُلَّ مُحْدَثَةٍ بِدْعَةٌ وَكُلَّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

"Менин жана менден кийинки туура жол көрсөтүүчү халифтеримдин сүннөтүн кармангыла. Ага бекем жармашып, азуу тишиңер менен тиштегиле. Жаңыдан пайда болгон иштерден сак болгула! Анткени, ар бир жаңы иш – бидаат, жана ар бир бидаат – адашуу". Бул эки хадисте бидааттарды чыгаруудан жана аларга амал кылуудан катуу эскертилген.

Мындай мавлиддерди динге киргизүү - Аллах бул үммөт үчүн динди толук кылбаган жана Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөт аткарууга тийиш болгон нерселерди толук жеткирбеген деген маанини туюндуруп калат. Анткени, кийинкилер келип, Аллах уруксат бербеген нерселерди Анын шариятына киргизишип, муну Аллахка жакындата турган иш деп эсептеп

жатышат. Шек-күмөнсүз, бул өтө чоң коркунуч жана Аллах Таалага жана Анын элчисине каршы чыгуу болуп саналат. Аллах Таала пенделери үчүн динди толук кылып, аларга жакшылыгын да толуктаган. Ал эми Аллахтын элчиси ачык-айкын кабарды жеткирип, үммөткө бейишке алып баруучу жана тозоктон алыстатуучу бир дагы жолду калтырбастан, баарын баяндап берген. Абдуллах ибн Амр (ага Аллах ыраазы болсун) ривият кылган ишенимдүү хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَا بَعَثَ اللهُ مِن نَبِيٍ إِلَّا كَانَ حَقًّا عَلَيهِ أَن يَدُلَّ أُمَّتَهُ عَلَى خَيرِ مَا يَعْلَمُهُ لَهُم، وَيُنْذِرَهُمْ شَرَّ مَا يَعْلَمُهُ لَهُمْ».

«Аллах кайсы гана пайгамбарды жибербесин, анын милдети – өз үмөтүнө алар үчүн жакшы деп билген нерселерге жол көрсөтүп, жаман деп билген нерселерден эскертүү болгон». Муслим "Сахих Муслим" китебинде ривият кылган.

Маалым болгондой, биздин

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлардын эң абзели жана акыркысы. Динди жеткирүү жана насаат айтуу жагынан эң толугу. Эгерде туулган күндү белгилөө Аллах Таала ыраазы болгон динден болгондо, анда Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны үмөтүнө баяндап бермек. Же тирүү кезинде өзү жасамак, же анын сахабалары (аларга Аллах ыраазы болсун) жасашмак. Ушул нерселердин эч бири болбогондуктан, бул иштин Исламга эч кандай тиешеси жок экендиги белгилүү. Тескерисинче, бул Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өз үммөтүн эскерткен динге киргизилген жаңылыктардан (бидааттардан) болуп саналат, бул тууралуу хадистерде айтылып өттү. Бул бөлүмдөгү аяттар жана хадистер өтө көп.

Аалымдардын бир тобу жогоруда айтылган жана башка далилдерге таянып, мавлиддерди туура эмес деп, андан эскертишкен. Ал эми кийинки

аалымдардын кээ бирлери буга каршы чыгып, эгерде анда Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоо дубасы болсун) карата аша чабуу, аялдар менен эркектердин аралашуусу, музыкалык аспаптарды колдонуу жана таза шарият тыюу салган башка иштер сыяктуу тыюу салынган нерселер камтылбаса, ага уруксат беришкен. Алар муну жакшы бидааттардан деп эсептешет.

Шарияттык эреже: адамдар талашып-тартышкан маселени Аллахтын Китебине жана Анын элчиси Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүнө кайтаруу керек. Аллах Таала айткан:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِى ٱلْأَمْرِ مِنكُمْۖ فَإِن تَنَـٰزَعْتُمْ فِى شَىْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمْ تُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلْيَوْمِ ٱلْـَٔاخِرِۚ ذَٰلِكَ خَيْرٌ وَأَحْسَنُ تَأْوِيلًا ٥٩﴾

"О ыйман келтиргендер! Аллахка, пайгамбарга жана өзүңөрдөн (мусулмандардан) болгон иш

башчыңарга моюн сунгула. Кайсыл бир маселеде талашып калсаңар, эгер Аллахка жана Акырет күнүнө ишенүүчү болсоңор ал маселени Аллахка жана пайгамбарга кайтаргыла. Ушул (силер үчүн) жакшы жана эң абзел чечим (болуп саналат)". (Ниса, 59-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَا ٱخۡتَلَفۡتُمۡ فِيهِ مِن شَيۡءٖ فَحُكۡمُهُۥٓ إِلَى ٱللَّهِ ...﴾

"Эмнеде талашып калчу болсоңор, анын өкүмү – Аллахка!" (Шура, 10-аят).

Биз бул маселени: мавлидди майрамдоо маселесин, Аллах Тааланын китебине кайтарганыбызда, Ал бизди Пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана ал алып келген динди ээрчүүгө буйруп, ал тыйган нерседен тыйганын көрдүк. Аллах Таала бул үммөт үчүн динин толук кылганын кабарлаганын таптык. Ал эми бул майрамдоо Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алып келген нерседен эмес; демек, ал Аллах биз үчүн толук кылган жана анда

Пайгамбарды ээрчүүнү буйруган динден эмес.

Биз бул маселени дагы Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүнө кайтардык. Бирок анын сүннөтүнөн да ал ишти өзү кылганын, же ага буйруганын, же сахабалары кылганын тапкан жокпуз. Ошентип, бул иштин динден эмес экенин, тескерисинче, ал кийин киргизилген бидаттардан экенин жана китеп ээлеринен болгон жөөттөргө жана христиандарга алардын майрамдарында окшошуу бар экенин билдик.

Ушуну менен, акыйкатка умтулган жана аны калыстык менен издеген, ошондой эле аз болсо да түшүнүгү бар ар бир адам үчүн мавлидди майрамдоо Ислам дининен эмес, тескерисинче, ал Аллах Таала жана Анын Элчиси таштоого жана сактанууга буйруган, кийин пайда болгон бидааттардан экени айкын болот. Акылдуу адам ар кайсы өлкөлөрдө бир ишти кылып

жаткандардын көптүгүнө алданбашы керек. Анткени акыйкат аны кылуучулардын көптүгү менен эмес, шарият далилдери менен таанылат. Аллах Таала жөөттөр жана христиандар жөнүндө мындай деген:

﴿وَقَالُواْ لَن يَدۡخُلَ ٱلۡجَنَّةَ إِلَّا مَن كَانَ هُودًا أَوۡ نَصَٰرَىٰۗ تِلۡكَ أَمَانِيُّهُمۡۗ قُلۡ هَاتُواْ بُرۡهَٰنَكُمۡ إِن كُنتُمۡ صَٰدِقِينَ ١١١﴾

"(Китеп ээлери) “Бейишке яхудилер же христиандар гана кирет” дешти. Бул алардын кыялдарынан башка эмес. Сен (о Мухаммад, аларга) айт: “Эгер сөзүңөр чын болсо, анда далилиңерди алып келгиле!” Бакара сүрөсү, 111-аят. Аллах Таала мындай деген:

﴿وَإِنْ تُطِعْ أَكْثَرَ مَنْ فِي الْأَرْضِ يُضِلُّوكَ عَنْ سَبِيلِ اللَّهِ...﴾

"Эгер сен жер бетиндегилердин көпчүлүгүнө моюн сунсаң, сени Аллахтын жолунан адаштырып салышат..." (Анъам, 116-аят).

Андан тышкары, бул мавлид тойлорунун көпчүлүгү бидаат болгону менен бирге, алар башка дагы мункар иштерден куру

эмес; мисалы, аялдардын эркектер менен аралашуусу, ыр-күү жана музыкалык аспаптарды колдонуу, мас кылуучу ичимдиктер менен баңгизаттарды ичүү жана башка ушул сыяктуу жамандыктар. Анда андан да чоңураак күнөөгө, тактап айтканда, чоң ширкке түшүп калышы мүмкүн. Бул көптөгөн адамдардын Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана алар "олуялар" деп атаган башкалардын туулган күнүн (мавлид) белгилөө учурунда кылып жүргөн каапырлык иштери менен болот. Ал иштер: Аллахтын элчисинин, же башка олуялардын даражасын ашыкча көтөрүп жиберүү, аларга дуба кылуу, алардан жардам жана колдоо суроо, аларды кайыпты билет деп ишенүү жана башка ушул сыяктуулар. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү хадисте минтип айткан:

«إِيَّاكُم وَالغُلُوَّ فِي الدِّينِ، فَإِنَّمَا أَهْلَكَ مَن كَانَ قَبْلَكُم الغُلُوَّ فِي الدِّينِ».

«Динде чектен чыгуудан сактангыла! Анткени, силерден мурдагыларды динде чектен чыгуулары кыйраткан». Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا تُطْرُونِي كَمَا أَطْرَتِ النَّصَارَى ابْنَ مَرْيَمَ، إِنَّمَا أَنَا عَبدٌ، فَقُولُوا: عَبدُ اللهِ وَرَسُولُه».

«Христиандар Мариямдын уулун (Исаны) аша чаап көкөлөткөндөй, мени да аша чаап көкөлөтпөгүлө! Мен болгону, кулмун. Ошондуктан, (мени): «Аллахтын кулу жана элчиси» - деп айткыла». Имам Бухари "Сахих" китебинде Умардан (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган.

Эң таң калыштуусу: көптөгөн адамдар ушул бидаат майрамдарга катышууга аябай аракет кылып, жан үрөшөт жана аны коргошот, бирок Аллах парз кылган жума жана жамаат намаздарына катышпай калышат. Буга такыр маани беришпейт жана чоң күнөө иш кылдым деп эсептешпейт. Шексиз, бул ыймандын алсыздыгынан, түшүнүктүн аздыгынан

жана ар кандай күнөөлөрдүн айынан жүрөктөрдү дат басып калганынан. Аллахтан өзүбүзгө жана бардык мусулмандарга аманчылык тилейбиз.

Ушуга окшогон нерселердин бири: кээ бирөөлөр Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мавлидке келет деп ойлошот. Ошондуктан, алар ага салам берип, тосуп алуу үчүн ордуларынан турушат. Бул эң чоң жалган жана эң жаман наадандык. Анткени, Пайгамбарыбыз Кыямат күнүнө чейин кабырынан чыкпайт, эч бир адам менен байланышпайт жана алардын жыйындарына катышпайт. Тескерисинче, ал Кыямат күнүнө чейин өзүнүн кабырында болот, ал эми анын руху Раббисинин алдында, сый-урмат жайы болгон эң жогорку даражадагы Иллийиинде. Аллах Таала айткан:

﴿ثُمَّ إِنَّكُمْ بَعْدَ ذَٰلِكَ لَمَيِّتُونَ ۝١٥ ثُمَّ إِنَّكُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ تُبْعَثُونَ ۝١٦﴾

"Кийин ушундан соң силер (туулуп, жер бетинде жашап, дагы) өлөсүңөр.

Кийин силер кыямат күндө (кайрадан) тирилтирилесиңер".

(Муьминун, 15-16-аяттар).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«أَنَا أَوَّلُ مَنْ يَنْشَقُّ عَنْهُ القَبْرُ يَومَ القِيَامَةِ، وَأَنَا أَوَّلُ شَافِعٍ، وَأَوَّلُ مُشَفَّعٍ».

«Мен Кыямат күнү кабырдан эң биринчи чыгуучумун, эң биринчи шапаатчымын жана шапааты эң биринчи кабыл кылынуучумун». Ага Раббисинен мактоо дуба жана саламдын эң жакшысы (мыктысы) болсун.

Мына ушул эки улуу аят, куттуу хадис жана ушул экөөсүнүн маанисинде келген башка аяттар менен хадистердин баары – Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана башка өлгөндөр Кыямат күнү гана кабырынан чыга тургандыгына далил. Бул мусулман аалымдарынын ортосунда бир добуштан кабыл алынган маселе; алардын арасында

бул боюнча эч кандай талаш-тартыш жок. Ар бир мусулман ушул иштерге көңүл буруп, түркөйлөрдүн жана аларга окшогондордун жаңыдан пайда кылган, Аллах алар тууралуу эч кандай далил түшүрбөгөн бидаат жана ырым-жырымдардан сактануусу керек. Жардам бир гана Аллахтан суралат, Ага гана тобокел кылынат. Күч-кубат бир гана Аллахка таандык.

Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салават жана салам айтуу, Аллахка жакындатуучу эң жакшы амалдардан жана сооптуу иштерден болуп саналат. Аллах Таала айткан:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ وَمَلَٰٓئِكَتَهُۥ يُصَلُّونَ عَلَى ٱلنَّبِيِّۚ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ صَلُّواْ عَلَيۡهِ وَسَلِّمُواْ تَسۡلِيمًا ٥٦﴾

"Албетте Аллах жана Анын периштелери пайгамбарга салават-салам айтышат. О ыйман келтиргендер, силер да ага көптөн-көп салават-саламдарды айткыла!" (Ахзаб, 56-аят).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ صَلَّى عَلَيَّ وَاحِدَةً؛ صَلَّى اللهُ عَلَيهِ بِهَا عَشْرًا».

"Ким мага бир салават айтса, ага Аллах Таала он салават айтат". Бул салаваттар бардык убакта айтылышы керек. Өзгөчө ар бир намаздын аягында айтуу маанилүү, ал тургай көптөгөн аалымдардын пикиринде ар бир намаздын акыркы ташаххудунда айтуу важиб. Анын сүннөт экендиги көптөгөн учурларда, анын ичинде азандан кийин, пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аты аталганда, жума күнү жана анын түнүндө бекемделет. Буга көптөгөн хадистер далил.

Аллах бизди жана башка мусулмандарды Өз дининде туура түшүнүк берип, анда бекем болууга, Сүннөттү карманып, бидааттан сактанууга насип кылсын. Ал - Берешен, Жоомарт.

Пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салаваттар жана саламдар болсун.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Алтынчы ките:

Исра жана Мираж кечесин тосуунун өкүмү

Аллахка алкыш-мактоолор, Аллахтын Элчисине, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Шек-күмөнсүз, Исра жана Мираж – Аллахтын элчиси Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чынчылдыгына жана анын Аллах Тааланын алдындагы улуу даражасына далалат кылган, ошондой эле Аллахтын кереметтүү кудуретине жана Анын бардык макулуктарынан жогору экендигине далил болгон Аллахтын улуу белгилеринен. Аллах Таала мындай деген:

﴿سُبْحَٰنَ ٱلَّذِىٓ أَسْرَىٰ بِعَبْدِهِۦ لَيْلًا مِّنَ ٱلْمَسْجِدِ ٱلْحَرَامِ إِلَى ٱلْمَسْجِدِ ٱلْأَقْصَا ٱلَّذِى بَٰرَكْنَا حَوْلَهُۥ لِنُرِيَهُۥ مِنْ ءَايَٰتِنَآ ۚ إِنَّهُۥ هُوَ

ٱلسَّمِيعُ ٱلۡبَصِيرُ ١

"Пендесин түн ичинде Аль-Харам мечитинен Биз айланасын берекелүү кылган Аль-Акса мечитине сейил кылдырган Аллах (каапырлар таңуулаган алсыздык сыпаттарынан) Аруу-Таза! Биз ага (пендебизге) Өзүбүздүн белгилерибизди көргөзүү үчүн (сейил кылдырдык). Ал - Угуучу, Көрүүчү". (Исра, 1-аят).

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) асмандарга көтөрүлгөнү көптөгөн ишенимдүү жолдор менен тастыкталган. Ага асмандардын эшиктери ачылып, ал жетинчи асмандан да өткөн. Ошондо Раббиси аны менен Өзү каалагандай сүйлөшүп, ага беш убак намазды парз кылды. Аллах Таала алгач элүү убак намазды парз кылган эле. Бирок биздин Пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Раббисине кайра-кайра кайрылып,

жеңилдетүүнү сурай бергендиктен, Аллах аны беш убакка түшүрдү. Ошентип, намаз аткарууда беш убак, ал эми сообу боюнча элүү убак болуп калды. Анткени бир жакшылыкка он эсе сооп берилет. Аллахка бардык нээматтары үчүн мактоолор жана шүгүрлөр болсун.

Исра жана Мираж окуясы болгон түн Ражаб айында же башка бир айда болгону сахих хадистерде так белгиленген эмес. Анын убактысын тактаган бардык риваяттар хадис аалымдарынын пикири боюнча Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тастыкталган эмес. Аллах Тааланын адамдарга аны унуттурганында улуу даанышмандыгы бар. Эгер анын убактысы так тастыкталган күндө да, мусулмандарга аны кандайдыр бир ибадат менен өзгөчөлөөгө жана майрамдоого уруксат берилбейт. Анткени Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын сахабалары (аларга Аллах ыраазы болсун) аны майрамдашкан

да, кандайдыр бир нерсе менен өзгөчөлөшкөн да эмес. Эгерде аны майрамдоо шариятта уруксат берилген иш болгондо, анда Пайгамбарыбыз аны үммөтүнө сөзү менен же иши менен түшүндүрүп бермек. Эгер андай нерсе болгондо, ал сөзсүз белгилүү болуп, сахабалар (аларга Аллах ыраазы болсун) аны бизге жеткиришмек. Анткени алар өздөрүнүн Пайгамбарынан үммөт муктаж болгон ар бир нерсени жеткирип, диндин эч бир нерсесин калтырышкан эмес. Тескерисинче, алар ар бир жакшылыкта биринчилерден болушкан. Эгерде бул түндү майрамдоо шариятта уруксат берилген иш болгондо, алар ага биринчилерден болуп шашылышмак. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарга эң көп жакшылык каалоочу инсан болгон. Ал пайгамбарлыкты эң мыкты деңгээлде жеткирип, аманатты толук аткарган. Эгерде бул түндү улуктоо жана аны майрамдоо Аллахтын дининен болгондо, анда Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы

жана мактоосу болсун) ага кайдыгер карамак эмес жана жашырмак да эмес. Андай болбогондуктан, бул түндү майрамдоо жана улуктоо Ислам динине эч кандай тиешеси жок экени белгилүү болот. Чындыгында, Аллах бул үммөт үчүн динин толук кылып, Өз нээматын аягына чыгарган. Жана Аллах уруксат бербеген нерсени динге киргизгендерди айыптаган. Аллах Таала Өзүнүн ачык-айкын Китебинде мындай деп айткан:

﴿...ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗا...﴾

"…Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылып, жакшылыктарымды бирин калтырбай берип, силерге Исламдын гана дин болушун кааладым…". (Маида, 3-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿أَمۡ لَهُمۡ شُرَكَٰٓؤُاْ شَرَعُواْ لَهُم مِّنَ ٱلدِّينِ مَا لَمۡ يَأۡذَنۢ بِهِ ٱللَّهُۚ وَلَوۡلَا كَلِمَةُ ٱلۡفَصۡلِ لَقُضِيَ بَيۡنَهُمۡۗ وَإِنَّ ٱلظَّٰلِمِينَ لَهُمۡ عَذَابٌ أَلِيمٞ ٢١﴾

"Же болбосо алардын (Аллахка) шерик кошкон «кудайлары» барбы (жана алар) Аллах уруксат бербеген динди аларга Шарият кылып беришеби?! Эгер («Алардын жазасы Кыяматта берилет» деген) чечүүчү сөз болбосо, алардын арасында (ушул дүйнөдө эле, өлүм менен) өкүм кылынмак. Чынында залымдарга жан ооруткан азап бар!" (Шура, 21-аят).

Ишенимдүү хадистерде Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бидааттардан тыйганы жана алардын адашуу экенин ачык айтканы бекемделген. Бул үммөттү анын зор коркунучунан кабардар кылуу жана аларды аны жасоодон алыстатуу үчүн болгон. Ага мисал катары, эки Сахихте Айшадан (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ؛ فَهُوَ رَدٌّ».

«Кимде-ким биздин шариятыбызга анда

болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат». Муслимдин риваятында:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلًا لَيْسَ عَلَيهِ أَمْرَنَا؛ فَهُوَ رَدٌّ».

«Кимде-ким биздин шариятыбызда жок амалды кылса, анда ал кабыл болбойт». Имам Муслимдин "Сахих" китебинде Жабир, (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: «Аллахтын Элчиси Жума күнкү кутпасында мындай деп айтчу:

«أَمَا بَعْدَ، فَإِنَّ خَيرَ الحَدِيثِ كِتَابُ اللهِ، وَخَيرَ الهَدْيِ هَدْيُ مُحَمَّدٍ ﷺ، وَشَرَّ الأُمُورِ مُحْدَثَاتُهَا، وَكُلَّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

«Андан соң айтарым: чынында, сөздөрдүн эң жакшысы – Аллахтын Китеби, ал эми жолдордун эң жакшысы – Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жолу. Иштердин эң жаманы – (динге) жаңыдан киргизилгендери, жана ар бир бидаат – адашуу». Ан-Насаиде жакшы чынжыр тизмек менен буга кошумча минтип айтылган:

«وَكُلَّ ضَلَالَةٍ فِي النَّارِ».

«Бардык адашуу тозокто». Ирбаз бин Сария (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бизге аябай жеткиликтүү насаат айтты. Андан жүрөктөр титиреп, көздөр жаш алды. Биз: "О Аллахтын элчиси, бул коштошуучу адамдын насаатындай туюлду. Бизге осуят кылыңызчы" - дедик. Ал мындай деди:

«أُوصِيكُم بِتَقْوَى اللهِ وَالسَّمعِ وَالطَّاعَةِ وَإِنْ تَأَمَّرَ عَلَيكُم عَبدٌ، فَإِنَّهُ مَنْ يَعِشْ مِنْكُم فَسَيَرَى اخْتِلَافًا كَثِيرًا، فَعَلَيكُم بِسُنَّتِي وَسُنَّةِ الخُلَفَاءِ الرَّاشِدِينَ المَهْدِيِّينَ مِنْ بَعْدِي، تَمَسَّكُوا بِهَا وَعَضُّوا عَلَيْهَا بِالنَّوَاجِذِ، وَإِيَّاكُم وَمُحْدَثَاتِ الأُمُورِ، فَإِنَّ كُلَّ مُحْدَثَةٍ بِدْعَةٍ وَكُلَّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

"Силерге Аллахка такыба болууну, (башчыны) угууну жана ага баш ийүүнү осуят кылам, эгер силерге кул киши башчылык кылса да. Анткени, силерден ким (менден кийин) жашаса, ал көптөгөн карама-каршылыктарды көрөт. Ошондуктан, менин жана менден кийинки туура жолго баштаган халифаларымдын

сүннөт-жолун кармангыла. Аны бекем кармангыла жана ага азуу тишиңер менен тиштеп жармашкыла. Жаңыдан пайда болгон иштерден сак болгула! Анткени, ар бир жаңыдан киргизилген иш – бидаат, ал эми ар бир бидаат – адашуу". Бул маанидеги хадистер өтө көп.

Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларынан жана алардан кийинки салихтерден бидааттардан сактанууга жана андан коркутууга чакырыктар көп айтылган. Анткени, ал (бидаат) – динге кошумча киргизүү, Аллах уруксат бербеген шарият, жөөттөр жана христиандар сыяктуу Аллахтын душмандарына окшошуу. Алар дагы диндерине Аллах уруксат бербеген нерселерди кошуп, жаңылыктарды киргизишкен. Ошондой эле, бидаат Ислам дини кемчиликтүү жана аны толук эмес деп айыптоого алып келет. Мунун канчалык чоң бузукулук, жаман иш жана Улуу Аллахтын төмөнкү сөзүнө каршы келүү экени белгилүү:

﴿...ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ...﴾

"...Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылдым...". (Маида, 3-аят). Ошондой эле Пайгамбардын (ага Аллахтын салам-салаваттары болсун) бидааттардан эскерткен жана алардан алыстаткан хадистерине ачык-айкын каршы чыгуу.

Биз айтып өткөн далилдер, акыйкатты издеген адам үчүн бул бидаатты, тактап айтканда, Исра жана Мираж түнүн майрамдоо бидаатын жокко чыгарууга, андан эскертүүгө жана анын Ислам динине эч кандай тиешеси жок экенин билүүгө жетиштүү жана ынандырарлык болот деп үмүттөнөм.

Аллахтын мусулмандарга насыят айтууну, аларга динден шарият кылгандарын баяндоону важиб кылганы жана илимди жашырууну арам кылганы үчүн, көптөгөн өлкөлөргө тарап, атүгүл кээ бир адамдар аны динден деп ойлоп калган бул бидаат тууралуу мусулман бир

туугандарыма эскертүүнү туура көрдүм.

Аллах жалпы мусулмандардын абалын оңдосун, аларга динде туура түшүнүк берсин. Бизди жана аларды акыйкатты карманууга жана анда бекем турууга, ага каршы келген нерсени таштоого насип кылсын. Аллах буга кадыр.

Аллахтын кулу жана элчиси, пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салам-салаваты жана берекеси болсун.

***

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Жетинчи китепче:

Шаабан айынын жарымындагы кечени тосуунун өкүмү

Биз үчүн динди толук кылып, бизге нээматын кемчиликсиз кылган Аллахка мактоолор болсун. Анын пайгамбары жана элчиси, тообо жана ырайым пайгамбары Мухаммадга салам жана салаваттар болсун.

Андан кийин айтарым: Чынында Аллах Таала айткан:

﴿...ٱلْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلْإِسْلَٰمَ دِينًا...﴾

"…Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылып, жакшылыктарымды бирин калтырбай берип, силерге Исламдын гана дин болушун кааладым…". (Маида, 3-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿أَمْ لَهُمْ شُرَكَٰٓؤُاْ شَرَعُواْ لَهُم مِّنَ ٱلدِّينِ مَا لَمْ يَأْذَنۢ بِهِ ٱللَّهُ...﴾

"Же болбосо алардын (Аллахка) шерик кошкон «кудайлары» барбы (жана алар) Аллах уруксат бербеген динди аларга Шарият кылып беришеби?!..." (Шура, 21-аят). Эки ишенимдүү хадистер жыйнагында Айша, (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтты:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ؛ فَهُوَ رَدٌّ».

"Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат". Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Жабирден риваят кылынат, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Жума кутпасында мындай деп айтчу:

«أَمَّا بَعْدُ: فَإِنَّ خَيرَ الحَدِيثِ كِتَابُ اللهِ، وَخَيرَ الهَدْيِ هَدْيُ مُحَمَّدٍ صَلَّى اللهُ عَلَيهِ وَسَلَّمَ، وَشَرَّ الأُمُورِ مُحْدَثَاتُهَا، وَكُلَّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

«Андан кийин: Сөздөрдүн эң жакшысы

– Аллахтын Китеби, жолдордун эң жакшысы – Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жолу. Иштердин эң жаманы – динге киргизилген жаңылыктар, жана ар бир бидаат – адашуу». Бул маанидеги аяттар жана хадистер көп. Алар Аллах Таала бул үммөт үчүн динин толуктап, аларга болгон нээматын толук кылганын жана Анын пайгамбары (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ачык-айкын кабарды жеткирип, үммөткө Аллах шарият кылган бардык сөздөрдү жана амалдарды баяндап бергенден кийин гана кайтыш болгонун ачык-айкын далилдейт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) андан кийин адамдар Ислам динине таандык кылып жаңыдан пайда кылган сөздөр менен амалдардын баары бидаат экенин жана аны ойлоп тапкан ээсинин ниети жакшы болсо да, ал өзүнө кайтарыларын ачыктаган. Бул ишти Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары, ошондой эле алардан кийинки

Ислам аалымдары да билишкен. Ошондуктан алар бидааттарды четке кагып, андан эскертишкен. Муну сүннөттү улуктоо жана бидаатты четке кагуу боюнча китеп жазгандардын баары эскерген. Мисалы, Ибн Ваддах, ат-Туртуши, Абу Шама жана башкалар.

Кээ бир адамдар чыгарган бидааттардын бири – Шаабан айынын он бешинчи түнүн майрамдап, анын күндүзүн орозо менен өзгөчөлөө. Буга таянууга жарай турган далил жок. Анын пазилети жөнүндө алсыз хадистер келген, бирок аларга таянууга болбойт.

Ал эми ал түнү намаз окуунун артыкчылыгы тууралуу келген риваяттардын баары, көптөгөн илим ээлери эскерткендей, ойдон чыгарылган. Аллах кааласа, алардын бул тууралуу айткан кээ бир сөздөрүнө дагы токтолобуз.

Ошондой эле бул тууралуу Шам элинен жана башкалардан болгон кээ бир салафтардан да риваяттар айтылган.

Аалымдардын көпчүлүгү аны майрамдоо

бидат экенине жана анын пазилети тууралуу айтылган хадистердин баары алсыз, ал эми кээ бирлери токума экенине бир пикирге келишкен. Бул нерсеге көңүл бургандардын арасында: Хафиз Ибн Ражаб бар, ал «Латаиф аль-Маариф» китебинде кеңири токтолгон. Белгилүү болгондой, алсыз хадистерге негизи сахих далилдер менен тастыкталган ибадаттарда гана амал кылынат. Ал эми Шаабан айынын ортосундагы түндү белгилөөнүн эч кандай туура негизи жок болгондуктан, алсыз хадистерге таянууга болбойт. Бул улуу эрежени Имам Абуль-Аббас Шейхуль-Ислам Ибн Таймия (Аллах аны ырайымына алсын) айткан.

О окурман! Бул маселеде толук кабардар болушуңуз үчүн, мен сизге айрым илим ээлеринин айткандарын айтып берейин.

Аалымдар (аларга Аллах ырайым кылсын) адамдар талашкан маселелерди Улуу Аллахтын китебине жана Анын элчисинин сүннөтүнө кайтаруу важип экендигине бир ооздон макул болушкан. Ал

экөө же алардын бири эмнеге өкүм кылса, ошол – ээрчүү важип болгон шарият, ал эми аларга каршы келген нерсени таштоо важип. Куран жана Сүннөттө келбеген ибадаттар бидаат болуп эсептелет. Ага чакырып, аны жакшы көрсөтүү мындай турсун, аткарууга да болбойт. Аллах Таала минтип айткан:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِى ٱلْأَمْرِ مِنكُمْۖ فَإِن تَنَـٰزَعْتُمْ فِى شَىْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمْ تُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلْيَوْمِ ٱلْـَٔاخِرِۚ ذَٰلِكَ خَيْرٌ وَأَحْسَنُ تَأْوِيلًا ٥٩﴾

"О ыйман келтиргендер! Аллахка, пайгамбарга жана өзүңөрдөн (мусулмандардан) болгон иш башчыңарга моюн сунгула. Кайсыл бир маселеде талашып калсаңар, эгер Аллахка жана Акырет күнүнө ишенүүчү болсоңор ал маселени Аллахка жана пайгамбарга кайтаргыла. Ушул (силер үчүн) жакшы жана эң абзел чечим (болуп саналат)". (Ниса, 59-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَا ٱخۡتَلَفۡتُمۡ فِيهِ مِن شَيۡءٖ فَحُكۡمُهُۥٓ إِلَى ٱللَّهِ...﴾

"Эмнеде талашып калчу болсоңор, анын өкүмү – Аллахка!" (Шура, 10-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿قُلۡ إِن كُنتُمۡ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِي يُحۡبِبۡكُمُ ٱللَّهُ وَيَغۡفِرۡ لَكُمۡ ذُنُوبَكُمۡ...﴾

"Айт: "Эгер Аллахты сүйчү болсоңор, анда мени ээрчигиле. (Ошондо гана) Аллах силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет...". (Аали Имран, 31-аят). Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤۡمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيۡنَهُمۡ ثُمَّ لَا يَجِدُواْ فِيٓ أَنفُسِهِمۡ حَرَجٗا مِّمَّا قَضَيۡتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسۡلِيمٗا ٦٥﴾

«Жок, Раббиңе ант, (Оо Мухаммад) алар өз ара талаш-тартышууларына сени өкүмдар кылмайынча жана сенин өкүмүңө, жүрөктөрүндө нааразылык калбай, толук моюн сунмайынча (толук) ыймандуу боло алышпайт». (Ниса, 65-аят). Бул маанидеги аяттар өтө көп. Алар талаш-тартыш маселелерди Китепке жана

Сүннөткө кайтаруунун жана ал экөөсүнүн өкүмүнө ыраазы болуунун важип экенин, ошондой эле мунун ыймандын талабы экенин, пенделер үчүн бул дүйнөдө жана Акыретте жакшыраак жана натыйжасы эң сонун экенин ачык-айкын көрсөтүп турат.

Хафиз Ибн Ражаб (ага Аллах ырайым кылсын) «Латааиф аль-Маариф» китебинде бул маселе тууралуу, мурунку сөзүн улап, мындай деген:

Шаабан айынын ортосундагы түндү Шам элинен болгон табийиндер; Халид ибн Маъдан, Макхул, Лукман ибн Амир жана башкалар улукташып, анда ибадат кылууга аябай тырышышчу. Адамдар ал түндүн пазилетин жана аны улуктоону ошолордон үйрөнүшкөн. Ошондой эле, аларга бул тууралуу исраилдик риваяттар жеткен деп айтылат. Бул нерсе алар тууралуу шаарларга тараганда, адамдардын ортосунда бул маселеде пикир келишпестик пайда болгон. Алардын арасынан кээ бирлери аны кабыл алып, аны улуктоого макул болушкан. Алардын

катарында Басра элинин ибадатчылдарынан бир топ адамдар жана башкалар да болгон. Хижаз аалымдарынын көпчүлүгү, алардын ичинде Аътоо, Ибн Абу Мулайка да бар, муну четке кагышкан. Бул пикирди Абдуррахман ибн Зайд ибн Аслам Мединанын факихтеринен риваят кылган. Бул Маликтин шакирттеринин жана башкалардын да сөзү. Алар: «Мунун баары бидаат» – дешкен.

Шам элинин аалымдары аны тирилтүүнүн сыпаты тууралуу эки пикирге бөлүнүшкөн:

Биринчиси: ал түндү мечиттерде жамаат менен өткөрүү мустахаб. Халид бин Маъдан, Лукман бин Амир жана башкалар ал түнү эң жакшы кийимдерин кийип, атыр себинип, сурма сүйкөнүп, мечитте түнү бою ибадат кылып чыгышчу. Исхак бин Рахавайхи да бул пикирди колдогон. Ал түндү мечиттерде жамаат менен өткөрүүнү «бидаат эмес» деп айткан, муну Харб ал-Кирмани өзүнүн «Масаил» китебинде жазган.

Экинчи: намаз окуу, ибараттуу окуяларды айтуу жана дуба кылуу үчүн мечиттерде чогулуу макирөө. Ал эми адамдын жалгыз өзү үчүн намаз окуусу макирөө эмес. Бул Шам элинин имамы, факихи жана аалымы болгон Авзаинин сөзү. Ушул пикир туурага жакыныраак». Ошентип айтып келип, акырында минтип айткан: «Имам Ахмаддын Шаабан айынын ортосундагы түнү боюнча айткан сөзү белгисиз. Анын эки Айт түнүндө намаз окуу боюнча айткан эки риваятынан, бул түндү намаз менен өткөрүүнүн жакшы экендиги тууралуу да эки риваят келип чыгат. Ал (бир риваятта) ал түндү жамаат менен намаз окуп өткөрүү мустахаб эмес деп эсептеген; себеби, Пайгамбардан жана анын сахабаларынан андай кылганы тууралуу риваят жок. (Бир риваятта) муну жакшы деп эсептеген, анткени табииндерден болгон Абдуррахман бин Язид бин ал-Асвад ушундай кылган. Ошондой эле, (Шаабан айынын) ортосундагы түнү намаз окуу тууралуу Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы

жана мактоосу болсун) да, анын сахабаларынан да эч нерсе тастыкталган эмес. Бирок бул амал Шам элинин көрүнүктүү факихтеринен болгон табииндердин бир тобунан тастыкталган».

Хафиз Ибн Ражабдын (Аллах аны ырайымына алсын) сөзүнүн маңызы мына ушунда: ал Шаабан айынын ортосундагы түнү жөнүндө Пайгамбардан да, анын сахабаларынан да эч нерсе айтылбаганын ачык айткан.

Ал эми Аль-Аузаии (ага Аллах ырайым кылсын) аны жекече аткарууну мустахаб деп эсептегени жана Хафиз ибн Ражабдын бул пикирди тандаганы – бул, таң калыштуу жана алсыз пикир. Анткени шарият далилдери менен анын уруксат экени бекемделбеген ар бир ишти мусулмандын Аллахтын динине киргизүүсүнө уруксат берилбейт. Мейли аны жалгыз аткарсын же жамаат менен, мейли жашыруун кылсын же ашкере кылсын. Себеби Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу

болсун) мындай деп жалпылай айткан сөзү бар:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلًا لَيْسَ عَلَيهِ أَمْرُنَا؛ فَهُوَ رَدٌّ».

«Кимде-ким биздин шариятыбызда жок амалды кылса, анда ал кабыл болбойт». Ошондой эле динде жаңыдан пайда болгон иштерден кайтарууга жана алардан сактанууга далил болгон башка далилдер көп.

Имам Абу Бакр ат-Туртуши (ага Аллах ырайым кылсын) «Аль-Хавааадис валь-Бида» китебинде мындай деп айтат:

Ибн Ваддах Зайд ибн Асламдан риваят кылат, ал айткан: «Биз устаздарыбыздан да, факихтерибизден да эч кимисинин Шаабан айынын ортосуна көңүл бурганын, Макхулдун хадисине маани бергенин жана анын башка күндөрдөн артыкчылыгы бар деп эсептегенин көргөн эмеспиз».

Ибн Абу Мулайкага: «Зияд ан-Нумайрий айтат», - деп айтылган: «Бараат түнүнүн сообу – Кадыр түндүн сообу сыяктуу». Анан ал: «Эгер аны укканымда колумда

таяк болсо, аны урат элем» – деди. Зияд аңгемечи болгон, айтылган максат аягына жетти.

Аллаама аш-Шавкани, рахимахуллах, «аль-Фаваид аль-Мажмуъа» китебинде мындай деп айтат:

Хадис: "Эй Али, ким Шаабан айынын ортосундагы түнү жүз ирекет намаз окуп, анын ар бир ирекетинде Фатиха сүрөөсүн жана он жолу Ихлас сүрөөсүн окуса, Аллах анын ар бир муктаждыгын аткарат...". Бул (хадис) жалган. Анын сөздөрүндө, аны аткарган адамга бериле турган сооп тууралуу айтылгандардан улам, эстүү адам анын жалган экенине шек санабайт. Анын риваят кылгандар белгисиз. Ал экинчи жана үчүнчү жолдор менен да риваят кылынган, бирок алардын баары жалган жана риваят кылуучулары да белгисиз. Ал «Мухтасар» китебинде Шаабан айынын ортосундагы намаз тууралуу хадисти жараксыз деген. Ал эми Ибн Хиббандын китебинде Алиден келген: «Шаабан айынын он бешинчи түнү келсе, анын түнүн

намаз менен өткөргүлө, ал эми күндүзү орозо кармагыла» деген хадис – күчсүз. «Ал-Лаали» китебинде мындай деген: «"Шаабан айынын ортосунда "Ихлас" сүрөсүн он жолудан окуп, жүз ирекет намаз окуу" жөнүндөгү, пазилети узун баяндалган, Дайлами жана башкалар риваят кылган хадис ойдон чыгарылган жана анын үч риваят жолундагы риваят кылуучулары көпчүлүгү белгисиз жана алсыз». Ал айтты: «Ихлас сүрөсүн отуз жолу окуп, он эки ирекет окуу» – токума, «жана он төрт ирекет окуу» да – токума.

Бул хадистен улам факихтердин бир тобу, мисалы, «Ихйа» китебинин автору жана башкалар, ошондой эле муфассирлер да жаңылышкан; бул түндүн, тактап айтканда, Шаабан айынын он бешинчи түнүнүн намазы тууралуу ар кандай риваяттар айтылган, алардын баары жалган, ойдон чыгарылган. Бул, Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Бакиге барганы, Шаабан айынын ортосундагы түнү

Раббинин дүйнө асманына түшүшү жана Ал Калб уруусунун койлорунун жүнүнүн санынан да көп (адамды) кечириши тууралуу Айшадан (ага Аллах ыраазы болсун) айтылган Тирмизийдин риваятына карама-каршы келбейт, анткени сөз бул түнү окулуучу ойдон чыгарылган намаз тууралуу гана болуп жатат. Айта кетсек, Айшанын бул хадиси алсыз жана үзүлгөн. Ошондой эле, жогоруда айтылган Алинин анын түнүн намаз менен тирилтүү тууралуу хадиси, биз айтып өткөндөй, андагы алсыздыкка карабастан, бул намаздын ойдон чыгарылгандыгына карама-каршы келбейт» Керектүү жери бүттү.

Хафиз Иракий минтип айткан: «Шаабан айынын ортосунун түнүндөгү намаз жөнүндөгү хадис Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таңууланган токулма жана жалган». Имам Навави «ал-Мажмуъ» китебинде мындай деген: «Рагаиб намазы деп белгилүү болгон намаз Ражаб айынын биринчи жума түнү шам менен куптандын

ортосунда окулуучу он эки ирекет намаз жана Шаабан айынын он бешинчи түнү окулуучу жүз ирекет намаз. Бул эки намаз айыпталган, жаман бидааттар. Алардын «Кут ал-кулуб» жана «Ихйа улум ад-дин» китептеринде эскерилгенине, ошондой эле аларда келтирилген хадиске алданбаш керек, анткени мунун баары жалган. Бул эки намаздын өкүмү чаташып, аларды мустахаб деп эсептеп, бул тууралуу баракчаларды жазган кээ бир имамдарга да алданбаш керек. Анткени ал (ошондой деп жазган адам) бул маселеде жаңылышкан».

Шейх Имам Абу Мухаммад Абдуррахман бин Исмаил аль-Макдиси ал экөөсүн жокко чыгаруу боюнча баалуу китеп жазып, аны абдан мыкты жазган. Бул маселе боюнча илим ээлеринин сөздөрү өтө көп. Эгерде биз бул маселе боюнча таанышып чыккан сөздөрдүн баарын айта турган болсок, анда сөзүбүз өтө узарып кетмек. Балким, биз айтып өткөн нерселер акыйкатты издеген адам үчүн жетиштүү жана ынанарлык болот.

Жогоруда айтылган аяттар, хадистер жана аалымдардын сөздөрүнүн негизинде акыйкатты издеген адамга төмөнкүлөр айкын болот: Шаабан айынын он бешинчи түнүн намаз же башка ибадаттар менен тосуу жана анын күндүзү орозо тутуу – аалымдардын көпчүлүгүнүн пикиринде жек көрүлгөн бидаат. Ага таза шариятта эч кандай негиз жок, тескерисинче, ал сахабалардын доорунан кийин Исламда пайда болгон нерселерден. Акыйкатты издеген адамга бул жана башка маселелерде Аллах Тааланын төмөнкү сөзү жетиштүү:

﴿...ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ...﴾

"...Бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылдым...". (Маида, 3-аят). Ушул мааниде мындан башка да аяттар бар. Ал эми Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ فَهُوَ رَدٌّ».

"Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө

кайтарылат". Ушул мааниде хадистер да көп.

Имам Муслим «Сахих» китебинде Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَا تَخُصُّوا لَيْلَةَ الْجُمُعَةِ بِقِيَامٍ مِنْ بَيْنِ اللَّيَالِي، وَلَا تَخُصُّوا يَوْمَهَا بِالصِّيَامِ مِنْ بَيْنِ الْأَيَّامِ، إِلَّا أَنْ يَكُونَ فِي صَوْمٍ يَصُومُهُ أَحَدُكُمْ».

«Жума түнүн башка түндөрдүн ичинен намаз үчүн, ошондой эле жума күнүн башка күндөрдөн орозо үчүн өзгөчөлөбөгүлө! Силердин бирөөңөрдүн кармаган орозосуна туш келгенден тышкары». Эгерде кайсы бир түндү ибадаттын бир түрү менен өзгөчөлөөгө уруксат болгондо, анда жума түнү башка түндөрдөн артык болмок. Анткени, Аллахтын Элчиси айткан ишенимдүү хадистерде так айтылгандай, анын күндүзү – күн чыккан күндөрдүн эң жакшысы. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түндөрдүн ичинен бир түндү ибадат менен

өзгөчөлөөдөн тыйгандыгы – башка түндөрдү андан да бетер, аны өзгөчөлөөгө туура далил болмоюнча, кандайдыр бир ибадат менен өзгөчөлөөгө болбой турганына далил болот.

Кадыр түнүн жана Рамазан түндөрүн ибадат менен өткөрүү жана аларда көбүрөөк ибадат кылууга аракет кылуу шариятта каралгандыктан, Пайгамбар буга көңүл буруп, үммөттү ал түндөрдү ибадат менен өткөрүүгө үндөгөн жана муну өзү да жасаган. Эки "Сахихте" Пайгамбардын төмөнкү хадиси айтылган:

«مَنْ قَامَ رَمَضَانَ إِيمَانًا وَاحْتِسَابًا، غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ، وَمَنْ قَامَ لَيْلَةَ الْقَدْرِ إِيمَانًا وَاحْتِسَابًا، غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ».

«Кимде-ким Рамазанды ыйман келтирип жана сооп үмүт кылып (ибадат менен) өткөрсө, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет. Кимде-ким Кадыр түндү ыйман келтирип жана сооп үмүт кылып (ибадат менен) өткөрсө, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет». Эгерде Шаабан айынын он бешинчи түнү, же Ражаб айынын биринчи

жума түнү, же Исра жана Мираж түнүн майрамдоо, же кандайдыр бир ибадат кылуу менен өзгөчөлөө шариятта көрсөтүлгөн болсо, анда Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөттү ага багыттамак, же аны өзү жасамак. Эгерде ушундай болгондо, сахабалар (Аллах алардан ыраазы болсун) аны үммөткө жеткиришмек, жашырмак эмес. Алар пайгамбарлардан кийинки адамдардын эң жакшысы жана эң чынчыл насаатчылары. Аллах Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларынан ыраазы болуп, аларды да ыраазы кылсын.

Жогоруда аалымдардын сөзүнөн белгилүү болгондой, Аллахтын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) да, анын сахабаларынан (аларга Аллах ыраазы болсун) да Ражаб айынын биринчи жума түнүнүн жана Шаабан айынын ортосундагы түнүнүн артыкчылыгы тууралуу эч нерсе тастыкталган эмес. Демек, бул эки түндү

белгилөө Исламга кийин киргизилген бидаат. Ошол сыяктуу эле, аларды кандайдыр бир ибадат менен өзгөчөлөө да жек көрүлгөн бидаат. Ошол сыяктуу эле, кээ бир адамдар Исра жана Мираж түнү деп эсептеген Ражаб айынын жыйырма жетинчи түнүн да, жогоруда айтылган далилдерге таянып, кандайдыр бир ибадат менен өзгөчөлөөгө же аны майрамдоого болбойт. Бул эгер ал түндүн убактысы белгилүү болгон учурда да ушундай. Ал эми аалымдардын эң ишеничтүү сөзү боюнча анын убагы белгисиз. Анан кантип аны майрамдоого болсун? Ал эми «Бул түн Ражап айынын жыйырма жетинчи түнү» деген сөз, ишенимдүү хадистерде эч кандай негизи жок, жалган сөз. Төмөнкү сөздү айткан адам кандай гана таамай айткан:

"Иштердин эң жакшысы – туура жолдогу мурункулар, ал эми эң жаманы – жаңыдан пайда болгондор".

Аллах бизге жана жалпы мусулмандарга сүннөттү кармануунга, анда бекем турууга жана ага каршы келген нерселерден сак

болууга топук берсин. Ал - Берешен, Жоомарт.

Аллахтын кулу жана элчиси, пайгамбарыбыз Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана жалпы сахабаларына Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Сегизинчи китепче:

(Шейх Ахмадга) тиешелүү деп айтылган осуяттын жалгандыгы жөнүндө маанилүү эскертүү.

Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйык мечитинин кызматчысы Шейх Ахмадга

Абдулазиз бин Абдуллах бин Баздан аны окуган мусулмандарга кайрылуу: Аллах аларды Ислам менен сактап, бизди да, аларды да наадан түркөйлөрдүн жалааларынын жамандыгынан Өз паанасына алсын. Амин.

Сиздерге Аллахтын саламаттыгы, ырайымы жана берекеси болсун.

Андан кийин айтарым: Пайгамбардын ардактуу мечитинин кызматчысы Шейх Ахмадга таандык деп айтылып жүргөн,

«Бул – нурдуу Мединадагы Пайгамбардын ардактуу мечитинин кызматчысы Шейх Ахмаддын осуяты» деп аталып, эл арасында таркаган катта мыйндай айтылат:

«Жума түнү уктабай Курани Каримди окуп, андан соң Аллахтын көркөм ысымдарын окуп бүттүм. Анан уктоого камынып жатканда, Куран аяттарын жана шарият өкүмдөрүн алып келген, ааламдарга ырайым болгон нур жүздүү мырзабыз, Аллахтын элчиси Мухаммадды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көрдүм. Ал: "Эй, шейх Ахмад" - деди. Мен: "Лаббайка, о, Аллахтын элчиси, о, Аллахтын жараткандарынын эң кадырлуусу" - дедим». Ал мага мындай деди: «Мен адамдардын жаман иштеринен уялып, Раббиме жана периштелерге жолугууга батына албадым. Себеби, жумадан жумага чейин жүз алтымыш миң адам мусулман эмес абалда дүйнөдөн өттү». Андан соң ал адамдар кылып жаткан кээ бир күнөөлөрдү айтты. Анан: "Бул осуят Кудуреттүү, Жаббар (Аллах)

тарабынан аларга болгон ырайым" деди. Андан кийин Кыяматтын кээ бир белгилерин айтып, мындай деди: "О, Шейх Ахмад, аларга бул осуятты кабарла; себеби ал Лавхул-Махфуздан тагдыр калеми менен көчүрүлгөн. Ким аны жазып, бир шаардан экинчи шаарга, бир жерден экинчи жерге жөнөтсө, ага Бейиште бир сарай курулат. Ал эми ким аны жазып, жөнөтпөсө, ал Кыямат күнү менин шапаатымдан куру калат". "Кимде-ким бул осуятты жазса, эгер ал жакыр болсо, Аллах аны байытат, же карызы болсо, Аллах карызынан кутултат, же күнөөсү болсо, ушул осуяттын берекеси менен Аллах анын жана ата-энесинин күнөөлөрүн кечирет". "Аллахтын пенделеринен кимде-ким аны жазбаса, бул дүйнөдө жана Акыретте анын жүзү кара болот". Анан ал (шейх Ахмад) мындай дейт: «Улуу Аллага үч жолу ант ичип айтам, бул акыйкат. Эгер жалган айткан болсом, анда бул дүйнөдөн Исламда болбогон абалда кетейин. Ким буга ишенсе, тозок азабынан кутулат, ал эми ким муну жалганга чыгарса, каапыр болот».

Аллахтын Элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таандык кылынган жалган осуяттын кыскача мазмуну ушундай. Биз бул жалган осуятты көп жылдардан бери көп жолу угуп келебиз. Ал убак-убагы менен эл арасында таратылып, карапайым элдин арасына жайылтылат жана анын сөздөрүндө айырмачылыктар бар. Аны ойлоп чыгарган жалганчы, түшүндө Пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) көргөнүн жана ал ага ушул осуятты тапшырганын айтат. Оо, окурман, биз сага айтып өткөн акыркы баракчада, андагы жалаа жабуучу Пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уйкуга камынып жатканда көрдүм деп айткан, демек, мунун маниси: ал аны өңүндө көргөн.

Бул жалаа жабуучу өзүнүн осуятында көптөгөн нерселерди доомат кылган, алар ачык-айкын жалган. Аллах кааласа, жакында ал жалгандарга токтолуп кетем. Чынында, мен өткөн жылдары бул

тууралуу эскертип, алардын ачык-айкын жалган экендигин адамдарга баяндап бергем. Ушул акыркы басылманы көргөнүмдө, анын жалгандыгынын айкындыгынан жана аны ойлоп чыгарган жалаачынын жалган айтуудагы зор тайманбастыгынан улам, ал тууралуу китепче жазсамбы деп экиленип калдым. Мен анын жалгандыгына кымындай көрөгөчтүгү же таза жаратылышы бар адам ишенип калат деп ойлогон эмесмин. Бирок көптөгөн бир туугандар анын адамдардын арасында жайылып, аны бири-бирине айтып, айрымдары ага ишенип калганын мага кабарлашты. Ушул себептен, мен мага окшогондорго, анын жалгандыгын жана Аллахтын Элчисине жабылган жалаа экенин баяндап, эч ким ага алданып калбашы үчүн, бул жөнүндө жазууну милдет деп көрдүм. Илим жана ыйман ээлеринен, же таза жаратылыш жана туура акыл ээлеринен кимде-ким ага ой жүгүртсө, анын көптөгөн жактан жалган жана жалаа экенин билет.

Мен бул жалаа таңууланган Шейх Ахмаддын кээ бир туугандарынан ушул Осуят жөнүндө сурадым, алар мага анын Шейх Ахмадга жабылган жалаа экенин жана ал аны түпкүлүгүндө айтпаганын айтып жооп беришти. Жогоруда айтылган шейх Ахмад бир канча убакыт мурун каза болгон. Эгерде биз жогоруда айтылган шейх Ахмад, же андан да улуураак бирөө, Пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүндө же өңүндө көрдүм десе жана ал мага ушул осуятты айтты деп доомат кылса дагы, анда биз анын жалганчы экенин, же ага муну айткан шайтан экенин, ал Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эмес экенин бир канча себептерден улам анык билмекпиз:

Биринчиден: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дүйнөдөн өткөндөн кийин эч кимге өңүндө көрүнбөйт. Суфийлердин түркөйлөрүнөн кимде-ким "Пайгамбарды өңүмдө көрөм, же ал мавлидке келет", же дагы башка

ушуга окшогон нерселерди айтса, анда ал эң одоно ката кетирип, катуу адашып, Китепке, Сүннөткө жана илим ээлеринин ижмасына (пикирине) каршы чыккан болот. Анткени өлүктөр кабырларынан бул дүйнөдө эмес, Кыямат күнү гана чыгышат. Ким мунун тескерисин айтса, ал же анык жалганчы, же жаңылып адашкан бирөө. Ал салих салафтар билген жана Аллахтын элчисинин сахабалары менен аларга жакшылыкта ээрчигендер карманган акыйкатты билбейт. Аллах Таала мындай деген:

﴿ثُمَّ إِنَّكُم بَعۡدَ ذَٰلِكَ لَمَيِّتُونَ ۝١٥ ثُمَّ إِنَّكُمۡ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ تُبۡعَثُونَ ۝١٦﴾

"Кийин ушундан соң силер (туулуп, жер бетинде жашап, дагы) өлөсүңөр".

"Кийин силер кыямат күндө (кайрадан) тирилтирилесиңер". (Муьминун, 15-16-аяттар). Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«أَنَا أَوَّلُ مَنْ تَنْشَقُّ عَنْهُ الْأَرْضُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، وَأَنَا أَوَّلُ شَافِعٍ وَأَوَّلُ مُشَفَّعٍ».

«Мен Кыямат күнү жерден эң биринчи чыгуучумун, жана мен эң биринчи шапаатчымын жана эң биринчи шапааты кабыл кылынуучумун». Бул маанидеги аяттар жана хадистер өтө көп.

Экинчиден: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тирүү кезинде да, дүйнөдөн кайткандан кийин да акыйкатка каршы сөз айтпайт. Ал эми бул керээз анын шариятына көптөгөн жактан ачык-айкын каршы келет (бул тууралуу кийин айтылат). Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүндө көрүнүшү мүмкүн. Ким аны түшүндө өзүнө ылайык шарапаттуу сүрөтүндө көрсө, анда аны чындап көрүптүр; анткени шайтан анын сүрөтүндө боло албайт, бул тууралуу ишенимдүү хадисте айтылган. Бирок, кептин баары түш көрүүчүнүн ыйманында, чынчылдыгында, адилеттүүлүгүндө, тактыгында,

диндарлыгында, аманаткөйлүгүндө жана Пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнүн сүрөтүндө көрдүбү же башка сүрөттө көрдүбү, мына ушунда.

Эгер Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көзү тирүүсүндө айткан кайсы бир хадиси ишенимдүү, адилеттүү жана эс тутуму күчтүү айтып өткөрүүчүлөрдүн жолу менен келбесе, ага таянылбайт жана ал далил катары кабыл алынбайт. Же ишенимдүү, эс тутуму күчтүү айтып өткөрүүчүлөрдүн жолу менен келип, бирок ал алардан да эс тутуму күчтүүрөөк жана ишенимдүүрөөк айтып өткөрүүчүнүн риваятында эки риваятты бириктирүүгө мүмкүн болбогондой каршы келсе, анда шарттары туура келген учурда анын бири мансух (өкүмү жокко чыгарылган) болуп, ага амал кылынбайт да, экинчиси насих (өкүмдү жокко чыгаруучу) болуп, ага амал кылынат. Эгерде эки риваятты бириктирүүгө да, насх кылууга да мүмкүн болбосо, анда эс тутуму

начарыраак жана адилеттүүлүгү төмөнүрөөк болгон айтып өткөрүүчүнүн риваяты четке кагылып, ал шазз (алсыз) деп өкүм кылынат жана ага амал кылынбайт.

Аллахтын Элчисинен риваят кылган адамы, анын адилеттүүлүгү жана ишенимдүүлүгү белгисиз болгон осуятты, анда шариятка каршы эч нерсе жок болсо да, четке кагып, ага көңүл бурбоо керек болуп турганда, ал осуят өзүнүн жалган экенине, Аллахтын Элчисинин атынан ойдон чыгарылганына жана Аллах уруксат бербеген динди мыйзамдаштырууга ишарат кылган көптөгөн нерселерди камтыса, анда анын абалы кандай болот?

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ قَالَ عَلَيَّ مَا لَمْ أَقُلْ؛ فَلْيَتَبَوَّأْ مَقْعَدَهُ مِنَ النَّارِ».

"Ким менин атымдан мен айтпаганды айтса, өзүнө тозоктон орун камдай берсин". Бул осуятты Аллахтын Элчисине таандык кылып ойдон чыгарган адам, ал айтпаган сөздү айтып, ага ачык жана кооптуу жалган

айтты. Эгерде ал тообо кылууга шашылбаса жана бул осуяттын Аллахтын Элчисине жалган жалаа экенин адамдарга жарыя кылбаса, анда ал катуу азапка татыктуу болот. Анткени, кимде-ким адамдардын арасында жалганды жайылтып, аны динге таандык кылса, анын тообосу аны ачык жарыялап, айгинелемейинче туура болбойт; ошондо гана адамдар анын жалганынан кайткандыгын жана өзүн-өзү жалганга чыгарганын билишет. Анткени Улуулугу даңкталган Аллах мындай деген:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ يَكۡتُمُونَ مَآ أَنزَلۡنَا مِنَ ٱلۡبَيِّنَٰتِ وَٱلۡهُدَىٰ مِنۢ بَعۡدِ مَا بَيَّنَّٰهُ لِلنَّاسِ فِي ٱلۡكِتَٰبِ أُوْلَٰٓئِكَ يَلۡعَنُهُمُ ٱللَّهُ وَيَلۡعَنُهُمُ ٱللَّٰعِنُونَ ١٥٩ إِلَّا ٱلَّذِينَ تَابُواْ وَأَصۡلَحُواْ وَبَيَّنُواْ فَأُوْلَٰٓئِكَ أَتُوبُ عَلَيۡهِمۡ وَأَنَا ٱلتَّوَّابُ ٱلرَّحِيمُ ١٦٠﴾

"Биз түшүргөн (Мухаммад жөнүндөгү) далилдерди жана туура жолду китепте (Тооратта) адамдарга баян кылып бергенден кийин деле жаап-жашырып жүргөндөргө Аллах наалат айтат жана бардык наалат

айтуучулар наалат айтышат".

"Ал эми, (күнөөлөрүнө) тообо кылган, (акыйкатка кайтып, пейилин) түздөгөн жана (жаап-жашырган чындыктарды) ачык айткан адамдардын тооболорун кабыл аламын. Мен тооболорду кабыл алуучу, Мээримдүүмүн". (Бакара, 159-160-аяттар). Аллах Таала бул улуу аятта ким акыйкаттан бир нерсени жашырса, аны оңдоп, ачык-айкын баяндамайынча, анын тообосу кабыл болбой тургандыгын түшүндүргөн. Аллах Таала пенделери үчүн динди толуктап, Өзүнүн элчиси Мухаммадды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жиберүү жана ага толук шариятты аян-кабар кылуу менен аларга болгон нээматын толук кылган. Динди толуктап, баяндап бүткөндөн кийин гана аны (пайгамбарды) Өзүнө алган. Аллах Таала мындай деп айткан:

﴿...ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗا...﴾

"…Мына бүгүн Мен силерге

диниңерди толук кылып, жакшылыктарымды бирин калтырбай берип, силерге Исламдын гана дин болушун кааладым…". (Маида, 3-аят).

Бул осуятты ойлоп чыгарган жалганчы он төртүнчү кылымда келип, адамдарды жаңы дин менен адаштырууну каалайт. Ал дин боюнча, анын шариятын карманган адам Бейишке кирет, ал эми карманбаган адам Бейиштен куру калып, Тозокко кирет. Ал бул ойдон чыгарган осуятын Курандан да улук жана артык кылууну каалап, анда: ким аны жазып, бир шаардан экинчи шаарга, же бир жерден экинчи жерге жөнөтсө, ага Бейиште бир сарай курулат, ал эми ким аны жазып, жөнөтпөсө, Кыямат күнү ага Пайгамбардын шапааты болбойт деп жалган жазган. Бул жалгандын эң жаманы жана бул осуяттын жалган экенине, аны ойлоп чыгаргандын уятсыздыгына жана жалганга баруудагы тартынбастыгына эң ачык далилдердин бири. Анткени, Ыйык Куранды жазып, аны бир шаардан экинчи шаарга же бир жерден

экинчи жерге жөнөткөн адам, эгер ага амал кылбаса, мындай артыкчылыкка ээ болбойт. Анда бул жалганды жазып, аны бир шаардан экинчи шаарга тараткан адам кантип мындай артыкчылыкка ээ болсун?! Куранды жазбаган жана аны бир өлкөдөн экинчи өлкөгө жөнөтпөгөн адам, Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйман келтирип, анын шариятын ээрчисе, анын шапаатынан кур калбайт. Бул осуяттагы ушул бир эле жалаа анын жалгандыгын, аны тараткандын жалганчылыгын, уятсыздыгын, акылсыздыгын жана Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алып келген туура жолду билүүдөн алыс экендигин далилдөөгө жетиштүү.

Бул керээзде жогоруда айтылгандардан тышкары, анын жалган жана жараксыз экендигин далилдеген башка дагы жагдайлар бар. Аны ойлоп чыгарган жалакор анын тууралыгына миң же андан көп ант ичсе да, өзүнүн чынчыл экенин айтып, өзүнө эң чоң азапты жана эң катуу

жазаны тилесе да, ал чынчыл болбойт жана ал (керээз) да туура болбойт. Тескерисинче, Аллахка ант болсун, албетте, ал эң чоң жана эң жийиркеничтүү жалгандын бири. Биз Аллах Тааланы жана биздин жаныбыздагы периштелерди күбө кылабыз. Бул жазууну окуган мусулмандарга Улуу Раббибиздин алдында жооп бере турган күбөлүк катары айтабыз: бул осуят – Аллахтын элчисине карата айтылган жалган жана жалаа. Бул жалганды айткан адамды Аллах кор кылсын жана ага татыктуу жазасын берсин.

Бул осуяттын жалган жана жараксыз экенине жогоруда айтылгандардан тышкары, анын өз текстинде да далилдер көп. Алардын кээ бири булар:

Биринчи маселе: андагы «Анткени жумадан жумага чейин жүз алтымыш миң адам Ислам дининен башка динде өлдү» деген сөз. Анткени бул кайып илиминен. Ал эми Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) анын өлүмүнөн кийин аян-кабар келүүсү токтогон. Ал тирүү кезинде кайыпты билчү

эмес, анан кантип өлгөндөн кийин билмек эле? Анткени Аллах Таала мындай деген:

﴿قُل لَّآ أَقُولُ لَكُمۡ عِندِي خَزَآئِنُ ٱللَّهِ وَلَآ أَعۡلَمُ ٱلۡغَيۡبَ...﴾

"Айткын: “Мен силерге “Менин алдымда Аллахтын казыналары бар” дебеймин. Дагы мен кайыпты да билбеймин...". (Анаам, 50-аят). Алла Таала дагы мындай деген:

﴿قُل لَّا يَعۡلَمُ مَن فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ ٱلۡغَيۡبَ إِلَّا ٱللَّهُ...﴾

"Айт: «Асмандардагы жана жердеги эч ким кайыпты билбейт. Бир гана Аллах билет!..." (Намл, 65-аят). Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«يُذَادُ رِجَالٌ عَنْ حَوْضِي يَوْمَ القِيَامَةِ، فَأَقُولُ: يَا رَبِّ! أَصْحَابِي أَصْحَابِي، فَيُقَالُ لِي: إِنَّكَ لَا تَدْرِي مَا أَحْدَثُوا بَعْدَكَ، فَأَقُولُ كَمَا قَالَ العَبْدُ الصَّالِحُ: ﴿وَكُنتُ عَلَيۡهِمۡ شَهِيدٗا مَّا دُمۡتُ فِيهِمۡۖ فَلَمَّا تَوَفَّيۡتَنِي كُنتَ أَنتَ ٱلرَّقِيبَ عَلَيۡهِمۡۚ وَأَنتَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ شَهِيدٌ﴾ [المائدة: ١١٧]».

«Кыямат күнү менин (хавз) көлүмдөн кээ бир адамдар куулуп чыгарылат, ошондо мен: «Оо, Раббим! Менин сахабаларым,

менин сахабаларым!» - деп айтамын. Анда мага: «Чынында, сен алардын сенден кийин эмнелерди (динден эмес нерселерди) ойлоп чыгарышканын билбейсиң» - деп айтылат. Ошондо мен да салих пенде айткандай айтамын: «Мен алардын ичинде турган (ар бир) мезгилде алардын үстүндө (Сенден башкага сыйынышпасын деп) күбө болуп турдум. Ал эми, Сен мени(н жердеги жашоо мөөнөтүмдү бүтүрүп, Өзүңө көтөрүп) алганыңда аларга Өзүң күзөтчү болуп калгансың. Өзүң бардык нерселерге Күбөсүң» (Маида, 117-аят).

Экинчи маселе: бул керээздин жалган жана негизсиз экенине далил андагы: «Ким муну жазса, эгер кедей болсо, Аллах аны байытат; же карызы болсо, Аллах карызынан кутултат; же күнөөсү болсо, ушул керээздин берекеси менен Аллах анын жана ата-энесинин күнөөлөрүн кечирет» деген сыяктуу сөздөр. Бул эң чоң жалгандардын бири жана аны ойлоп чыгаргандын жалганчы экенине, анын Аллахтан жана Анын пенделеринен

уялбастыгына ачык-айкын далил. Анткени бул үч нерсе Ыйык Куранды жазуу менен да пайда болбойт, анда бул жалган осуятты жазган адамга кантип пайда болсун?! Бул ыпластын максаты адамдарды адаштырып, ушул осуятка байлап коюу. Муну менен алардын аны жазып алып, жалган соопко байланып, Аллах пенделери үчүн байлыкка, карыздан кутулууга жана күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө жеткире турган себептерди таштап коюусун көздөйт. Аллахтан шерменделиктин себептеринен, напсиге жана шайтанга баш ийүүдөн сактоосун тилейбиз.

Үчүнчү маселе: Бул осуяттын жараксыздыгына далил андагы: «Аллахтын пенделеринен ким аны жазбаса, бул дүйнөдө жана акыретте жүзү кара болот» – деген сөзү. Бул дагы эң жаман жалгандардын бири жана бул керээздин жалган экенине, аны ойлоп чыгаргандын калпына ачык далил. Он төртүнчү кылымда белгисиз бир адам Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу

болсун) жалаа жаап, ойдон чыгарган керээзди жазып, анан дагы анда: "ким аны жазбаса, бул дүйнөдө жана акыретте жүзү карарат, ал эми ким жазса, кедейликтен кийин байыйт, үйүлгөн карыздарынан кутулат жана кылган күнөөлөрү кечирилет" деп жалган айтканы, акыл-эси соо адамдын акылына кантип сыйсын?

Сен бул чоң жалаадан аруу-тазасың. Чынында, далилдер жана турмуш бул жалаа жапкан адамдын жалганчы экенине, анын Аллахка карата чектен чыккандыгына, Аллахтан жана адамдардан уялбастыгына күбө. Мына, көптөгөн элдер аны жазышкан эмес, бирок алардын жүздөрү кararган жок. Ал эми бул жакта эсебин Аллахтан башка эч ким билбеген көптөгөн адамдар аны көп жолу жазышкан, бирок карыздарынан кутулушкан жок жана жакырчылыктан да арылышкан жок. Аллах Өзү жүрөктөрдүн адашуусунан жана күнөөлөрдүн кара тактарынан сактасын. Бул сыпаттар менен жазаларды Улуу Шарият эң мыкты жана эң улуу китеп болгон Ыйык Куранды жазган

адамга да белгилеген эмес. Анда ичинде жалгандын түрлөрү жана каапырлыктын көптөгөн сөздөрү камтылган жалган осуятты жазган адамга кантип ушундай жаза болсун? Субханаллах! Аллах Өзүнө жалган айтууга батынган адамга кандай гана сабырдуу, кечиримдүү.

Төртүнчү маселе: Бул осуяттын жалгандардын жалганы жана ачык-айкын жалган экенине далил андагы: «Ким ага ишенсе, тозок азабынан кутулат, ал эми ким аны жалганга чыгарса, каапыр болот» – деген сөз. Бул дагы жалганга баруудагы эң чоң бетпактык жана эң ыплас жалгандык. Мындай жалакор бүткүл адамдарды өзүнүн жалаасына ишенүүгө чакырат жана ошону менен алар тозок азабынан кутулуп, ал эми аны жалганга чыгарган адам каапыр болот деп доомат кылат. Аллахка ант болсун, бул жалганчы Аллахка карата эң чоң жалаа жаап, жалган сүйлөдү. Чынында, ким ага ишенсе, ошол каапыр болууга татыктуу, аны жалганга чыгарган адам эмес. Анткени ал эч кандай негизи жок жалаа, жалган жана

калп. Биз анын жалган экенине жана аны ойлоп чыгарган адамдын жалганчы экенине Аллахты күбө кылабыз. Ал Аллах уруксат бербеген нерсени адамдарга шарият кылып, алардын динине андан болбогон нерсени киргизүүнү каалайт. Аллах болсо бул үммөт үчүн динди ушул жалаадан он төрт кылым мурун толуктап, кемчиликсиз кылып койгон. Оо, окурмандар жана бир туугандар! Эсиңерде болсун, ушул сыяктуу жалаа-жалгандарга ишенүүгө жана алардын араңарда таралышына сак болгула. Анткени, акыйкаттын нуру бар, аны издеген адам андан адашпайт. Ошондуктан, акыйкатты далили менен издегиле жана силерге түшүнүксүз болгон нерселерди илим ээлеринен сурагыла. Жалганчылардын анттарына алданбагыла. Анткени, каргыш тийген Иблис ата-энеңер Адам менен Обого: «Мен силерге насаат айтуучулардanмын» - деп ант ичкен. Бирок ал кыянатчылардын эң чоңу жана ашынган жалганчы эле. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿وَقَاسَمَهُمَآ إِنِّي لَكُمَا لَمِنَ ٱلنَّٰصِحِينَ﴿٢١﴾﴾

"Жана: “Мен силерге насаат айтуучулардан боломун” – деп экөөнө ант иче баштады". (Ааараф, 21-аят). Андан жана аны ээрчиген жалганчылардан этият болгула! Анын жана алардын азгыруу жана адаштыруу үчүн айткан канчалаган жалган анттары, опасыз убадалары жана кооздолгон сөздөрү бар. Ал эми бул жалаа жабуучу айткан жаман иштердин пайда болушу - бул болуп жаткан иш, андан Ыйык Куран жана таза Сүннөт катуу эскерткен. Ал экөөндө туура жол жана жетиштүүлүк бар.

Ал эми Кыяматтын белгилерине келсек, Пайгамбардын хадистери алардан эмне болоорун тактап-аныктап берген, ошондой эле Ыйык Куран да алардын айрымдарына ишарат кылган. Кимде-ким аны билгиси келсе, Сүннөт китептеринен жана илим менен ыйман ээлеринин эмгектеринен табат. Адамдар мындай жалаа жабуучунун түшүндүрмөсүнө, анын алдоосуна жана

акыйкатты жалган менен аралаштыруусуна муктаж эмес. Аллах мени, силерди жана бардык мусулмандарды шайтандардын жамандыгынан, адаштыруучулардын фитнасынан, жолдон азгандардын адашуусунан жана Аллахтын жалганчы душмандарынын алдоосунан сактасын. Алар Аллахтын нурун ооздору менен өчүрүүнү жана адамдарга динин чаташтырууну каалашат. Шайтандардан жана алардын каапырлар менен динсиздерден болгон ээрчүүчүлөрүнөн турган Аллахтын душмандары жаман көрсө да, Аллах Өз нурун толуктайт жана динине жеңиш берет. Аллахтан мусулмандардын абалын оңдоосун, аларга акыйкатты ээрчип, анда туруктуу болууну жана бардык күнөөлөрдөн Ага тообо кылууну насип кылуусун суранабыз. Анткени Ал - Тооболорду кабыл кылуучу, Мээримдүү жана бардык нерсеге Кадыр. Аллах бизге Жетиштүү жана ал эң мыкты Коргоочу, эч бир абалдын өзгөрүүсү, кубаттуулук жок бир гана Бийик, Улук Аллах менен.

Ааламдардын Раббиси Аллахка мактоолор болсун. Анын чынчыл жана ишенимдүү кулу жана элчисине, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана Кыямат күнгө чейин ага жакшылык менен ээрчигендерге Аллахтын салам-салаваттары болсун.

***

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Тогузунчу китепче: Сыйкырчылыктын, көзү ачыктыктын жана аларга тиешелүү маселелердин өкүмү[1]

Бардык алкыш-мактоолор жалгыз Аллахка айтылсын. Андан кийин пайгамбар келбей турган акыркы пайгамбарга Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун. Андан кийин айтарым:

Акыркы убактарда өздөрүн дарыгер деп атап, сыйкырчылык же төлгөчүлүк менен дарылаган көзү ачыктардын кээ бир өлкөлөрдө көбөйүп, карапайым, сабатсыз адамдарды алдап, пайдаланып жаткандыгын эске алып, Аллахка жана Анын пенделерине насаат кылуу максатында, бул иштин Исламга жана

[1] Бул осуят 1402-х.ж. жылы Илимий изилдөөлөр, фатва жана үгүт-насаат боюнча Башкы башкармалыктын №17 китепчесинде жарык көргөн.

мусулмандарга тийгизген чоң коркунучун түшүндүрүп берүүнү туура көрдүм. Анткени, мында Аллах Тааладан башкага байланып калуу жана Анын жана Анын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) буйруктарына каршы чыгуу бар.

Аллах Тааладан жардам сурап, мындай деймин: Дарылануга бир добуштан уруксат берилген. Мусулман адам ички терапевт, хирург, невролог же ушул сыяктуу башка дарыгерлерге барып, оорусуна диагноз койдуруп, медицина илимине ылайык шариятта уруксат берилген дары-дармектер менен дарыланса болот. Анткени бул кадимки себептерди карманууболуп саналат жана Аллахка тобокел кылууга карама-каршы келбейт. Аллах Таала ооруну да, аны менен кошо дабасын да түшүргөн. Муну билгендер билди, билбегендер билишкен жок. Бирок, Ал Өз пенделеринин шыпаасын аларга арам кылган нерселерге койгон эмес.

Оорулуу адамга кайыпты билебиз деген

көзү ачыктарга барып, алардан оорусу тууралуу суроого болбойт. Ошондой эле алардын айткандарына ишенүүгө да болбойт, анткени алар кайыпты божомолдоп сүйлөшөт, же каалаган нерселерине жетүү үчүн жиндерди чакырып, алардан жардам сурашат. Эгерде мындайлар кайып илимин билебиз деп айтышса, анда алардын өкүмү – каапырдык жана адашуучулук.

Имам Муслим "Сахих" китебинде риваят кылат, анда Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ أَتَى عَرَّافًا فَسَأَلَهُ عَنْ شَيْءٍ، لَمْ تُقْبَلْ لَهُ صَلَاةٌ أَرْبَعِينَ يَوْمًا».

"Ким төлгөчүгө барып андан бир нерсе тууралуу сураса, кырк күнгө чейин анын намазы кабыл болбойт".

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ أَتَى كَاهِنًا فَصَدَّقَهُ بِمَا يَقُولُ، فَقَدْ كَفَرَ بِمَا أُنْزِلَ عَلَى مُحَمَّدٍ

ﷺ».

"Ким көзү ачыкка барып, анын айтканына ишенсе, анда Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүрүлгөн нерсеге каапырлык кылган болот". Абу Дауд риваят кылган, аны төрт сунан ээлери да жазган. Хаким бул риваятты ишенимдүү деп, Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төмөнкүдөй айтылыш менен жазып калтырган:

«مَنْ أَتَى عَرَّافًا أَوْ كَاهِنًا فَصَدَّقَهُ بِمَا يَقُولُ، فَقَدْ كَفَرَ بِمَا أُنْزِلَ عَلَى مُحَمَّدٍ ﷺ».

"Кимде-ким төлгөчүгө же көзү ачыкка барып, анын айткандарына ишенсе, анда Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүрүлгөн нерсеге каапырлык кылган болот".

Имран бин Хусейн (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ تَطَيَّرَ أَوْ تُطُيِّرَ لَهُ، أَوْ تَكَهَّنَ أَوْ تُكُهِّنَ لَهُ، أَوْ سَحَرَ أَوْ سُحِرَ لَهُ، وَمَنْ أَتَى كَاهِنًا فَصَدَّقَهُ بِمَا يَقُولُ، فَقَدْ كَفَرَ بِمَا أُنْزِلَ عَلَى مُحَمَّدٍ ﷺ».

"Куш учурган жана учурткан, көзү ачыктык кылган жана көзү ачыктык кылдырткан, сыйкырлаган жана сыйкыр кылдырган адамдар бизден эмес. Ким көзү ачыкка барып анын айтканына ишенсе, Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшкөн нерсеге каапырлык кылыптыр". Баззар риваят кылган.

Бул улуу хадистерде төлгөчүлөргө, көзү ачыктарга, сыйкырчыларга жана ушул сыяктууларга барууга, алардан сурооого жана алардын айткандарына ишенүүгө тыюу салынып, бул иш үчүн катуу жаза болору эскертилген.

Алардын кээ бир маселелерде чын айтканына, же аларга келген адамдардын көптүгүнө алдануу болбойт; анткени алар наадандар, адамдардын аларга алдануусуна уруксат эмес. Анткени Аллахтын Элчиси

(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга баруудан, алардан суроодон жана аларга ишенүүдөн тыюу салган; себеби мында чоң жамандык, олуттуу коркунуч жана оор кесепеттер бар. Анткени алар жалганчы, бузукулар.

Ошондой эле бул хадистерде көзү ачыктын жана сыйкырчынын каапыр экенине далил бар; анткени алар кайып илимин билебиз деп айтышат, бул болсо каапырлык. Жана алар максаттарына жиндерге кызмат кылуу жана Аллахтан башкаларга сыйынуу менен гана жетишет; бул болсо Аллахка каапырлык кылуу жана Ага шерик кошуу (ширк) болуп саналат. Ал эми алардын кайыпты билем дегенине ишенген киши да алар сыяктуу эле болот. Кимде-ким бул иштерди аны жасагандардан кабыл алса, анда андан Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жүз бурган болот.

Ошондой эле мусулманга алардын дарылоо деп эсептеген дуба-сыйкыр окуу, коргошун куюу жана ушул сыяктуу ырым-

жырымдарына баш ийүүгө болбойт. Анткени бул көзү ачыктыкка жана адамдарды алдоого жатат. Ким буга ыраазы болсо, анда ал алардын жалганчылыгына жана каапырлыгына жардам берген болот.

Ошондой эле мусулман адамга аларга барып, уулу же тууганы кимге үйлөнөрү, же жубайлар менен алардын үй-бүлөлөрүнүн ортосунда сүйүү жана ынтымак, же кастык жана ажырашуу болору жана ушул сыяктуу нерселер жөнүндө суроого болбойт. Анткени бул Аллах гана билген кайыптардан.

Башчыларга, жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтаруучуларга жана башка күч-кудурети, бийлиги бар адамдарга: көзү ачыктарга, төлгөчүлөргө жана аларга окшогондорго барууга тыюу салуу, базарларда жана башка жерлерде ушул иш менен алектенгендерди токтотуп, аларга катуу тыюу салуу, ошондой эле аларга баргандарга да тыюу салуу милдет.

Ошондой эле сыйкырчылык да каапырдыкка жаткан арам иштерден, бул

тууралуу Аллах Таала эки периште жөнүндө минтип айткан:

﴿...وَمَا يُعَلِّمَانِ مِنْ أَحَدٍ حَتَّىٰ يَقُولَآ إِنَّمَا نَحْنُ فِتْنَةٌ فَلَا تَكْفُرْ ۖ فَيَتَعَلَّمُونَ مِنْهُمَا مَا يُفَرِّقُونَ بِهِۦ بَيْنَ ٱلْمَرْءِ وَزَوْجِهِۦ ۚ وَمَا هُم بِضَآرِّينَ بِهِۦ مِنْ أَحَدٍ إِلَّا بِإِذْنِ ٱللَّهِ ۚ وَيَتَعَلَّمُونَ مَا يَضُرُّهُمْ وَلَا يَنفَعُهُمْ ۚ وَلَقَدْ عَلِمُوا۟ لَمَنِ ٱشْتَرَىٰهُ مَا لَهُۥ فِى ٱلْءَاخِرَةِ مِنْ خَلَٰقٍ ۚ وَلَبِئْسَ مَا شَرَوْا۟ بِهِۦٓ أَنفُسَهُمْ ۚ لَوْ كَانُوا۟ يَعْلَمُونَ﴾

"... ал экөө “Биз фитна (адамдарды сыноо үчүн жиберилгендер) болобуз (сыйкырды үйрөнүп) каапыр болуп калбагыла” деп (насаат) айтпай туруп эч кимге үйрөтүшкөн эмес. Ошентсе да, (яхудилер) алардан эрди-катындын арасын ажырата турган нерселерди үйрөнүшөт. Алар (сыйкырды үйрөнгөн яхудилер) Аллахтын уруксаты болмоюнча, аны менен эч кимге зыян жеткире алышпайт. Жана алар пайдалуу нерсени эмес, өздөрүнө зыян жеткире турган нерселерди үйрөнүштү. Алар, (яхудилер) аны (сыйкырды) сатып

алгандар үчүн Акыретте насип жок экенин билишет болчу. Жандарынын (азапка калуусунун) эсебине сатып алган нерселери кандай жаман! Алар муну билишсе кана!" (Бакара, 102-аят).

Бул улуу аяттар сыйкырдын каапырлык экенин жана сыйкырчылар эр менен аялды ажыратарын көрсөтүп турат. Ошондой эле, сыйкыр өзү эч кандай пайда же зыян жеткире албайт, бирок Аллах Тааланын каалоосу менен гана пайда-зыянын тийгизет; анткени, жакшылык менен жамандыкты жараткан Ал Аллах Таала.

Ошондой эле бул аят сыйкыр үйрөнгөндөр өздөрүнө пайдасы жок, зыян гана алып келе турган нерсени үйрөнөрүн жана Аллахтын алдында алардын эч кандай үлүшү жана насиби жок экенин көрсөтөт. Бул алардын бул дүйнөдө да, акыретте да катуу зыянга учурап, өздөрүн эң арзан баага сатканына ишарат кылган чоң эскертүү. Ошондуктан Аллах Таала аларды мындай деп айыптаган:

﴿...وَلَبِئۡسَ مَا شَرَوۡاْ بِهِۦٓ أَنفُسَهُمۡۚ لَوۡ كَانُواْ يَعۡلَمُونَ﴾

"...Жандарынын (азапка калуусунун) эсебине сатып алган нерселери кандай жаман! Алар муну билишсе кана!" (Бакара, 102-аят). Бул жерде «сатып алуу» «соода» деген мааниде.

Чындыгында, мушриктерден бул илимдерди мураска алып, аны менен акылы алсыздарды адаштырган бул жалганды оодаргандардын зыяны өтө чоң, балээси өтө оор болду. Акыйкатта, биз Аллахка таандыкпыз жана Ага кайтуучубуз. Бизге Аллах жетиштүү, Ал эң жакшы Колдоочу.

Аллах Тааладан мусулмандарды сыйкырчылардын, көзү ачыктардын жана башка көз боемочулардын жамандыгынан сактоосун, жана пенделер алардын зыянынан жана ыплас иштеринен кутулуусу үчүн, мусулмандардын башчыларына алардан сак болууга жана алар тууралуу Аллахтын өкүмүн аткарууга ийгилик берүүсүн тилейбиз. Ал Берешен, Улук.

Аллах Таала пенделерине ырайым жана жакшылык кылып, аларга болгон нээматын толук кылуу үчүн, сыйкырдын жамандыгынан ал боло электе сактанууну жана ал болгондон кийин андан дарылануну шариятта белгилеп, ачыктап берди.

Төмөндө сыйкырдын коркунучунан ал тийгенге чейин сактануучу нерселер жана ал тийип калгандан кийин шариятта уруксат берилген жолдор менен айыгуунун баянына токтолом:

Биринчиден: сыйкыр боло электе, анын коркунучунан сактануу жолдору. Алардын эң маанилүүсү жана эң пайдалуусу бул, шариаттагы зикирлер, дубалар жана коргоочу аяттар менен коргонуу. Алардын бири: Аят аль-Курси, ал Курандагы эң улуу аят. Ар бир парз намаздан кийин салам берген соң окулат. Ал Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿ٱللَّهُ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلۡحَيُّ ٱلۡقَيُّومُۚ لَا تَأۡخُذُهُۥ سِنَةٞ وَلَا نَوۡمٞۚ لَّهُۥ مَا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِۗ مَن ذَا ٱلَّذِي يَشۡفَعُ عِندَهُۥٓ إِلَّا بِإِذۡنِهِۦۚ

يَعۡلَمُ مَا بَيۡنَ أَيۡدِيهِمۡ وَمَا خَلۡفَهُمۡۖ وَلَا يُحِيطُونَ بِشَيۡءٖ مِّنۡ عِلۡمِهِۦٓ إِلَّا بِمَا شَآءَۚ وَسِعَ كُرۡسِيُّهُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَۖ وَلَا يَـُٔودُهُۥ حِفۡظُهُمَاۚ وَهُوَ ٱلۡعَلِيُّ ٱلۡعَظِيمُ ٢٥٥﴾

"Аллах – Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал (түбөлүк) Тирүү, (бардыгын) башкарып Туруучу. Ал үргүлөбөйт жана уктабайт. Асмандар менен жердегинин баары Ага тандык. Эч ким Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча шапаат-колдоо көрсөтө албайт. Ал алардын келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет. Ал эми, алар болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билбейт. Анын Курсийи асмандар жана жерди камтып турат. Ал экөөнү (асмандар менен жерди) сактап туруу Ага эч тоскоолдук кылбайт. Ал Бийик жана Улуу Зат!" (Бакара, 255-аят). Ошондой эле аны уктаар алдында да окуш керек. Ишенимдүү хадисте Аллахтын Элчиси, (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ قَرَأَ آيَةَ الْكُرْسِيِّ فِي لَيْلَةٍ، لَمْ يَزَلْ عَلَيْهِ مِنَ اللَّهِ حَافِظٌ، وَلَا يَقْرَبُهُ شَيْطَانٌ حَتَّى يُصْبِحَ».

«Кимде-ким түнү "Аят ал-Курсини" окуса, ага Аллах тарабынан бир сактоочу болуп турат да, таң атканча ага шайтан жолобойт».

Андай дубалардын дагы бири төмөнкүлөрдү окуу:

﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ۝١﴾

"Айт (о Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!"

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلۡفَلَقِ ۝١﴾

"Айт (о Мухаммад): «Таңдын Раббисинен паана тилеймин:"

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلنَّاسِ ۝١﴾

"Айткын (о Мухаммад): «Мен инсандардын Раббисинен паана тилеймин". (Наас, 1-аят). Жогоруда айтылгандарды ар бир парз намаздан кийин окуу жана кийинки үч сүрөнү күндүн

башталышында багымдат намазынан кийин, ошондой эле түндүн башталышында шам намазынан кийин үч жолудан окуу.

Ошондой эле, түндүн башында Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аятын окуу. Алар Аллах Тааланын төмөнкү сөздөрү:

﴿ءَامَنَ ٱلرَّسُولُ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡهِ مِن رَّبِّهِۦ وَٱلۡمُؤۡمِنُونَۚ كُلٌّ ءَامَنَ بِٱللَّهِ وَمَلَٰٓئِكَتِهِۦ وَكُتُبِهِۦ وَرُسُلِهِۦ لَا نُفَرِّقُ بَيۡنَ أَحَدٖ مِّن رُّسُلِهِۦۚ وَقَالُواْ سَمِعۡنَا وَأَطَعۡنَاۖ غُفۡرَانَكَ رَبَّنَا وَإِلَيۡكَ ٱلۡمَصِيرُ ٢٨٥﴾

«Элчи өзүнө Раббиси тарабынан түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирди жана ыймандуу адамдар дагы (ыйман келтиришти). Бардыгы Аллахка, анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына ыйман келтирди (жана) "Биз Аллахтын пайгамбарларынын арасынан эч кимисин ажыратып (ишенбей) койбойбуз. Оо, биздин Рабби! Биз (Сенин өкүмүңдү) уктук жана (аларга) моюн сундук! Бизди кечире көр! Жана сага гана кайтабыз" деп айтышты».

сүрөнүн акырына чейин.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү хадисте мындай деген:

«مَنْ قَرَأَ الآيَتَيْنِ مِنْ آخِرِ سُورَةِ البَقَرَةِ فِي لَيْلَةٍ كَفَتَاهُ».

"Ким түнү Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аятын окуса, ага жетиштүү болот". Мааниси мындай (туурасын Аллах билет): окуп жаткан адамды бардык жамандыктан сактайт. Ошондой эле, күндүзү жана түндө, имаратта, чөлдө, абада же деңизде болсун, кайсы бир жерге токтогондо «Аллахтын толук сөздөрү менен Анын жараткан бардык макулуктарынын жамандыгынан коргоном» деп көп-көп коргоо тилөө да бар, анткени Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«مَن نَزَلَ مَنْزِلًا فَقالَ: أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَّاتِ مِن شَرِّ ما خَلَقَ، لَمْ يَضُرَّهُ شَيءٌ حتَّى يَرْتَحِلَ مِن مَنْزِلِهِ ذَلِكَ».

"Кимде-ким кайсы бир жерге токтогондо: "Аъузу би калима тиллаахит-тааммаати миң шарри маа холак" деп айтса,

анда ал кайра жолун улап кеткенге чейин ага эч нерсе зыян бербейт".

Ошондой эле мусулман адам эртең менен жана кечинде үч жолудан төмөнкү дубаларды айтат:

«بِسْمِ اللهِ الَّذِي لَا يَضُرُّ مَعَ اسْمِهِ شَيءٌ فِي الأَرْضِ وَلَا فِي السَّمَاءِ، وَهُوَ السَّمِيعُ العَلِيمُ».

«Аллахтын ысымы менен, Анын аты менен бирге болсоң жердеги да, асмандагы да нерселер зыянын тийгизе албайт, Ал Угуучу, Билүүчү».

Ага кызыктыруу Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишеничтүү айтылган жана ал бардык жамандыктан сактанууга себеп болот.

Экинчиси: Сыйкыр тийгенден кийин андан айыгуу. Бул дагы бир канча жолдор менен болот:

Биринчи: Аллахка көп жалбаруу, Андан кыйынчылыкты арылтууну жана азапты кетирүүнү суроо.

Экинчи: сыйкырдын ордун табуу, жерде, тоодо же башка жерде болсун табуу үчүн күч-аракет жумшоо. Эгерде ал табылып, чыгарылып жана жок кылынса, анда сыйкыр күчүн жоготот. Бул сыйкырдан айыгуунун эң пайдалуу жолу.

Үчүнчү: Шариятка ылайык зикирлер жана дубалар менен дем салуу. Алар көп, алардын кээ бири:

Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан дубалары:

«اللَّهُمَّ رَبَّ النَّاسِ، أَذْهِبِ الْبَأْسَ، وَاشْفِ أَنْتَ الشَّافِي، لَا شِفَاءَ إِلَّا شِفَاؤُكَ، شِفَاءً لَا يُغَادِرُ سَقَمًا»

"О адамдардын Раббиси, жамандыкты жок кылуучу, шыпаа бер, Сен шыпаа берүүчүсүң, Сенин шыпааңдан башка шыпаа жок, оору кайра кайталанбай тургандай шыпаа бере көр". Муну үч жолу айтат.

Алардын дагы бири: Жебирейил периштенин пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу

болсун) дем салган дубасы:

«بِسْمِ اللَّهِ أَرْقِيكَ، مِنْ كُلِّ شَيْءٍ يُؤْذِيكَ، وَمِنْ شَرِّ كُلِّ نَفْسٍ أَوْ عَيْنِ حَاسِدٍ، اللَّهُ يَشْفِيكَ، بِسْمِ اللَّهِ أَرْقِيكَ».

"Аллахтын аты менен сага сактык тилейм, сага зыянын тийгизип жаткан нерсенин баарынан, ар бир нафстин жана көралбас көздүн жамандыгынан, Аллах сага шыпаа берсин, Аллахтын аты менен сага сактык тилейм". Муну да үч жолу кайталайт.

Ошондой эле, аялы менен кошула албай калган эркек үчүн пайдалуу дарылоо ыкмасы: көк сидрдин жети жалбырагын алып, аны таш же ушул сыяктуу нерсе менен майдалап, идишке салат. Анан анын үстүнө гусул алууга жете тургандай суу куюп, ага төмөнкүлөрдү окуйт:

Аят ал-Курси жана

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡكَٰفِرُونَ ١﴾

"(О Мухаммад, каапырларга) айткын: «Эй, каапырлар...!" (Каафирун, 1-аят) жана

﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ۝١﴾

"Айт (о Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!" (Ихлас, 1-аят) жана

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلۡفَلَقِ ۝١﴾

"Айт (о Мухаммад): «Таңдын Раббисинен паана тилеймин: (Фалак, 1-аят) жана

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلنَّاسِ ۝١﴾

"Айткын (о Мухаммад): «Мен инсандардын Раббисинен коргоо тилеймин". (Нас, 1-аят).

Аъраф сүрөсүндөгү сыйкыр аяттары, ал Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَأَوۡحَيۡنَآ إِلَىٰ مُوسَىٰٓ أَنۡ أَلۡقِ عَصَاكَۖ فَإِذَا هِيَ تَلۡقَفُ مَا يَأۡفِكُونَ ۝١١٧ فَوَقَعَ ٱلۡحَقُّ وَبَطَلَ مَا كَانُواْ يَعۡمَلُونَ ۝١١٨ فَغُلِبُواْ هُنَالِكَ وَٱنقَلَبُواْ صَٰغِرِينَ ۝١١٩﴾

"Биз Мусага: “Таягыңды жерге ташта!”- деп аян кабар кылдык. Капыстан ал (Мусанын чоң жыланга

айланып калган таягы) сыйкырчылардын жалгандарын жутуп жиберди".

"Натыйжада акыйкат анык болуп, (каапырлардын) жасаган иштери жалганга чыкты".

"Ушул жерде жеңилип, шерменде болуп кайтышты".

(Аьраф, 117-119-аяттар).

Юнус сүрөсүндөгү Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَقَالَ فِرۡعَوۡنُ ٱئۡتُونِي بِكُلِّ سَٰحِرٍ عَلِيمٖ ٧٩ فَلَمَّا جَآءَ ٱلسَّحَرَةُ قَالَ لَهُم مُّوسَىٰٓ أَلۡقُواْ مَآ أَنتُم مُّلۡقُونَ ٨٠ فَلَمَّآ أَلۡقَوۡاْ قَالَ مُوسَىٰ مَا جِئۡتُم بِهِ ٱلسِّحۡرُۖ إِنَّ ٱللَّهَ سَيُبۡطِلُهُۥٓۖ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يُصۡلِحُ عَمَلَ ٱلۡمُفۡسِدِينَ ٨١ وَيُحِقُّ ٱللَّهُ ٱلۡحَقَّ بِكَلِمَٰتِهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُجۡرِمُونَ ٨٢﴾

"Фараон айтты: “Мага бардык илимдүү сыйкырчыларды алып келгиле!”

"Качан сыйкырчылар (Муса менен жарышканы) келгенде Муса аларга: “Эмнени таштоону кааласаңар

таштагыла”- деди".

"(Сыйкырчылар колдорундагы жиптерди, таякчаларды) таштады эле, (кадимки эле ийрелендеген жыландарга окшоп калды. Анда) Муса айтты: “Силер жасаган (ушул) иш (анык) сыйкыр! Аллах тез эле анын жалганын чыгарат! Чынында, Аллах бузукулардын ишин оңдобойт».

"Аллах кылмышкерлерге жакпаса да, Өзүнүн сөздөрү менен Акыйкатты бекемдеп койот". (Юнус, 79-82-аяттар).

Тоха сүрөсүндөгү төмөнкү аяттар:

﴿قَالُواْ يَٰمُوسَىٰٓ إِمَّآ أَن تُلۡقِيَ وَإِمَّآ أَن نَّكُونَ أَوَّلَ مَنۡ أَلۡقَىٰ ٦٥ قَالَ بَلۡ أَلۡقُواْۖ فَإِذَا حِبَالُهُمۡ وَعِصِيُّهُمۡ يُخَيَّلُ إِلَيۡهِ مِن سِحۡرِهِمۡ أَنَّهَا تَسۡعَىٰ ٦٦ فَأَوۡجَسَ فِي نَفۡسِهِۦ خِيفَةٗ مُّوسَىٰ ٦٧ قُلۡنَا لَا تَخَفۡ إِنَّكَ أَنتَ ٱلۡأَعۡلَىٰ ٦٨ وَأَلۡقِ مَا فِي يَمِينِكَ تَلۡقَفۡ مَا صَنَعُوٓاْۖ إِنَّمَا صَنَعُواْ كَيۡدُ سَٰحِرٖۖ وَلَا يُفۡلِحُ ٱلسَّاحِرُ حَيۡثُ أَتَىٰ ٦٩﴾

«О Муса (дешти сыйкычылар) же сен (башта колуңдагы таягыңды) ташта же болбосо, биз биринчи таштайлы».

"(Муса) айтты: «Жок, силер таштагыла!» (Ташташты эле,) капыстан жиптери жана таяктары, алардын сыйкырынан улам ага (Мусага) кыймылдагандай көрүндү!"

"Муса ичинен бир сестенип алды".

"Биз (ага): «Коркпогун сен (алардан) жогору(боло)суң» – деп айттык".

"Колуңдагы нерсени (таякты) ташта, алардын жасалмаларын жутуп жиберет. Алар жасаган нерселер сыйкырчынын гана көз бойоосу. Сыйкырчы деген кайда болбосун, максатка жетпейт» дедик".

(Тоха, 65-69-аяттар).

Айтылган аят, дубалар окулган суудан үч ууртам ичип, калганы менен жуунат. Ушуну менен, Аллах кааласа, оору айыгат. Эгер муктаждык болсо, оору айыкканга чейин аны эки же андан көп жолу кайталоого да болот.

Бул зикирлер, коргонуу дубалары жана жолдор сыйкырдын жана башка

жамандыктардын зыянынан сактануунун эң улуу себептеринен. Ошондой эле, чын ыкылас, ыйман менен, Аллахка ишенип, Ага тобокел кылып жана анда айтылгандарга көкүрөгү ачык абалда бекем карманган адам үчүн сыйкыр тийгенден кийин андан арылуунун эң улуу куралы болуп саналат.

Сыйкырдан сактануу жана андан айыгуу жолдору тууралуу баяндоого мүмкүн болгон маселелер ушулар, ал эми ийгилик берүүчү – Аллах.

Бул жерде маанилүү дагы бир маселе бар: сыйкырды, жиндерге мал союу же башка ибадаттар аркылуу жакындоо менен жасалган сыйкырчылардын иши менен дарылоо. Мындай кылууга болбойт, анткени бул шайтандын иши, атүгүл чоң ширк болуп саналат. Ошондой эле көзү ачык, төлгөчү жана көз боочулардан сурап, алардын айткандарын колдонуп дарылануунга болбойт. Анткени алар ыймансыз, жалганчы, бузукулар. Кайыпты билебиз деп элди адаштырышат. Бул

китепченин башында айтылып өткөндөй, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга баруудан, алардан суроодон жана алардын айткандарына ишенүүдөн эскерткен. Ошондуктан мындан сактануу важип. Аллахтын Элчисинен, (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сыйкырды сыйкыр менен дарылоо жөнүндө суралганда, ал мындай деп айтканы ишенимдүү хадис бар:

«هِيَ مِنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ».

«Ал - шайтандын амалынан», Имам Ахмад жана Абу Дауд жакшы чынжыр-тизмек менен риваят кылган.

Ан-Нушра – бул, сыйкырланган адамдан сыйкырды чечүү. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул сөзүндөгү максаты Исламга чейинки доордогу адамдар колдонгон "ан-Нушра". Мында сыйкырды чечүү үчүн сыйкырчыдан сурануу же аны башка бир сыйкырчы аркылуу ошондой эле сыйкыр менен чечүүгө айтылат..

Ал эми аны дем салуу, шариятка ылайык коргоочу дубалар жана уруксат берилген дарылар менен айыктыруунун, жогоруда айтылгандай, эч кандай зыяны жок. Муну ал-Аллама ибнул Каййим, шейх Абдуррахман бин Хасан «Фатхул-Мажид» китебинде (экөөнө тең Аллах ырайым кылсын), ошондой эле алардан башка илим ээлери да тактап айтышкан.

Аллах мусулмандарды ар бир жамандыктан сактасын, алардын динин сактасын, аларды динде илимдүү кылсын жана Анын шариятына каршы келген ар бир нерседен сактасын.

Аллахтын кулу жана элчиси Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салам-салаваты болсун.

***

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Онунчу китепче: Кабырлардын үстүнө мечит куруудан эскертүү

Аллахтын ысымы менен, Аллахка мактоолор болсун, Аллахтын Элчисине Аллахтын саламы жана салаваттары болсун.

Андан соң айтарым: Ислам илимдеринин бирикмеси журналынын үчүнчү санындагы (Ай ичиндеги мусулмандардын кабарлары) бөлүмүндө, Иордания Хашимиттик Королдугундагы Ислам илимдеринин бирикмеси ар-Рахиб айылында жакында эле ачылган үңкүрдүн үстүнө мечит курууну ниет кылып жатканы тууралуу маалымат менен тааныштым. Ал үңкүр Ыйык Куранда айтылган Үңкүр ээлери уктаган жай деп айтылат. Ушуну менен кабар аяктайт.

Аллах үчүн жана Анын пенделери үчүн насаат айтуу озуйпасынан улам, мен

Иордания Хашимит Королдугундагы Ислам илимдеринин бирикмесине ушул эле журнал аркылуу сөз жолдоону туура көрдүм. Анда бирикмеге жогоруда айтылган үңкүрдүн үстүнө мечит куруу ниетинен кайтуусуна насаат кылынат. Анткени пайгамбарлардын, салихтердин жана алардын калдыктарынын үстүнө мечит куруу, бул кемчиликсиз Ислам шарияты тыйган, андан эскерткен жана аны кылган адамга наалат айткан иштерден. Себеби бул ширкке алып баруучу жолдордон жана пайгамбарлар менен салихтердин даражасын ашыкча көтөрүп жиберүү болуп саналат. Өтмүштүн өзү шарият алып келген нерселердин тууралыгына күбө, анын Аллах Тааладан экенине далил, ошондой эле Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааладан үммөткө жеткирген кабарларынын чындыгына айкын жана кескин далил. Ислам дүйнөсүнүн абалына жана анда мүрзөлөрдүн үстүнө мечиттерди куруу, аларды улуктоо, жасалгалоо жана аларга

кызматчыларды дайындоо себептүү жайылган ширк менен аша чабуучулукка ой жүгүрткөн ар бир адам, мындай иштердин ширкке алып баруучу жолдордон экенин, ошондой эле Ислам шариятынын жакшы жактарынын бири – аларга тыюу салып, аларды куруудан эскертүү экенин анык билет.

Эки шейх – Имам Бухари жана Муслим (Аллах аларга ырайым кылсын) Айшадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَعَنَ اللَّهُ الْيَهُودَ وَالنَّصَارَى، اتَّخَذُوا قُبُورَ أَنْبِيَائِهِمْ مَسَاجِدَ، قالَتْ عَائِشَةُ: يُحَذِّرُ مَا صَنَعُوا، قالَتْ: وَلَوْلَا ذَلِكَ لَأُبْرِزَ قَبْرُهُ، غَيْرَ أَنَّهُ خُشِيَ أَنْ يُتَّخَذَ مَسْجِدًا».

"Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады, алар өздөрүнүн пайгамбарларынын кабырларын мечит кылып алышкан". Айша айтты: "(Пайгамбар) алардын кылгандарынан эскертип айтты. Эгер ошондой болбогондо,

анын кабыры ачык жерге коюлмак. Бирок аны адамдар сыйына турган жер кылып алуу коркунучу туулмак". Эки ишенимдүү хадистер жыйнагында Умму Салама жана Умму Хабиба (аларга Аллах ыраазы болсун) Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Эфиопия жеринде көргөн чиркөө жана анын ичиндеги сүрөттөр тууралуу айтып беришет. Ошондо Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дейт:

«أُولَئِكَ إِذَا مَاتَ فِيهِمُ الرَّجُلُ الصَّالِحُ؛ بَنَوْا عَلَى قَبْرِهِ مَسْجِدًا، وَصَوَّرُوا فِيهِ تِلْكَ الصُّوَرَ، أُولَئِكَ شِرَارُ الْخَلْقِ عِنْدَ اللَّهِ».

«Эгер араларынан ийги иш-амал кылган киши дүйнөдөн өтсө, анын кабырына мечит курушат. Анан ага жанагындай сүрөттөрдү тартышат. Мына ошолор Аллахтын алдындагы эң жаман калайык».

Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Жундуб ибн Абдуллах (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылат: «Ал минтет: «Мен Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын

тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайтыш болордон беш күн мурда минтип айтканын уктум:

«إِنِّي أَبْرَأُ إِلَى اللَّهِ أَنْ يَكُونَ لِي مِنْكُمْ خَلِيلٌ، فَإِنَّ اللَّهَ قَدِ اتَّخَذَنِي خَلِيلًا، كَمَا اتَّخَذَ إِبْرَاهِيمَ خَلِيلًا، وَلَوْ كُنْتُ مُتَّخِذًا مِنْ أُمَّتِي خَلِيلًا، لَاتَّخَذْتُ أَبَا بَكْرٍ خَلِيلًا، أَلَا وَإِنَّ مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ كَانُوا يَتَّخِذُونَ قُبُورَ أَنْبِيَائِهِمْ وَصَالِحِيهِمْ مَسَاجِدَ، أَلَا فَلَا تَتَّخِذُوا الْقُبُورَ مَسَاجِدَ، فَإِنِّي أَنْهَاكُمْ عَنْ ذَلِكَ».

«Аллахтан силердин араңардан кимдир бирөө мага халил болуусунан коргоо сураймын. Чынында, Аллах Ибрахимди (ага Аллахтын тынчтыгы болсун) Өзүнө халил кылып алгандай мени да өзүнө халил кылып алды. Эгерде мен үммөтүмдөн кимдир бирөөнү өзүмө халил кылып ала турган болсом, анда Абу Бакрды халил кылып алмакмын. Силерден алдыңкы коомдор пайгамбарларынын жана солих адамдарынын кабырларын мечит кылып алышпадыбы?! Силер кабырларды мечит кылып албагыла. Мен силерди андай кылуудан тыямын». Бул бөлүмдөгү

хадистер өтө көп.

Төрт мазхабдын жана башка мусулман аалымдарынан болгон имамдар, Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүнө амал кылып, үммөткө насаат айтып жана аларды мурунку өткөн чектен чыккан яхудий, христиандар жана аларга окшогон бул үммөттүн адашкандары түшкөн катага түшүп калуудан эскертип, кабырлардын үстүнө мечит куруудан тыйышкан.

Иорданиядагы Ислам илимдеринин бирикмесине жана башка мусулмандарга Сүннөттү кармоо, имамдардын жолу менен жүрүү, Аллах жана Анын элчиси эскерткен нерселерден сактануу ваажыб. Анткени, ушул иштерде пенделердин оңолуусу, бактылуулугу жана бул дүйнө менен акыреттеги кутулуусу жатат. Бул темада кээ бир адамдар Улуу Аллахтын "Үңкүр ээлери" тууралуу окуядагы сөзүнө таянышкан:

﴿...قَالَ ٱلَّذِينَ غَلَبُواْ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِمۡ لَنَتَّخِذَنَّ عَلَيۡهِم مَّسۡجِدٗا﴾

"... алардын чоңдору: «Булардын (мүрзөсүнүн) үстүнө мечит курабыз» - дешти". (Кахф, 21-аят).

Буга мындай деп жооп берилет: Аллах Таала ошол замандагы башчылар менен бийлик ээлеринин бул сөздү айтканын кабар берген, бирок бул алардын сөзүнө ыраазы болуу жана аны туура деп бекитүү иретинде эмес, тескерисинче, алардын кылган иштерин жамандоо, айыптоо жана андан жийиркендирүү иретинде айтылган. Буга далил: бул аят түшкөн жана анын маанисин эң жакшы билген Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өз үммөтүн кабырлардын үстүнө мечит куруудан тыйган, андан эскерткен. Бул ишти кылган адамга наалат айтып, аны жамандаган.

Эгерде бул иш адал болгондо, анда Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мынчалык катуу эскертип, аны жасаганга каргыш айтып, аны Аллах Тааланын алдындагы эң жаман адамдардан деп кабарламак эмес. Бул

акыйкатты издеген адам үчүн жетиштүү жана ынандырарлык. Эгер биз кабырлардын үстүнө мечит куруу бизден мурункуларга уруксат болгон деп эсептесек да, ал иште аларды ээрчүү бизге уруксат эмес. Анткени биздин шарият мурунку шарияттарды жокко чыгарган. Биздин Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) элчилердин акыркысы, ал эми анын шарияты – толук жана жалпы. Ал бизге кабырлардын үстүнө мечит куруудан тыюу салган. Ошондуктан, ага каршы чыгууга болбойт. Биз ага баш ийип, ал алып келген нерсени бекем карманып, ага карама-каршы келген эски шарияттарды жана аны кылгандар жакшы деп эсептеген адаттарды таштообуз керек. Анткени Аллахтын шариятынан өткөн толук шарият жок жана Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жолунан өткөн жакшы жол жок.

Аллах бизди жана жалпы мусулмандарды Анын дининде бекем

болууга жана Ага жолукканга чейин бардык сөздөрүбүздө, амалдарыбызда, жашыруун жана ашкере иштерибизде Анын элчиси Мухаммаддын, ага Аллахтын тынчтыгы жана саламы болсун, шариятын карманууга насип кылсын. Албетте, Ал Угуучу, Жакын.

Аллахтын кулу жана элчиси Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана Кыямат күнгө чейин анын жолун жолдогондорго Аллахтын салам-салаваты болсун.

***

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Он биринчи китепче: Маркумдарды мечиттин ичине көмүү тууралуу

Аллахтын аты менен, Аллахка алкыш-мактоо болсун. Аллахтын элчисине, анын үй-бүлөсүнө жана анын туура жолун жолдогондорго Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу айтылсын. Андан кийин айтарым:

Мен 1415-хижрий жылдын 4-айынын 17-синде чыккан «Хартум» гезитине көз жүгүрттүм; анда Сейид Мухаммад аль-Хасан аль-Идрисинин Омдурман шаарындагы өздөрүнүн мечитине атасынын жанына жерге берилгендиги тууралуу билдирүү жарыяланыптыр... ж.б.

Аллах мусулмандарга насаат айтууну жана жамандыктан кайтарууну милдет кылгандыгы үчүн, мечиттерге сөөк коюу уруксат берилбеген иш экендигин эскертип кетүүнү туура көрдүм. Тескерисинче, бул ширкке алып баруучу жолдордун бири,

яхудийлердин жана христиандардын амалдарынан. Ал иштери үчүн Аллах аларды айыптап, Анын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга наалат айткан. Сахих алъ-Бухари жана Сахих Муслимде Айша (ага Аллах ыраазы болсун) ривает кылган хадисте Пайгамбар, (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَعَنَ اللَّهُ الْيَهُودَ وَالنَّصَارَى، اتَّخَذُوا قُبُورَ أَنْبِيَائِهِمْ مَسَاجِدَ».

«Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады, (себеби) алар өздөрүнүн пайгамбарларынын мүрзөлөрүн мечит кылып алышкан». Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Жундуб ибн Абдулладан ривает кылат. Ал: «Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан дейт:

«أَلَا وَإِنَّ مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ كَانُوا يَتَّخِذُونَ قُبُورَ أَنْبِيَائِهِمْ وَصَالِحِيهِمْ مَسَاجِدَ، أَلَا فَلَا تَتَّخِذُوا الْقُبُورَ مَسَاجِدَ؛ فَإِنِّي أَنْهَاكُمْ عَنْ ذَلِكَ».

«Эсиңерде болсун, силерден мурункулар өздөрүнүн пайгамбарларынын

жана салихтеринин кабырларын мечит кылып алышкан. Уккула, кабырларды мечит кылып албагыла! Чындыгында, мен силерди андан тыйамын». Бул маанидеги хадистер өтө көп.

Бардык жердеги мусулмандарга, башчыларына да, карапайым элине да, Аллахтан коркуулары, Ал тыюу салган нерселерден сактануулары жана өлүктөрүн мечиттердин сыртына көмүүлөрү важыб. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын сахабалары, ошондой эле аларга жакшылык менен ээрчигендер дагы өлүктөрдү мечиттердин сыртына көмүшкөн сыяктуу.

Ал эми Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын эки сахабасы Абу Бакр менен Умардын кабырларынын пайгамбардын мечитинде болушу - маркумдарды мечиттерге көмүүгө далил боло албайт. Анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өз үйүнө – Айшанын бөлмөсүнө көмүлгөн. Андан

соң анын эки сахабасы да анын жанына көмүлгөн. Кийин Валид ибн Абдулмалик хижранын биринчи кылымынын аягында мечитти кеңейткенде, бөлмө мечиттин ичинде калган. Аалымдар анын бул ишин туура эмес деп эскертишкен, бирок ал муну кеңейтүүгө тоскоолдук кылбайт жана бул маселе ачык-айкын, күмөнсүз деп эсептеген.

Ушуну менен ар бир мусулманга төмөнкүлөр айкын болот: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын эки сахабасы мечитке көмүлгөн эмес. Ал эми кеңейтүүнүн себебинен алардын кабырларынын мечитке кирип калуусу мечиттерге көмүүгө уруксат экендигине далил боло албайт. Анткени алар мечиттин ичинде эмес, тескерисинче, алар пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйүндө көмүлгөн. Ошондой эле аль-Валиддин кылган иши бул маселеде эч кимге далил боло албайт. Чындыгында, далил Куран жана Сүннөттө жана үммөттүн

абалкыларынын ижмасында (бир добуштан макулдугунда) гана болот. Аллах алардан ыраазы болсун, жана бизди жакшылыкта алардын жолун жолдоочулардан кылсын.

Насаат жана жоопкерчиликти өтөө үчүн жазылды: 14/5/1415-х.

Аллах ийгилик Ээси. Пайгамбарыбыз Мухаммадга анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана алардын жолун жакшылык менен жолдоочуларга Аллахтын тынчтыгы жана саламы болсун.

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Он экинчи китепче:

Кимдир бирөөнү Мухаммад пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шариятынан чыгууга уруксат деп эсептеген адамдын каапырлыгы жана адашуусунун баяны

Ааламдардын Раббисине алкыш-мактоолор болсун! Пайгамбарлардын жана элчилердин мөөрү, пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө жана бардык сахабаларына Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Андан кийин айтарым: Мен «Аш-Шарк аль-Авсат» гезитинин 1415-хижрий жылдын 6-айынын 5-күнүндөгү (5824) санында жарык көргөн, өзүн Абдул-Фаттах аль-Хаик деп атаган адам жазган «Туура эмес түшүнүк» аттуу макала менен

тааныштым.

Сөздүн ток этери: ал Ислам дининде баарына белгилүү болгон, Куран-Сүннөт далилдери жана ижмаъ менен бекемделген нерсени, тактап айтканда, Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгы бардык адамдарга жалпы экендигин четке каккан. Ошондой эле, ким Мухаммадды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчибесе жана ага баш ийбесе, тескерисинче яхудий же христиан бойдон калса, ал туура динде деп доомат кылды. Андан соң ааламдардын Раббиси, Аллах Тааланын, каапырлар менен күнөөкөрлөрдү азаптоодогу даанышмандыгына тил тийгизип, муну куру бекер, маанисиз иш деп эсептеди.

Ал шарият тексттерин бурмалап, аларды орунсуз жерлерге колдонуп, өз каалоосуна жараша чечмелеген. Ошондой эле, наадандар анын сөзүнө алданышы үчүн, Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) элчилигинин

жалпыга тиешелүү экенин, ал жөнүндө угуп туруп ээрчибеген адамдын каапыр болорун, Аллах Исламдан башка динди кабыл кылбастыгын жана ушул сыяктуу башка нерселерди көрсөткөн анык, так шарият далилдеринен жана тексттеринен жүз бурган. Анын бул кылган иши макаланы окуган илим жана ыйман ээлери билип тургандай, ачык-айкын каапырлык, Исламдан чыгуу, Аллах Тааланы жана Анын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жалганга чыгаруу болуп саналат.

Башкаруучуга аны тообо кылдыруу жана таза шарияттын талабына ылайык өкүм чыгаруу үчүн сотко өткөрүп берүү важыб.

Аллах Таала Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгы жалпы экендигин жана аны ээрчүү инсан менен жиндин баарына важыб экендигин баяндаган. Муну илимден эң аз үлүшү бар мусулман да билет.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنِّي رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيۡكُمۡ جَمِيعًا ٱلَّذِي لَهُۥ مُلۡكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۖ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ يُحۡيِۦ وَيُمِيتُۖ فَـَٔامِنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِ ٱلنَّبِيِّ ٱلۡأُمِّيِّ ٱلَّذِي يُؤۡمِنُ بِٱللَّهِ وَكَلِمَٰتِهِۦ وَٱتَّبِعُوهُ لَعَلَّكُمۡ تَهۡتَدُونَ ١٥٨﴾

"Айт: “О, адамдар! Мен силердин баарыңарга жиберилген Аллахтын элчиси боломун! (Аллах) ушундай: Асмандар жана жер мүлкү Аныкы. Андан башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал өлтүрөт жана тирилтет. Эми, Аллахка жана Анын эч кимден сабак албаган, элчи пайгамбарына ыйман келтиргиле! Ал пайгамбар (дагы) Аллахка, Анын сөздөрүнө ыйман келтирет. Туура жолго түшүүгө үмүтүңөр болсо, ошону гана ээрчигиле". (Аараф, 158-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَأُوحِيَ إِلَيَّ هَٰذَا ٱلۡقُرۡءَانُ لِأُنذِرَكُم بِهِۦ وَمَنۢ بَلَغَۚ...﴾

"... мага бул Куран аян-кабар түрүндө берилди, силерди жана ал (Куран)

жеткен бардык адамдарды эскертүүм үчүн...". (Анаам, 19-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿قُلْ إِن كُنتُمْ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِى يُحْبِبْكُمُ ٱللَّهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ ۗ وَٱللَّهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ ﴿٣١﴾﴾

"Айт: "Эгер Аллахты сүйчү болсоңор, анда мени ээрчигиле. (Ошондо гана) Аллах силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү". (Аали Имран, 31-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَن يَبْتَغِ غَيْرَ ٱلْإِسْلَٰمِ دِينًا فَلَن يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِى ٱلْءَاخِرَةِ مِنَ ٱلْخَٰسِرِينَ ﴿٨٥﴾﴾

«Ким Исламдан башка динди кааласа, андан (ибадаттары) кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот». (Аали Имран, 85-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَآ أَرْسَلْنَٰكَ إِلَّا كَآفَّةً لِّلنَّاسِ بَشِيرًا وَنَذِيرًا...﴾

"Биз сени (бейиштен) сүйүнчү кабар

берүүчү жана (тозоктон) эскертүүчү кылып, жалпы инсаниятты бардыгына жибердик...". (Саба, 28-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا رَحۡمَةٗ لِّلۡعَٰلَمِينَ ١٠٧﴾

"(О Мухаммад!) Биз сени ааламдарга ырайым (болушуң) үчүн жибердик". (Анбия, 107-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَقُل لِّلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ وَٱلۡأُمِّيِّـۧنَ ءَأَسۡلَمۡتُمۡۚ فَإِنۡ أَسۡلَمُواْ فَقَدِ ٱهۡتَدَواْۖ وَّإِن تَوَلَّوۡاْ فَإِنَّمَا عَلَيۡكَ ٱلۡبَلَٰغُۗ وَٱللَّهُ بَصِيرُۢ بِٱلۡعِبَادِ﴾

"... жана китеп берилген адамдар менен сабатсыздарга: "Силер (дагы) моюн сундуңарбы?" дегин. Эгер (Исламды кабыл алып) моюн сунушса, анда туура жолду табышты. Эгер жүз бурушса, сенин мойнуңда (чындыкты) жеткирүү гана бар. Аллах пенделерди Көрүүчү". (Аалу Имран, 20-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿تَبَارَكَ ٱلَّذِي نَزَّلَ ٱلۡفُرۡقَانَ عَلَىٰ عَبۡدِهِۦ لِيَكُونَ لِلۡعَٰلَمِينَ

نَذِيرًا ﴿١﴾

"Ааламдарга (инсан жана жин ааламына) эскертүүчү болсун деп, пендесине (Мухаммадга, чындык менен жалганды) Ажыратуучуну (Куранды) түшүргөн Аллах Улук-Берекеттүү!"

(Фуркан, 1-аят).

Имам Бухари жана Муслим Жабирден (ага Аллах ыраазы болсун) ривият кылышат, анда Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«أُعْطِيتُ خَمْسًا لَمْ يُعْطَهُنَّ أَحَدٌ قَبْلِي: نُصِرْتُ بِالرُّعْبِ مَسِيرَةَ شَهْرٍ، وَجُعِلَتْ لِيَ الْأَرْضُ مَسْجِدًا وَطَهُورًا، فَأَيُّمَا رَجُلٍ مِنْ أُمَّتِي أَدْرَكَتْهُ الصَّلَاةُ، فَلْيُصَلِّ، وَأُحِلَّتْ لِيَ الْمَغَانِمُ، وَلَمْ تُحَلَّ لِأَحَدٍ قَبْلِي، وَأُعْطِيتُ الشَّفَاعَةَ، وَكَانَ النَّبِيُّ يُبْعَثُ إِلَى قَوْمِهِ خَاصَّةً، وَبُعِثْتُ إِلَى النَّاسِ عَامَّةً».

"Мага менден мурдагы пайгамбарларга берилбеген беш нерсе берилди: бир айлык аралыктан душмандарымдын жүргүндөгү коркунуч аркылуу жеңиш берилди. Жер бетинин баары мага намаз окуганга

жарактуу жана тазаланганга жарактуу болду. Үммөтүмдөн ким кайсы жерде болсо, ошол жерде намазын окуй берсин. Мага олжо адал болду. Мага чейин эч кимге олжо адал эмес эле. Мага шапаат кылуу артыкчылыгы берилди. Мага чейинки пайгамбарлар өзүнүн гана элине жиберилсе, мен жалпы адам баласына жиберилдим".

Бул Пайгамбарыбыз Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгы бүткүл адамзатка жалпы тиешелүү экендигинин, анын шарияты мурунку бардык шарияттардын күчүн жоготкондугунун, ошондой эле ким аны ээрчибей, ага баш ийбесе, ал каапыр жана күнөөкөр болуп, Аллахтын азабына татыктуу болоорунун ачык-айкын баяны. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَمَن يَكۡفُرۡ بِهِۦ مِنَ ٱلۡأَحۡزَابِ فَٱلنَّارُ مَوۡعِدُهُۥ...﴾

"Ар түрдүү тайпалардан ким буга каапыр болсо ага убада кылынган жер – тозок". (Худ, 17-аят). Аллах Таала мындай

деген:

﴿...فَلۡيَحۡذَرِ ٱلَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنۡ أَمۡرِهِۦٓ أَن تُصِيبَهُمۡ فِتۡنَةٌ أَوۡ يُصِيبَهُمۡ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

"... Пайгамбардын буйругуна каршы иш жасагандар баштарына балээ же жан ооруткан азап түшүп калуусунан абайлашсын!" (Нур, 63-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَمَن يَعۡصِ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَيَتَعَدَّ حُدُودَهُۥ يُدۡخِلۡهُ نَارًا خَٰلِدٗا فِيهَا وَلَهُۥ عَذَابٞ مُّهِينٞ ١٤﴾

"Ал эми, ким Аллахка жана пайгамбарына (каапыр болуу менен толук) күнөө кылса жана Аллахтын чектеринен чыкса, аны түбөлүк кала турган тозокко киргизет. Ага кор кылуучу азап бар". (Ниса, 14-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَمَن يَتَبَدَّلِ ٱلۡكُفۡرَ بِٱلۡإِيمَٰنِ فَقَدۡ ضَلَّ سَوَآءَ ٱلسَّبِيلِ﴾

"... ким ыйманды каапырчылыкка алмаштырса, туура жолдон адашканы

ошол". (Бакара, 108-аят). Бул маанидеги аяттар өтө көп.

Аллах таала Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) баш ийүүнү Өзүнө баш ийүү менен байланыштырып, ким Исламдан башка динди тутса, анын зыян тартаарын жана андан эч нерсе кабыл кылынбастыгын баяндап, мындай деди:

﴿وَمَنْ يَبْتَغِ غَيْرَ الْإِسْلَامِ دِينًا فَلَنْ يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِي الْآخِرَةِ مِنَ الْخَاسِرِينَ ﴿٨٥﴾﴾

«Ким Исламдан башка динди кааласа, андан (ибадаттары) кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот». (Аали Имран, 85-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿مَنْ يُطِعِ الرَّسُولَ فَقَدْ أَطَاعَ اللَّهَ...﴾

"Ким пайгамбарга моюн сунса, демек Аллахка моюн сунуптур". (Ниса, 80-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿قُلْ أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ فَإِنْ تَوَلَّوْا فَإِنَّمَا عَلَيْهِ مَا حُمِّلَ

وَعَلَيْكُمْ مَا حُمِّلْتُمْ وَإِنْ تُطِيعُوهُ تَهْتَدُوا...﴾

"(О пайгамбар, адамдарга) айткын: «Аллахка моюн сунгула жана пайгамбарга моюн сунгула! Эгер жүз үйүрсөңөр, пайгамбарга өз милдети, силерге өз милдетиңер. Эгер ага моюн сунсаңар анда, туура жолго түшөсүңөр". (Нур, 54-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿إِنَّ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ وَالْمُشْرِكِينَ فِي نَارِ جَهَنَّمَ خَالِدِينَ فِيهَا أُولَئِكَ هُمْ شَرُّ الْبَرِيَّةِ ۝٦﴾

"Китеп элдери жана мушриктерден болгон каапырлар тозок отунун ичинде! Ал жерде түбөлүк калышат! Алар (чындыкты билип туруп жүз бургану себептүү) жаратылгандардын эң жаманы!" (Байййина, 6-аят).

Имам Муслим "Сахих" китебинде риваят кылат, анда Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لَا يَسْمَعُ بِي أَحَدٌ مِنْ هَذِهِ الْأُمَّةِ، يَهُودِيٌّ وَلَا

نَصْرَانِيٌّ، ثُمَّ يَمُوتُ وَلَمْ يُؤْمِنْ بِالَّذِي أُرْسِلْتُ بِهِ؛ إِلَّا كَانَ مِنْ أَهْلِ النَّارِ».

«Жаным колунда турган Аллахка ант болсун, яхуди болобу, христиан болобу, бул үммөттөн ким мен жөнүндө угуп, кийин мен жиберилген нерсеге ыйман келтирбей өлүп кетсе, ал тозок тургундарынан болот».

Аллахтын Элчиси (ага Алахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сөзү жана амалы менен Ислам динине кирбегендердин дини жараксыз экенин баяндаган. Ал башка каапырлар менен согушкандай эле, жөөттөр жана христиандар менен да согушкан. Алардын калгандарына дааваттын жетишине тоскоол болбошу үчүн жана каалагандары өз коомунун тосуп коюусунан, тыюу салуусунан же өлтүрүп коюусунан коркпостон Исламга кириши үчүн, алардын ичинен салык төлөгөндөрүнөн салык алган.

Бухари менен Муслим риваят кылган хадисте Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) мындай деп айтат: Биз мечитте отурган кезде, Аллахтын элчиси (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чыгып, мындай деди:

«انْطَلِقُوا إِلَى يَهُودَ، فَخَرَجْنَا مَعَهُ حَتَّى جِئْنَا بَيْتَ الْمِدْرَاسِ، فَقَامَ النَّبِيُّ ﷺ، فَنَادَاهُمْ فَقَالَ :يَا مَعْشَرَ يَهُودَ، أَسْلِمُوا تَسْلَمُوا، فَقَالُوا: قَدْ بَلَّغْتَ يَا أَبَا الْقَاسِمِ، فَقَالَ لَهُمْ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: ذَلِكَ أُرِيدُ، أَسْلِمُوا تَسْلَمُوا، فَقَالُوا: قَدْ بَلَّغْتَ يَا أَبَا الْقَاسِمِ، فَقَالَ لَهُمْ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: ذَلِكَ أُرِيدُ، ثُمَّ قَالَهَا الثَّالِثَةَ...».

«Жөөттөргө жөнөгүлө». Биз аны менен бирге чыгып, илим үйүнө (Бейт аль-Мидраска) келдик. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ордунан туруп, аларга кайрылып: «Эй жөөттөр жамааты! Мусулман болгула, аман каласыңар» - деди. Алар: «Сен (айта тургандыңды) жеткирдиң, эй, Абу Касым» - дешти. Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга: «Мен ошону каалайм. Мусулман болгула, аман каласыңар» - деди. Алар: «Сен (айта тургандыңды) жеткирдиң, эй, Абу Касым» - дешти. Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга:

«Мен ошону каалайм» - деп, үчүнчү жолу мурдагы сөзүн кайталады ...» Хадис

Кыскасы, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жөөттөрдүн медресесине барып, аларды Исламга чакырган. Анан аларга: «Исламды кабыл алгыла, амандыкта болосуңар», – деп, бир канча жолу кайталап айткан.

Ошондой эле, ал Ираклийге кат жөнөтүп, аны Исламга чакырган жана эгер ал баш тартса, анда анын айынан Исламды кабыл албагандардын күнөөсү да ага болорун кабарлаган. Бухари жана Муслим «Сахих» жыйнактарында риваят кылышкандай, Ираклий Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) катын алдырып окуганда, анда мындай деп жазылган эле:

«بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ، مِنْ مُحَمَّدٍ رَسُولِ اللَّهِ إِلَى هِرَقْلَ عَظِيمِ الرُّومِ، سَلَامٌ عَلَى مَنِ اتَّبَعَ الْهُدَى، أَمَّا بَعْدُ: فَإِنِّي أَدْعُوكَ بِدِعَايَةِ الْإِسْلَامِ، أَسْلِمْ تَسْلَمْ، وَأَسْلِمْ يُؤْتِكَ اللَّهُ أَجْرَكَ مَرَّتَيْنِ، فَإِنْ تَوَلَّيْتَ، فَإِنَّ عَلَيْكَ إِثْمَ الْأَرِيسِيِّينَ وَ

«Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллахтын аты менен. Аллахтын элчиси Мухаммаддан Румдун улугу Ираклийге. Туура жолду ээрчигендерге салам болсун! Андан соң: Мен сени Исламга чакырамын. Исламды кабыл ал, аман каласың. Исламды кабыл ал, Аллах сага сообуңду эки эсе кылып берет. Эгер жүз бурсаң, анда сенин мойнуңда дыйкандардын күнөөсү болот жана

﴿يَٰٓأَهۡلَ ٱلۡكِتَٰبِ تَعَالَوۡاْ إِلَىٰ كَلِمَةٖ سَوَآءِۭ بَيۡنَنَا وَبَيۡنَكُمۡ أَلَّا نَعۡبُدَ إِلَّا ٱللَّهَ وَلَا نُشۡرِكَ بِهِۦ شَيۡـٔٗا وَلَا يَتَّخِذَ بَعۡضُنَا بَعۡضًا أَرۡبَابٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِۚ فَإِن تَوَلَّوۡاْ فَقُولُواْ ٱشۡهَدُواْ بِأَنَّا مُسۡلِمُونَ ٦٤﴾

"О китеп ээлери! Биз менен силердин араңарда окшош болгон сөзгө келгиле. (Ал сөз төмөндөгүчө:) “Аллахтан башкага ибадат-кулчулук кылбайлы, Ага эч нерсени шерик келтирбейли жана Аллахты таштап, кээ бирөөлөрүбүз башка бирөөлөрүбүздү Рабби-Кудай кылып албасын!” Эгер жүз бурушса, айткыла: “Күбө болгула, Биз –

мусулмандарбыз”. (Аали Имран, 64-аят).

Андан кийин алар Исламды кабыл алуудан баш тартканда, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын сахабалары (аларга Аллах ыраазы болсун) алар менен согушуп, аларга салык салган.

Алардын адашканын жана Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дини менен жокко чыгарылгандан кийин жалган динде экендигин ырастоо үчүн, Аллах мусулманга ар бир күнү, ар бир намазда жана ар бир ирекетте Өзүнөн туура жана кабыл алынган түз жолго баштоосун суроону буйруган. Ал жол – Ислам дини. Каарына калгандардын жолунан сактоосун суроого буйруган. Каарыңа калгандар дегени – өздөрүнүн жалган жолдо экенин билип туруп, андан баш тартпаган жөөттөр жана аларга окшогондор. Ошондой эле, илимсиз ибадат кылып, өздөрүн туура жолдобуз деп эсептеген, бирок өздөрү адашуу жолунда болгон адашкандардын

жолунан сактоону суранууга буйруган. Алар – христиандар жана аларга окшоп, адашуучулук жана наадандык менен ибадат кылган башка үммөттөр. Мунун баары мусулман адам Исламдан башка бардык диндин жалган экенин жана Исламдан башка дин менен Аллахка ибадат кылган ар бир кишинин адашканын шек-күмөнсүз билүүсү үчүн. Кимде-ким буга ишенбесе, ал мусулмандардан эмес. Бул темада Куран жана сүннөттө далилдер өтө көп.

Ошондуктан, макаланын ээси Абдул-Фаттах чын ыкластуу тообо кылууга шашылып, тообо кылганын жарыялаган макала жазуусу керек. Ким Аллахка чын жүрөктөн тообо кылса, Аллах анын тообосун кабыл кылат. Анткени Аллах Таала айткан:

﴿...وَتُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ جَمِيعًا أَيُّهَ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ لَعَلَّكُمۡ تُفۡلِحُونَ﴾

"О ыймандуулар! Баарыңар Аллахка тообо кылгыла, ажеп эмес жеңишке (бейишке) жетсеңер!" (Нур, 31-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَٱلَّذِينَ لَا يَدۡعُونَ مَعَ ٱللَّهِ إِلَٰهًا ءَاخَرَ وَلَا يَقۡتُلُونَ ٱلنَّفۡسَ ٱلَّتِي حَرَّمَ ٱللَّهُ إِلَّا بِٱلۡحَقِّ وَلَا يَزۡنُونَۚ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ يَلۡقَ أَثَامٗا ٦٨ يُضَٰعَفۡ لَهُ ٱلۡعَذَابُ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ وَيَخۡلُدۡ فِيهِۦ مُهَانًا ٦٩ إِلَّا مَن تَابَ وَءَامَنَ وَعَمِلَ عَمَلٗا صَٰلِحٗا فَأُوْلَٰٓئِكَ يُبَدِّلُ ٱللَّهُ سَيِّـَٔاتِهِمۡ حَسَنَٰتٖۗ وَكَانَ ٱللَّهُ غَفُورٗا رَّحِيمٗا ٧٠﴾

"Алар Аллахтан башка «кудайларга» дуба кылышпайт, Аллах өлтүрүүгө тыюу салган жанды укуксуз (шарияттын талаптарысыз) өлтүрүшпөйт. Акысы (өчү) бар болгондо гана (өлтүрүүсү адал болот). Алар зына-бузукулукка барышпайт. Кимде-ким ушуларды жасаса (айрыкча Аллахтан башкага дуба (ширк) кылса) жазага жолугат".

"Ага кыямат күнү (тозокто жогорудагы күнөөлөрдүн баарын же ширк күнөөсүн кылган кишиге) азаптар кайра-кайра кайталанып берилет жана кордолгон абалда ал жерде түбөлүк калат".

"Ал эми, тообо кылып, ыйман

келтирип, жакшы (сооп) амал кылган адамдар болсо..., Аллах алардын жаман иштерин жакшыга алмаштырат. Аллах-Кечиримдүү, Ырайымдуу". (Фуркан, 68-70-аяттар). Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«الإِسْلَامُ يَهْدِمُ مَا كَانَ قَبْلَهُ، وَالتَّوبَةُ تَهْدِمُ مَا كَانَ قَبْلَهَا».

"Ислам өзүнөн мурунку күнөөлөрдү жок кылат, тообо да өзүнөн мурунку күнөөлөрдү жууйт". Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы мындай деген:

«التَّائِبُ مِنَ الذَّنْبِ كَمَنْ لَا ذَنْبَ لَهُ».

«Күнөөсүнө тообо кылган адам – күнөөсү жок адам сыяктуу».

Бул маанидеги аяттар жана хадистер өтө көп.

Аллах Тааладан бизге акыйкатты акыйкат кылып көрсөтүп, аны ээрчүүгө насип кылуусун, туура эмести туура эмес көрсөтүп, андан сактанууга насип кылуусун, бизге да, жазуучу Абдул-

Фаттахка да жана бардык мусулмандарга чын ыкластуу тообаны насип кылуусун жана баарыбызды адаштыруучу фитналардан, напсиге жана шайтанга баш ийүүдөн сактоосун сурайм. Ал ошонун Ээси жана ага Кудуреттүү.

Пайгамбарыбыз Мухаммадга, үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана кыяматка чейин алардын жолунан ээрчиген мусулмандарга Аллах Өз ырайым-ырахматын жаадырсын.

❋❋❋

Мазмуну

Биринчи китепче 2

Туура акыйда жана ага каршы келген пикирлер.....2

Биринчи негиз: Аллах Таалага ыйман келтирүү 8

Экинчи негиз: периштелерге ыйман келтирүү. 29

Үчүнчү негиз: Китептерге ыйман келтирүү. Бул да эки нерсени өз ичине камтыйт:..... 31

Төртүнчү негиз: Элчилерге ыйман келтирүү..... 35

Бешинчи негиз: Акырет күнүнө ыйман келтирүү 37

Алтынчы негиз: Тагдырга ыйман келтирүү..... 38

Туура акыйдага каршы келген пикирлер:..... 47

Экинчи китепче: Пайгамбардан жардам суроонун өкүмү. 59

Үчүнчү китепче 86

Жиндерден жана шайтандардан жардам суроонун жана аларга назир кылуунун өкүмү 86

Төртүнчү китепче:..... 119

Бидаат жана ширк мүнөзүндөгү зикир-дубалар (авраддар) менен ибадат кылуунун өкүмү. 119

Бешинчи китепче:.....157

Пайгамбардын мавлидин жана башка мавлиддерди майрамдоонун өкүмү 157

Алтынчы ките: 174

Исра жана Мираж кечесин тосуунун өкүмү 174

Жетинчи китепче:.....185

Шаабан айынын жарымындагы кечени тосуунун өкүмү 185

Сегизинчи китепче: 207

(Шейх Ахмадга) тиешелүү деп айтылган осуяттын жалгандыгы жөнүндө маанилүү эскертүү. 207

Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйык мечитинин кызматчысы Шейх Ахмадга... 207

Тогузунчу китепче: Сыйкырчылыктын, көзү ачыктыктын жана аларга тиешелүү маселелердин өкүмү 231

Онунчу китепче: Кабырлардын үстүнө мечит курууудан эскертүү 256

Он биринчи китепче: Маркумдарды мечиттин ичине көмүү тууралуу 265

Он экинчи китепче: Кимдир бирөөнү Мухаммад пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шариятынан чыгууга уруксат деп эсептеген

адамдын каапырлыгы жана адашуусунун баяны. 270

❋❋❋

ky397v4.0 - 17/11/2026

رئاسة الشؤون الدينية بالمسجد الحرام والمسجد النبوي

رسالة الحرمين

Эки "Харам" мечитинин билдирүүсү

Харам мечити менен "Набави" мечитине зыярат кылуучулар үчүн түрдүү тилдердеги шарияттык нускамалар